всех положительных качеств в детях передается от матерей; определение единых целей воспитания и тесное сотрудничество; развитие педагогической культуры родителей.; в семье у детей есть способность чувствовать, воспринимать, думать, запоминать и т. д. учить простейшему способу, методу формирования качеств, необходимых для познания, получения знаний; содействовать подготовке первичной школы-матери в семье для детей, приходящих в школу, путем подготовки матери - воспитателя, матери-педагога, знающего основы простейшей педагогической информации.

В настоящее время эти эксперименты в более 15 книгах Гапыра Мадаминова под разными названиями становятся достоянием школ всей Республики. Специальное решение было принято Министерством образования по распространению опыта Г. Мадаминова по всей Республике.

**Ключевые слова:** школа матерей, культура интеллектуального труда, экспериментальная гимназия, передовой опыт

## SUMMARY

## ANALYSIS OF EXPERIENCES ON THE DEVELOPMENT OF PEDAGOGICAL COMPETENCE OF MOTHERS IMPLEMENTED IN SCHOOLS ON THE BASIS OF THE VIEWS OF GAPIR MADAMINOV

The object of our study is the innovative pedagogical experiments of G. Madaminov, the subject - on the basis of the concept of Madaminov, the practices of the development of the pedagogical competence of mothers in schools have been created. The main goal of the dissertation is to analyze the concept of the school of mothers Gapir Madaminov and its influence on the development of the practice of developing the pedagogical competence of mothers in schools. G. Madaminov began his pedagogical activity in the late 80s of the last century as an ordinary teacher of history and worked as the head of the educational part of the school in which he studied. The teacher, who adhered to new views on teaching, could not agree with the traditions of the administrative team of pedagogy of that time at school.

A young teacher, adhering to the humane traditions of teaching and raising children, founded an experimental gymnasium in the village of Zhashtyk, Batken region on the border with Tajikistan.

The innovative approach to the educational process of the gymnasium made it possible to introduce the technology of "culture of mental labor" to achieve the success of students. As a result, students of the gymnasium occupied a leading position in subject olympiads and entering prestigious universities of the republic and far abroad. Thanks to these results, G. Madaminov was recognized as an innovative pedagogical leader, and the gymnasium No. 3-novo experimental gymnasium.

Madaminov's innovative activity is based on the experience of developing the pedagogical competence of mothers in schools based on his concept. His ultimate goals were: awakening of interest, responsibility among mothers, especially young mothers, to raise children; promoting mothers in rural areas in the preparation of children for school in the family, taking into account the fact that most of all positive qualities in children are transmitted from mothers; definition of unified objectives of education and close cooperation; development of the pedagogical culture of parents.; In the family, children have the ability to feel, perceive, think, memorize, etc. to teach a simple way, the method of forming the qualities necessary for cognition, obtaining knowledge; To promote the

preparation of the primary mother school in the family for children who come to the school by preparing a mother-teacher, mother-pedagogue, who knows the basis of the simplest pedagogical information.

Currently, these experiments in more than 15 books by G. Madaminov, under different names, become the property of schools of the whole republic. A special decision was made by the Ministry of Education of the Experience of G. Madaminov throughout the republic.

**Key words:** School of mothers, culture of intellectual labor, experimental gymnasium, advanced experience

# КИРИШҮҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Балдарды тарбиялоонун натыйжалуулугу ата-энелердин кишилик касиеттери менен таалим тарбия ишмердүүлүгүнүн жугумдуулугунан көз каранды экендиги абалтан келе жаткан акыйкат. Салттык турмушта ата-энелер да өз өмүрүнүн түпкү натыйжасын тиричилигин өз алдынча өткөрүүгө жарамдуу, коом алдындагы парыздарын кынтыксыз аткарган парасаттуу муунду жетилдирүүдөн көргөн. Нарктуу үй-бүлө түшүнүгүнүн маани-маңызы да балдарды тарбиялоо ишинин натыйжалары менен бааланып өлчөнөт. Ч.Айтматов таамай белгилегендей «... адамдын башкаларга кылаар эң чоң жакшылыгы эле үйүнөн Адам болоор балдарды тарбиялап өстүрүү...» «Балдардын эң биринчи жана эң таасирдүү мугалимдери - ата-энелер» (Томас Гордон) - экендиги педагогикалык аксиома. Тарыхта бардык улуу педагогдор карапайым элдин тарбиялык нускалары менен тажрыйбаларын илимге, ал эми мектептеги билим берүү ишин ата энелерге жакындаштыруунунун жолдорун издеп, алгачкы тажрыйба жаратууга жетишкен. Андай тажрыйбанын үлгүсү катары, щвейцариялык педагог агартуучу И.Г Песталоцинин катардагы карапайым эненин, өз баласына өзү, баштапкы элементардык билим берүүсүнө ылайыкташтырылган «Энелер үчүн китеп» деп аталган колдонмону көрсөтүүгө болот. Тилекке каршы соңку кылымдардагы социалдык өзгөрүүлөрдөн улам ата-энелер өзүнүн табийгый тарбиялык функциясын толук аткаруудан четтеп бара жактан фактылар көбүрөөк кездешип келе жатат. Мындай көрүнүшкө ата энелердин тарбиялоо ишине каалоо, ыкластарынын басаңдашы эмес, көбүнесе бүгүнкү ашкан татаал шарттарга ылайык билим жана тажрыйбаларынын жетишсиздиги себеп болууда.

Ошону менен бирдикте мектепте ата-энелердин педагогикалык маданиятын кантип өркүндөтүү зарыл? -деген суроого илим тарабынан жетишээрлик жооп бериле элек. Ал эми практикада бул суроонун жообун издеп жолун чаап тажрыйба жаратып, илимий жактан жалпылап жалпыга жайылтып келе жаткан жигердүү чыгаан педагог Гапыр Мадаминов.

«Алдынкы тажрыйба» дегенде окуу тарбия процессин өркүндөтүүгө багытталган иштин жаңы же өркүндөтүлгөн методдорун жана ыкмаларын, иштин формаларын,

прогрессивдүү инновацияларды, жогорку натыйжаларды берген жана заманбап талаптарга жооп берген рационализатордук демилгелерди түшүнүү керек. Гапыр Мадаминовдун педагогикалык тажрыйбасы дал ушундай белгилерге ээ баалуулукка айланып калганы Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлиги менен бирдикте жети областттын мектептеринин демилгелүү педагогдору тарабынан колго алынган иштерди көрсөтүүгө болот. Алсак, бул ишти мамлекеттик деңгээлде уюштуруу максатында 2022-жылдын 1-октябрынан баштап Кыргызстандын пилоттук мектепке чейинки билим берүү жана жалпы билим берүү уюмдарында “Ата-энелер мектеби” программасы этап-этабы менен киргизилген.[10]

Бүгүнкү күнү Гапыр Мадаминовдун энелер мектебине байланыштуу новатордук тажрыйбалары бүткүл Кыргызстандын бардык мектептеринде кызыгууну жаратып, өз иштеринде колдонуу өркүндөтүүнү колго алгандардын саны арбып барат. Бул тажрыйбанын таркалышында Гапыр Мадаминовдун өзүнүн активдүү граждандык педагогдук позициясы да өзгөчө сөз кылууга арзыйт. Басма сөз беттеринде, интернет айдыңында “Гапыр Мадаминов Нарында”, “Гапыр Мадаминов Жалал-Абадда”, “Гапыр Мадаминов ОшМУда”, “Гапыр Мадаминов бала бакчада” деген сыяктуу маалыматтар байма бай жарыяланып келет. Кыргыз мугалимдери Гапыр Мадаминовдун алыскы айылдык мектепте ата–энелер, окуучулар бирдикте жетишкен педагогикалык табылга, тажрыйбаларын балдарды окутуу тарбиялоонун эң оптималдуу багыты катары эбак таанышкан. Анын калеминен жаралган ар бир китеп эгемендүүлүк доорунан бери кыргыз мектептерине кеңири таанылып, таркап, активдүү колдонулган эмгектердин сабында турат.

Гапыр Мадаминовдун “Энелер мектебин” уюштуруу багытындагы тажрыйбалары педагог изилдөөчүлөр тарабынан да жогору бааланган. Кыргыз педагогикасынын корифейи И. Бекбоев педагогикалык билимди жандуу педагогикалык процесстин өзү менен туташ биримдикте жараткан жаңычыл новатор педагог” - деп баалаган.[11] А.Алимбеков “Гапыр Мадаминов атуулдук, коомдук активдүүлүгү жогору, сынчыл педагогикалык интуициясы, аналитикалык ойлом маданияты күчтүү инсан катары бүгүнкү кыргыз мектептери туш болгон көйгөйлөрдү башкалардан

[10] Google. Акыркы жаңылоо 20 май 2023. http://kg.kabar.kg/news/bilim-ber-ministrligi-ata-eneler-mektebi-programmasyn-ishke-kirgizet/

[11] Исак Бекобоев, “Билим берүүнүн улуттук программасын ишке ашыруудагы саамалык” *Кыргыз билим берүү институту,* (Апрель 1995)

баштараак баамдап алардан чыгуунун жообун издеп, жолун чабуудан чарчабаган кызылдай мээнеткеч, чыныгы лидер педагог" –деп жазган.[12] Гапыр Мадаминовдун педагогикалык тажрыйбасы тууралуу пикирлер окумуштуу педагогдор Э.Мамбетакунов, С.Рысбаев, А.Токтомамбетовдор тарабынан да айтылган. Бул багыттагы азыркы илимий адабияттар арасында Б.Абдулхамидованын «Билимге жолундагы өмүр" аттуу китеби өзгөчө мааниге ээ. Теманын изилдениш абалына жүргүзүлгөн анализдин натыйжасы Гапыр Мадаминовдун педагогикалык тажрыйбасына байланыштуу фактыларды үйрөнүү төмөнкүдөй карама-каршылыктарды бөлүп көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк берди:

- Гапыр Мадаминовдун педагогикалык тажрыйбасы Кыргызстандын билим берүүнү өркүндөтүүгө реалдуу таасири бар, бирок ал маселелерди жетиштүү деңгээлде чагылдырган эмгектер жок;

- бүгүнкү мугалимдер тарабынан Гапыр Мадаминовдун "Энелер мектебин" уюштурууга байланыштуу концепциясын үйрөнүүгө муктаждык бар, бирок анын концепциясына негизделген көп кырдуу тажрыйбасын ырааттуу изилдөө иши колго алына элек;

- бүгүн көпчүлүк мектептер Гапыр Мадаминовдун "Энелер мектебине" байланыштуу тажрыйбаларын үлгүсүндө иштеп жатышат, бирок алардын таасири кайтарымдуулугу илимий жактан талдоого алына элек.

Теманы тандоо ушул жүйөөлүү жагдайларга негизделип анын проблемасы "*Гапыр Мадаминовдун энелер мектеби концепциясын жана анын мектептерде энелердин педагогикалык компетенттүүлүгүн өнүктүрүү боюнча тажрыйбалардын өнүгүшүнө кандай таасир тийгизип жатат?"* – деп таризделди.

Белгиленген проблема *"Гапыр Мадаминовдун концепциясынын негизинде мектептерде энелердин педагогикалык компетенттүүлүгүн өнүктүрүү тажрыйбаларын анализдөө"* - аттуу темада илимий изилдөө жүргүзүүгө түрткү болду.

[12] Алимбеков, Акматали "Гапыр Мадаминов илим майданында", *Кутбилим газетасы, (А*прель 2018)

**Изилдөөнүн обьекти** – Гапыр Мадаминовдун новатордук педагогикалык тажрыйбалары.

**Изилдөөнүн предмети –** Гапыр Мадаминовдун концепциясынын негизинде мектептерде энелердин педагогикалык компетенттүүлүгүн өнүктүрүү тажрыйбалары.

**Изилдөөнүн максаты:** Гапыр Мадаминовдун энелер мектеби концепциясын жана анын мектептерде энелердин педагогикалык компетенттүүлүгүн өнүктүрүү боюнча тажрыйбалардын өнүгүшүнө тийгизген таасирин изилдөө, аныктоо.

**Изилдөөнүн гипотезалары:**

1) Гапыр Мадаминовдун энелердин педагогикалык компетенттүүлүгүн өнүктүрүү багытындагы окуу программасы жана аны окутуу тажрыйбалары илим жана практикадагы жетишкендиктерге жана чыгармачыл демилгелүү иш аракеттин натыйжасы деп кароого болот.

2) Гапыр Мадаминовдун өз мектебинде сыноодон өткөн "Энелер мектеби" тажрыйбасын башка мектептер өздөштүрүп чыгармачылык менен өнүктүрүп колдонсо пайдалуу болот.

**Изилдөөнүн милдеттери:**

5. Гапыр Мадаминовдун новатор педагог катары калыптанышын негизги этаптары ачып көрсөтүү.

6. Гапыр Мадаминовдун энелер мектеби концепциясынын жаралыш шарттарын, структурасын жана эффективдүүлүгүн изилдөө.

7. Гапыр Мадаминовдун концепциясынын негизинде мектептерде энелердин педагогикалык компетенттүүлүгүн өнүктүрүү тажрыйбаларын анализдөө.

**Изилдөөдө алынган натыйжалардын илимий жаңылыгы:** Гапыр Мадаминовдун өмүр жолу жана новатор педагог катары калыптанышынын негизги этаптары биринчи жолу изилденди; Гапыр Мадаминовдун энелер мектеби концепциясынын жаралыш шарттары, структурасы жана эффективдүүлүгү айкындалды; Гапыр Мадаминовдун концепциясынын негизинде мектептерде энелердин педагогикалык компетенттүүлүгүн өнүктүрүү тажрыйбаларын өнүгүш тенденцияларына баа берилди.

8. **Изилдөөдө алынган натыйжалардын практикалык мааниси:** Гапыр Мадаминовдун демилгелүү педагогдук жаратмандык өрнөктөрүнө байланыштуу материалдар жаш мугалимдер үчүн кесиптик ориентирлерин айкындоого стимул бериши мүмкүн. Изилдөөнүн методикалык негиздери башка новатор педагогдордун тажрыйбаларын изилдеп баалоодо жетекчиликке алынышы мүмкүн. Гапыр Мадаминовдун энелер мектеби концепциясынын жаралыш шарттарын, структурасын жана эффективдүүлүгү тууралуу материалдар бул тажрыйбаны башка мектептерде колдонууда эске алынышы мүмкүн. Изилдөөнүн натыйжаларын камтыган автордун илимий методикалык колдонмолорун жогорку окуу жайлардын мугалимдерди даярдоо практикасында колдонууга болот.

**Изденүүчүнүн жекече салымы:** Диссертациянын проблемасы, максат, милдеттери алардын изилдөө процессиндеги эмпирикалык материалдар, аларды талдоо жана сунуштарды иштеп чыгуу изденүүчү тарабынан жеке иштелип чыккан.

**Изилдөөдөгү чектөөлөр**

1) Гапыр Мадаминовдун энелердин педагогикалык компетенттүүлүгүн өнүктүрүү багытындагы окуу программасы жана аны окутуу тажрыйбалары

2) Гапыр Мадаминовдун “Энелер мектеби” концепциясы боюнча жарыяланган эмгектери жана алар жөнүндөгү коомдук педагогикалык пикирлер.

3) Гапыр Мадаминовдун энелердин педагогикалык компетенттүүлүгүн өнүктүрүү багытындагы окуу программасы жана аны окутуу тажрыйбаларын колдонгон мектептердин тажрыйбалары. Алар Лейлек районундагы: №3 гимназияда, №4 гимназияда, Сүлүктү шаарындагы: №9 гимназия, №1 , №3 орто мектептери, Баткен шаарындагы: “Ж. Бөкөнбаев” атындагы орто мектеп, Ноокат, Араван райондорундагы мектептер.

**Изилдөөнүн модели жана методдору**

Биздин диссертациялык жумушубуз сапаттык изилдөө моделине кирет. Сапаттуу изилдөө теманы терең изилдөөгө багытталган изилдөө ыкмасы деп эсептелет. Мындан тышкары, сапаттык изилдөө көйгөйдү өз контекстинде, интерпретативдик мамиле менен карайт; Окуяларды жана фактыларды чечмелеп жатып, адамдардын аларга берген маанилерине басым жасайт. Сапаттык изилдөөгө кайрылган

изилдөөчүнүн иш аракети функционалдык болуп калат [13] жана окуялардын ортосундагы ар түрдүү мамилелерди курчураак түшүнүү менен кабыл алат.[14] Мындан тышкары, сапаттык изилдөө негизинен субъективдүү болуп саналат, анткени ал изилдөөчүгө багытталган карoo процессин камтыйт жана изилдөөчүнүн жеке көз карашы таасир этиши мүмкүн.[15] Мындан тышкары, сандык изилдөө менен өлчөөгө мүмкүн болбогон окуялар менен кубулуштардын себептерин тереңирээк изилдөөлөр менен аныктоого болот.[16] Сандык маалыматтарды жана тыгыз статистиканы жалпысынан этибарга албай коюуга мүмкүн болгон сапаттык изилдөөдө изилдөөчүнүн байкоолору, изилденген кубулуш тууралуу текст жана кеп талдоо сыяктуу деталдар бар[17]. Сапаттык изилдөө көбүнчө окуялардын жана кубулуштардын терең анализин жана изилдөөчүнүн конкреттүү сүрөттөлүшүн камтыйт. Изилдөөчү окуяларды жана фактыларды чындыкты бурмалап көрсөтүүгө милдеттүү; окуялар жана кубулуштар өздөрүнүн реалдуулугунан же контекстинен ажыратылбайт жана алар кандай пайда болсо, ошондой эле сакталып калууга аракет кылышат . Изилдөөчү окуяларды жана кубулуштарды өз контекстинде талдап, чечмелеп, мааниге ээ болууга аракет кылат.Бул жагдай изилдөөнүн көп кырдуу проблемаларын өз ара биримдикте,  тереңирээк түшүнүүгө мүмкүндүк берет .Сапаттык изилдөө -  бул байкоо, интервью жана документ талдоо сыяктуу сапаттык маалымат чогултуу ыкмалары колдонулган жана табигый чөйрөдөгү кабылдоолорду жана окуяларды реалдуу жана бүтүндөй ачып берүү үчүн жүргүзүлгөн изилдөө. Рефлексивдүү жана интерпретациялык мамилени колдонушу да сапаттык изилдөөнүн мүнөздөмөлөрүнүн бири болуп саналат. Сапаттуу изилдөөнүн принциптерин жетекчиликке алуу менен  изилдөөнүн катышуучуларына ачык суроолор берилип, баарлашуу, байкоо, сүйлөшүү ыкмаларын колдонуу сандык жоопторду эмес сыпаттоого негиз болгон маалыматты чогултууга аракет кылдык.

---

[13] Kirsti Malterud, “Qualitative Research: Standards, Challenges, and Guidelines.” *The Lancet* 358, (August 2001):483-488, http://dx.doi.org/10.1016/S0140-6736(01)05627-6

[14] Gunther Eysenbach and Christian Köhler, “How do consumers search for and appraise health information on the world wide web? Qualitative study using focus groups, usability tests, and in-depth interviews.” *BMJ: British Medical Journal, 324*(7337), (March 2002): 573–577. https://doi.org/10.1136/bmj.324.7337.573

[15] Andrew K.Shenton, “Strategies for ensuring trustworthiness in qualitative research projects*”, Education for Infarmation* 22, no 2, (July 2004):63-75 DOI: 10.3233/EFI-2004-22201

[16]Margarete Sandelowski, “The problem of rigor in qualitative research.” *Advances in Nursing Science, 8*(3), (April 1986): 27–37. https://doi.org/10.1097/00012272-198604000-00005

[17] Niina Mallat, “Exploring Consumer Adoption of Mobile Payments—A Qualitative Study” *Journal of Strategic Information Systems*, 16, (August 2007):413-432, http://dx.doi.org/10.1016/j.jsis.2007.08.001

Диссертациялык изилдөөнүн алкагында “документ анализи” же “документ талдоо” методу жыш колдонулду. Гапыр Мадаминовдун илимий–педагогикалык жана уюштуруучулук ишмердүүлүгүн изилдөөдө биографиялык, ретроспективдүү анализ, контент-анализ сыяктуу бир катар методдор колдонулду.

**Изилдөөнүн булактары:** Диссертациялык изилдөөнүн булактарын төмөнкүлөр түздү:

1. Гапыр Мадаминовдун өмүрү жана педагогикалык ишмердүүлүгүнө байланыштуу макалалар, китептер;

2. Гапыр Мадаминовдун новатор педагог катары бейнесин ачууга багытталган документалдык фильм, “Агай” аттуу 10 –сериялуу көркөм фильм;

3. Гапыр Мадаминовдун энелер мектебин уюштуруунун мазмунун, методдорун чагылдырган документтер, автордун өзү тарабынан жарыяланган китептери, макалалары, телеинтервьюлары, Ютуб каналындагы лекциялары, түрдүү мекемелерде өткөргөн семинарларынын материалдары;

4. Мадаминов Гапырдын «Айыл мектептеринде ата-энелердин педагогикалык маданиятын өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары» аттуу темадагы 13.0.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын авторефераты.

5. Гапыр Мадаминовдун “Энелер мектеби” тажрыйбасынын негизинде иштеп жаткан мектептердин тажрыйбалары.

6. Гапыр Мадаминовдун иш тажрыйбасынын новатордук мүнөзү тууралуу окумуштуу педагогдордун пикирлери.

**Диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү.** Диссертациялык иш кириш сөздөн, үч бөлүмдөн, жалпы корутундудан, адабияттардын тизмесинен жана тиркемеден турат. Диссертациялык иштин толук көлөмү ___ бет. Ал өзүнө 3 таблицаны камтыйт. Пайдаланылган булактардын саны ____.

**Киришүүдө** изилдөөнүн актуалдуулугу негизделип, анын максаты, гипотезасы, алдыга коюлган милдеттери, предмети жана объекти аныкталып, методологиялык

негиздери айкындалган. Ошондой эле, изилдөөнүн илимий методдору, жаңылыгы, теоретикалык жана практикалык маанилүүлүгү ачылып көрсөтүлгөн.

**Биринчи бөлүмдө** Гапыр Мадаминовдун новатор педагог катары калыптанышынын негизги этаптары ачылып көрсөтүлгөн.

**Экинчи бөлүмдө** Гапыр Мадаминовдун энелердин педагогикалык компетенттүүлүгүн өнүктүрүү концепциясы талдоого алынган.

**Үчүнчү бөлүм** Гапыр Мадаминовдун концепциясынын негизинде мектептерде энелердин педагогикалык компетенттүүлүгүн өнүктүрүү тажрыйбалары талдоого арналган.

**Диссертациялык изилдөөнүн натыйжаларынын жарыяланышы:** Изилдөөнүн багыты боюнча 1 илимий макала жарыяланган.

## БИРИНЧИ БӨЛҮМ

## ГАПЫР МАДАМИНОВ ПЕДАГОГ НОВАТОР КАТАРЫ

### 1.1. Гапыр Мадаминовдун өмүр жолу, педагогикалык ишмердүүлүгүнүн негизги этаптары

#### 1.1.1. Гапыр Мадаминовдун инсан жана педагог катары калыптанышы

Гапыр Мадаминовдун өмүр жолуна көз чаптырып карап көрсөк, анын турмуш жолунда кесиптик педагогикалык иштин туу чокусун ийгиликтүү багынтууга жардам берген ыңгайлуу шарттар жокко эсе болгондугу байкалат. Анын көпчүлүк адамдардан өзгөчөлүгү анын ата энесинин шаардык интеллегенциянын өкүлдөрү болбогондугунда. Анын негизги өзгөчөлүгү "өз киндигин өзү кесип" өз кесибине ашкере берилип, ишин сүйүп аткаргандыгында. Анын ата-энеси көмүр кенинде иштеген карапайым адамдардан болгон. Гапыр Мадаминов өзү "Билим жолундагы өмүр" китебинин "Уулум адамдар сенден береке тапсын" деген бөлүмүндө апасы Мадаминова (Абдуллаева) Курсанай жана атасы Мадамин уулу Маматкул тууралуу мындай эскерет "Балдарга атанын тарбиясы, акыл насааты ыгы менен айтылса жакшы таасир берееерин, өмүр бою эсте калаарын турмуштук мисалдардан көрүп, сезип жүрөмүн. Ага өзүмдүн атамдын тарбиясынан да мисал келтирсем болот. Атам Мадаминов Маматкул өзгөчө билимдүү же мансап дөөлөт күткөн деле эмес. Ал эмес балалыгы оор жылдарга туш келип. Толук орто мектеп билими да болгон эмес. Жаштыгынын турмуштун оор кыйынчылыгын көрүп Максим Горький сыяктуу баардык билим тажрыйбаны турмуш университетинен алган. Кой баккан, армияда кызмат кылган, кийин пенсияга чыкканга чейин Сүлүктү шахты башкармасында жөнөкөй жумушчу болуп иштеген. Ошол бир жерде 20-30 жыл үзгүлтүксүз иштегени үчүн, 1989-жылы шахта башкармалыгы тарабынан "Жигули" автомашинасын алууга татыктуу болгон. Энем Курсанай экөө тогуз баланы чоңойтуп, тарбиялап, үйлүү жайлуу кылган. Анын бешөө жогорку билимдүү, калгандары атайын орто билимдүүлөр. Өзү да, балдары биз дагы эл катары эмгектенип жашап күн өткөргөн жөнөкөй адамдарбыз."[18] Бул айткан сөздөрүнөн Гапыр Мадаминовдун эң биринчи мугалими атасы менен апасы экенин

[18] Батма Абдулхамидова, *Билим жолундагы өмүр* (Бишкек: "Түлчынар" ЖЧК басмаканасы, 2014), 191.

түшүнөбүз. Албетте баланы тарбиялоодо үй-бүлөнүн ролу өтө чоң. Бала кезинен калыптанып калган жүрүм-турумдун сапаттары жана пайдубалы адамда өмүр бою сакталат. Баланын инсан катары калыптанышы, анын коомдогу келечектеги жүрүм-турумунун пайдубалы түптөлүшү дал ошол жакын, туулуп-өскөн адамдардын чөйрөсүндө ишке ашат. Жашообузда техникалык инновацияларга көбүрөөк орун берилип, билим алыскы болуп баратса да, баланын инсандыгын калыптандырууда билим берүү, биринчи кезекте үй-бүлө дагы эле үстөмдүк кылууда. Мындан тышкары, үй-бүлө адеп-ахлактык жүрүм-турумдун пайдубалын түзөт. Ар кандай инсен «эмне жакшы, эмне жаман» экенин ата-энебизден, чөйрөсүнөн үйрөнөт. Гапыр Мадаминовдун ата-эне тарбиясына канчалык деңгээлде маани бергени кийинки  эмгектеринде ачык-айкын көрүнүп турат.

Үй-бүлө белгилүү функцияларды аткарат: баланын физикалык өнүгүүсү үчүн бардык шарттарды түзөт, анын инсандыгын калыптандырууга катышат, коом тарабынан бекитилген адеп-ахлактык жүрүм-турумдун негиздерин түзөт, искусствого болгон сүйүүсүн ойготот, ошону менен чыгармачылык кызыкчылыктарды калыптандырат.[19] Гапыр Мадаминов атасынан физикалык өнүгүүсүнө, эмгек тарбия алуусуна кошкон салымын мындайча баяндайт: “Атамдын бизге эң чоң тарбиясы – анын жеке эмгекчилигинде, тынбай аракетинде эле.  Ал чор болгон колдорун көрсөтүп: “Балдарым, мен силерди ак эмгегим менен чоңойттум, окуттум. Силер да мээнеткеч болгула, адам болгула, ак эмгек менен нан таап жегиле”,-деп айтаар эле. Атамдын ал сөздөрү бүгүнкү күндө да кулагыма жаңырып турат. Мен көбүнчө ойлоп калам, “окуучуларыма, балдарыма чала билимдүү атамдай тарбия берип, из калтыра аламбы?”-деп. Атам үй тиричилигинде эмгек тарбиясына өзгөчө көңүл бурат эле. “Ким баласын жакшы көрсө, ишке (эмгекке) үйрөтсүн. Катуу тартипке үйрөтсүн”,-деп айтчу”[20]

Гапыр Мадаминовдун ата-энеси өздөрү билим алып, окубагандыгына карабастан балдарын билимге үндөгөн. Балдары сабак окуусу үчүн атайын стол, стул, китеп койчу текче даярдап берип, билим алууга мүмкүнчүлүктөрдү түзүп беришкен. Атасынын окууга умтулуу канчалык дэңгеелде маанилүү экенин баса белгилегенин Гапыр Мадаминовдун бул сөздөрүнөн байкасак болот: “Атам өзү окуй

[19] «Роль семьи в воспитании ребенка», акыркы жаңылоо 15 май 2023 https://paidagogos.com/rol-semi-v-vospitanii-rebenka.html
[20] Батма Абдулхамидова, *“Билим жолундагы өмүр”,* 191.

албагандыгы үчүнбү, мени “уулум, сен жакшы оку”-деп эскертип турар эле. “Сабагыңды даярда, бош болсоң орусча китеп, гезит оку”-деп айтып, кээде окутуп укчу. Атамдан уялып, туура, так окууга тырышаар элем. “Күндөлүгүңдү алып кел, мен бир көрөйүн”,-дечү. “5” деген баа көп болсо, сүйүнүп кол коюп берчү. Мугалимдерди өтө сыйлачу. Ата-эненин мугалимдерге болгон урматы балдарына өтөөрүн, алардын жакшы окуусуна өбөлгө болоорун мен ошондо сезгем. Атам, көбүнчө, “устаз-атаңдан улук” деп айтчу”. Мына Гапыр Гапыр Мадаминовдой улуу инсандын эң биринчи мугалими Мадамин уулу Маматкулдай ата тарбиялап өстүргөн.

Энеси Курсанай апа эки уул, жети кызды төрөгөн. Балдарынын баарын физикалык, психологиялык жактан кем кылбай чоңойтуп. Баарына бирдей билим берүүгө салымын кошкон баатыр эне. Энесинин адеп-ахлак тарбиясына кошкон салымын мындайча эскерет: “Энем Курсанай жөнөкөй үй кызматчысы. Бирок мен азыркы бийиктиктен байкасам, алар жөнөкөй жумушчу, үй кызматчысы болгону менен Кудай деп беш маал намаз окуган, ыйман-ынсап, адамгерчиликтин бийик туусунда турган адамдар экен. 2-3 институтту бүткөн азыркы биз ошол 3 класс бүтүргөн ата-энелерибиздей балдарга таалим-тарбия бере алар бекенбиз?-деп өзүмө суроо салам”[21]–дейт Гапыр Мадаминов. Демек Курсанай апа балдарына эң биринчи адеп тарбиясын берүүгө аракеттенген. Андан тышкаары ыйманы бекем, адамгерчиликтүү болуунун канчалык деңгээлде маанилүү экенин сөз менен гана эмес, өзү жүрүм-турум аракеттери менен өрнөк боло алган.

Туугандарын айта кетсек, тогуз бир тууган. Бир туугандарынын баары заман талабына жараша билим алууга жетишкен жана билим чөйрөсүндө иштеп келишет. Эң улуу эжеси Айсанам кесиби боюнча мугалим, учурда пенсионер. “Эл агартуунун отличниги”. Андан кийинки эжеси Турсунай кезинде Гапыр Мадаминов менен №3 гимназияда чоогу иштеген. Азыркы кезде Москва районундагы №3 Беловодский гимназия мектебинде кыргыз тили жана адабияты мугалими болуп иштейт. Иниси Артыкбай Пакистан Ислам академиясын бүтүрүп, көп жылдар Сүлүктү шаарынын диний башкармалыгынын имамы болуп иштеп келген. Карындаштары – Гүлсүнай, Саадат, Пазилет, Айбүү.

[21] Батма Абдулхамидова, *“Билим жолундагы өмүр”,* 191.

Гүлсүнай Сүлүктү шаарындагы Н.Кушматов атындагы гимназияда мугалим, Саадат Сүлүктү шаарында телекомуникациянын байланыш бөлүмүнүн оператору болуп иштейт. Үчүнчү карындашы Пазилет Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук Университетинин ага окутуучусу, филология илиминин кандидаты. Асылкан Москва шаарындагы гипермаркет соода борборунда администратор, ал эми кенже карындашы Айбүбү И.Ибрагимов атындагы №3 орто мектептин башталгыч класстарынын мугалими.[22]

Мына ушундай акылдуу, билимге умтулган, аракетчил бир туугандар менен Гапыр Мадаминов чоогу өсүп, чоңойгон. Сүлүктү шаарындагы №3 орто мектебинин мугалими Зымырат Карыпбекова Мадаминовдор үй бүлөсүн көп жылдар бою тааныган адам катары, алар жөнүндө мындай ойлор менен бөлүшөт: “Бир туугандарынын көпчүлүгү жогорку билимдүү, бири бирине күйүмдүү, камкор, ынтымактуу, ар бири өз үй бүлөсүн бекем кармаган ата-энелер болушту. Гапыр дагы ыйманынын тазалыгы, адамга күйүмдүүлүгү бир туугандарынан өткөн.”[23]

Гапыр Мадаминовдун бардык иштеринде жардамчысы, анын артындагы деми жана күчү болгон жубайы Кочкорова Товар мектепте тарых мугалими болуп иштейт. Албетте жубайынын ар бир башталышында жөлөк болуусу, түйшүктүү ишинде колдоосу Гапыр Мадаминовдун илимий карьерасына салым кошкон. “Аял жакшы-эр жакшы, вазир жакшы-хан жакшы” демекчи Гапыр Мадаминовдун ийгиликтеринде коштоп, кыйынчылыктарында колдоп турган Кочкорова Товар эжекебиз үйдөгү ыңгайлуулукту жана мамилелерде жакындыкты сактап тураары ачык айкын эле көрүнүп турат.

Балдары жөнүндө айта кетсек, төрт уул жана эки кыздын атасы. Үйдүн эң улуусу Кубаныч атасынын жолунан жолдоп ардактуу мугалимдик кесипке ээ болгон. Ал БатМУнун Сүлүктү филиалынын тарых факультетин бүтүргөн. Кийинки кызы Зуура компьютердик технология окуу жайын аяктаган. Ал эми кийинки уулу Ислам – Кыргыз Республикасынын Славян Университетинин тарых факультетин аяктап. Атасынын изинен кеткен. Кичүү кызы Гүлсара “Кыргыз-Түрк Манас”

[22] Батма Абдулхамидова, *“Билим жолундагы өмүр”*, 10.
[23] Батма Абдулхамидова, *“Билим жолундагы өмүр”*, 86.

университетинин Эл аралык мамилелер факультетин аяктаган. Кичүү уулдары Дөөлөт менен Раимжан мектеп окуучулары.[24]

Г. Мадаминовдун өмүр жолу менен ишмердүүлүгүнөн болочок новатор педагог ак пейил, мээнеткеч инсанды жаратууга негиз болгон салттык тарбиянын баалуулктары менен анын өзүнүн атуулук педагогдук активдүүлүгүнүн синтезин көрүүгө болот.

### 1.1.2. Гапыр Мадаминовдун новатор педагог катары ишмердүүлүгүнүн негизги баскычтары

Гапыр Мадаминов – Кыргызстандагы көрүнүктүү педагогодордун бири. Өзгөчө акыркы жылдары медианын жардамы менен республиканын булуң-бурчунан Гапыр Мадаминовдун семинар-лекцияларын, илимий тажрыйлбаларын жана жеке автордук программаларын көрүүгө болот.

Гапыр Мадаминов 1966-жылы №3 Макаренько атындагы орто мектептин 1-классына кирип окуй баштайт. Окуучулук күндөрү жөнүндө мугалими Жамалидин Джанибеков мындайча эскерет: "Гапыр 1958-жылы туулган. Ден соолугу чың. Бардык сабактардан "эң жакшы" деген баага жетишет. Акыл-эси жакшы өнүккөн, көп окуйт, сөз байлыгы мол, сүйлөшкөнү бышык, өзүнүн оюн туура баяндап бере алган окуучу. Класста класскомдук милдетти аткарды. Окууга болгон жөндөмдүүлүгү эң жакшы. Сабакта бардыгын эсинде калтырып, мугалимдин түшүндүргөнүн кунт коюп угат. Мектепте өзүн алып жүрүүсү, сүйлөөсү, жооп берүүсү менен башка балдардан айырмаланып турат. Окуу куралдарынын ар биринин орду бар. Ата-энеси мектеп менен дайыма байланышып турат". [25] Усулчу, Эл агартуунун отличниги Жамалидин Джанибеков Гапыр Мадаминовдун 1970-1977- окуу жылдардагы класс жетекчиси болгон. Жамалидин Гапыр Мадаминовдун өзү жөнүндө гана айтпастан, Гапыр Мадаминовдун ата-энесинин колдоосу, мектеп менен тынымсыз байланышып тураары жөнүндө да баса белгилеп айткан. Ошентип Гапыр Мадаминовдун окуучулук күндөрү 1975-жылы ийгиликтүү аяктаган.

Мектепти бүтүрүп 1975-1976-жылдары ЖКОдо жумушчу болуп эмгек жолун баштаган. Гапыр Мадаминов мектепти бүтүп эле, эмгек жолуна аттанган. 1976-

[24] Батма Абдулхамидова, *"Билим жолундагы өмүр"*, 10.
[25] Батма Абдулхамидова, *"Билим жолундагы өмүр"*, 89.

1977-жылдары Сүлүктү шаардык билим берүү бөлүмүндө фильмотеканын башчысы болуп эмгектенет. 1977-1979-жылдары Советтик Армиянын катарында аскердик кызмат өтөйт. Ошол убакыт аралыгында 1976-1983-жылдар арлыгында Тажик Республикасынын Согдий облусунун Хожент шаарындагы С.М.Киров атындагы Ленинбад Мамлекеттик Педагогикалык Институтунун тарых факультетин сырттан окуп бүтүргөн. 1980-1982-жылдары Сүлүктү шаардык билим берүү бөлүмүндө кайрадан фильмотеканын башчысы болуп иштейт. [26]

1982-жылдан тартып 1986-жылга чейин өзүнүн окуучулук жылдары өткөн №3 Макаренко атындагы орто мектебинде окуу бөлүмүнүн башчысы болуп иштейт. Гапыр Мадаминов окуучу кезинде мектепке келген башталгыч класстын мугалими Ракыя Молдоканова кийин чоогу иштешип калды. Ал Гапыр Мадаминов менен иштешкен жылдарын мындайча баяндайт: "Мугалим болгондо да бирге иштеп калдым. Билими терең, чыгармачылык менен жаңы усулдарды пайдаланып иштөөнү, докладдарды даярдоону, ата-энелерди мектепке тартуу иштерин биз Гапырдан үйрөндүк. Орустар өтө кыйын иштешчү. Алар менен өзгөчө сылык мамиледе болуп, ар бир мугалим менен өзүнчө сүйлөшчү. Астахова.Н.Д – директор, Гапыр – завуч. Шаар боюнча биздин мектеп үлгү эле, биринчилик да бизде болчу."[27]

Бул , 1986-1987-жылдары Сүлүктү шаарында "Билим" коомунун жооптуу катчысы, ал эми 1987-1989-жылдарда партиянын Сүлдүктү шаардык комитетинин пропаганда жана агитация бөлүмүнүн инструктору, 1989-1990-жылдары парткабинеттин башчысы болуп эмгектенет. 1990-1991-жылдары Сүлүктү шаардык билим берүү бөлүмүндө методист болуп иштеген[28].

Андан кийин АКШнын Колумбия жана Стамбулдун университеттеринен өз билимин өркүндөткөн. Стамбулга Кыргыз Республикасынын Билим берүү министрлиги жана Түркия өлкөсү тарабынан уюштурулган 15 күндүк семинар окууга барып, билимин жогорулатып келген. Семинардын башкы максаты Түркиянын окуу системасынын өзгөчүлүктөрүн жана структурасын таанып билүү болгон. Гапыр Мадаминов Лейлек райондук "Ата Журт" гезитине берген

---

[26] Батма Абдулхамидова, *"Билим жолундагы өмүр"*, 8.
[27] Батма Абдулхамидова, *"Билим жолундагы өмүр*, 86.
[28] «Кыргыз Республикасынын билим жана илим кызматкерлеринин кесиптик бирлигинин борбордук комитети» акыркы жаңылоо 8 январь 2023. http://tradeunion-ed.kg/ru/osnovnyie_razdelyi/profsoyuz_v_regionax/madaminov_gapyr_mamatkulovich.html

интервьюсунда Стамбул саякатындагы байкоолору менен мындай ойлор менен бөлүшкөн: “Бизден бөтөнчүлүгү аларда 8 жыл эле окуп, андан кийин кесипке багыт алып лицейлерде билимин улантышат. Мектептеринде болдук. Көп деле аудиторияны толтуруп, көрсөтмө куралдарды иле беришпейт экен. Толтура көрсөтмө куралдарынын илиниши балдарды алаксытат деген пикирде ушул метод колдонулат”[29],-дейт. Андан тышкары Түркиянын кооздугуна, мугалимдеринин статусуна жана тарыхчы катары тарыхый мурастарга баа берип келгенин айтты.

1991-жылы “Кыргызстан 60 жылдыгы” орто мектебинде окуу бөлүмүнүн башчысы болуп иштеген.[30] Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинде 1991-жылы 31-августта “Мамлекеттик көз карандысыздыгы жөнүндө” Декларация кабыл алынып, Кыргыз Республикасы көз карандысыз, эгемендүү демократиялык мамлекет катары салтанаттуу жарыяланды. Көз каранды эместиктин шартында 1991-жылы 12-октябрда Аскар Акаев жалпы элдик шайлоодо Кыргыз Республикасынын алгачкы президенти болуп шайланды. Эгемендүүлүктү алуу менен бирге Кыргызстанда көптөгөн өзгөрүүлөр башталды. Мыйзамдар чыгып, сот бийликтеринин иштери, бюджеттик-финансылык системанын, эмгек акы баалардын аныкталышы менен бирге илимий багытта да өзгөрүүлөрдү киргизүүгө мажбур болушкан.[31] Бир кезде союзга, ал тургай дүйнөгө белгилүү болгон илимий ачылыштарды жасаган Кыргызстандын илими 1990-жылдары төмөндөй баштаган. Анын себеби экономикалык кризистер мамлекеттин каржылоосунда турган илимдин тармактарына тескери таасир берген. Финансылык кыйынчылыктардан улам илимий кызматкерлердин бир кыйла бөлүгү илим чөйрөсүнөн кетүүгө мажбур болушкан. Ушундай кыйынчылыктар болуп жактанда Гапыр Мадаминов ЗБМИС-экспериментти баштап ачкан. Окумуштуу-педагог Сулайман Рысбаев Гапыр Мадаминовдун иш-тажрыйбасы менен атайын келип иш жеринде таанышып, “Бүгүнкү күндүн Дүйшөнү” деген атка татыктуу деп белгилеген. Чыңгыз Айтматовтун “Биринчи мугалим” чыгармасындагы Совет доору жаңы орногон кезде мектеп ачып, тоолук балдардын сабатын ачууга аракет кылган Дүйшөн Гапыр Мадаминов сыңары, СССР таркалып, базар экономикасына өтүүгө

29 Айнагуль Базарбаева, “Чыгыш менен батыштын алтын көпүрөсү”, *Атажурт газетасы*, 2001-жыл
30 «Кыргыз Республикасынын билим жана илим кызматкерлеринин кесиптик бирлигинин борбордук комитети» акыркы жаңылоо 8 январь 2023. http://tradeunion-ed.kg/ru/osnovnyie_razdelyi/profsoyuz_v_regionax/madaminov_gapyr_mamatkulovich.html
31 “Кыргызстандын эгемен мамлекет болгонуна 30 жыл толду” *t-media.kg*, 31 август 2021 https://www.ktrk.kg/kg/post/62709/kg

байланыштуу мектептер бир топ проблемаларга кабылышып, ата-энелер баланын өсүүсүнө, билим алуусуна маани бербей, окуучулардын кызыгуусу төмөндөп, мугалимдер кесиптерин таштап кеммерция, бизнеске аралашып кетүүсү көнүмүш адатка айлана баштаган.[32] Дал ушундай проблемадан чыгуу максатында Гапыр Мадаминов проекттин планын түзүп баштаган. Проект жазуу аркылуу аталган мектепти “Сорос-Кыргызстан” фондуна мүчө кылган.

1996-1997-окуу жылынан тартып, өз демилгеси менен ачкан №3 гимназиянын директору болуп иштеп келе жатат. Гимназиянын ачылышы жөнүндө Гапыр Гапыр Мадаминов Limon.kg журналына мындай интервью берген: “Биз Баткендин эң түштүк-батышындагы, Тажикистан менен чектешкен, азыр оор абалда турган Жаңы-Жер айыл өкмөтүнүн аймагында жайгашкан мектеп-гимназиябыз. Айылыбызда «Кыргызстандын 60 жылдыгы» деген мектеп бар. Бирок билим алууга кызыккан балдар үчүн өзүнчө мектеп-гимназия ачалы деген максатта 1996-жылы совхоздун конторасын сурап алып, 60 окуучу менен ушул гимназияны ачканбыз. 1993-жылы документ иштерин баштап, 1996-жылы министрликтен каттоодон өткөрүп, лицензия алганбыз. Алгач ачканда мен жалгыз болчумун, кийин совхоздо инженер болуп иштеген Убайдылла деген адам техникалык жактан жардам берип жүрдү. Коллективди, жардамчылардын бардыгын ар кайсы жактан топтоп келүүгө туура келген. Ал убакта Советтер Союзу кулап, жаңы эгемендик алган жылдар, кыйын мезгил эле. Ошондуктан балдарды тамактандырыш үчүн айыл өкмөтүнөн 2 гектар жер сурап алып, ага буудай эгип, түшүмүн сатып, балдарга тамак жасап берчүбүз. Кийин жатакана ачып, башка мектептерден эски парталарды чогултуп келип, алыстан келген 20 баланы жаткырып, окута баштадык. Алгач 60 бала окуган, азыр 280 окуучубуз бар.”[33] Бул интервьюдан гимназия ачып, окуучуларды окутуу максатты жүзөгө ашырыш абдан оор болгондугун түшүнөбүз. Гапыр Мадаминов бул максатты көздөп, гимназияны иштетип кетүү, проблемалык лаборатория ачып, педагогикалык эксперимент жүргүзүү үчүн бүтүндөй өмүрүн арнаган.

32 Айдай Амангелди кызы, “Бүгүнкүнүн Дүйшөнү- Гапыр агай. Түпкүрдөгү айылга гимназия ачып, окуучуларына өз колу менен тамак жасап, билим берген мугалимдин баяны”, *Umma.kg*, 29 июль 2019

33 “Өлкөнүн түпкүрүндө өзгөчө мектеп куруп, “Алтын сертификаттын” ээлерин, республикалык олимпиаданын жеңүүчүлөрүн тарбиялап келе жаткан тубаса педагог Гапыр Мадаминов”, *limon.kg,* 10 июнь 2021, https://limon.kg/ky/news:74440

Демек, республикабыз боюнча алгачкы эксперимнталдык-проблемалык лабораторияны ачып, анын ийгиликтүү иштеп кетишине чын ыкластан аракеттенип, мээнет кылган Гапыр Мадаминовду “Бүгүнкү күндүн Дүйшөнү” деп атоого толук негиз бар.

Гимназиянын материалдык-техникалык базасын чыңдоо үчүн “Мерсико” (2005), “Арис” (2006) фонддоруна долбоор жазып, 107 000 сомдук эмеректерди, стол, стулдарды, 430 000 сомго гимназиянын чатырын жаап, 4-муундагы 4 компьютер, принтер, ксерокс сатып алууга жетишкен.

2012-жылы КРнын Жогорку Кенешинин депутаты Камила Талиева Гапыр Гапыр Мадаминовдун окуучусу А.Толубаева республикалык олимпиадада 1-орунду ээлегендиги үчун аталган гимназияга 4 компьютер принтери менен (80 000 сомдук) белек берген.

2011-жылы Гапыр Маматкуловичтин демилгеси менен гимназияда алгачкылардан болуп информациялык-технологиялык борбор ачылган.

2013-жылы айылдык, райондук кеңештин 2 жолку депутаты катары демилге көтөрүп, Жаңы-Жер айыл өкмөтүнөн 130 000 сомдук каражат бөлдүрүп, 7 класска пол жасатты. Ошондой эле гимназия район, облуста биринчилерден болуп интернетке кошулду. [34]

Гапыр Мадаминов кыргыз элинин келечеги үчүн күйүп-жанып, өмүрүнүн жарымын илимге арнаган. Анын педагогикалык эксперименттери бүгүнкү күндө жыйынтыктарын берип, учурда көп жылдык эмгегинин үзүрүн көрүп жаткан чагы. Өз кесибин сүйүп, жан дили менен берилген устаттын жашоо-турмушу баарыбызды шыктандыраарына шек жок.

## 1.2. Гапыр Мадаминовдун новатордук педагогикалык тажрыйбаларынын негизги багыттары

### 1.2.1. Окутуу процессинин таасирдүүлүгүн арттыруу багытындагы алгачкы өрнөктүү тажрыйбалары

Диссертациянын жогорку бөлүгүндө белгилеп өткөндөй Гапыр Мадаминов Ленинбад Мамлекеттик Педагогикалык Институтунун тарых факультетин окуп

34 Батма Абдулхамидова, *“Билим жолундагы өмүр”*, 9.

бүтүргөн.[35] Ошондуктан алгачкы педагогикалык изденүүлөрү тарых сабагын окутууну жаңы сапаттык деңгээлге көтөрүү менен байланыштуу болду.Анын бул багыттагы ийгиликтери да өзүнчө сөз кылууга арзыйт. Алсак, 10 жылдан бери 15тен ашуун окуучусу тарых сабагынан Республикалык олимпиадада 1-2-3-орундарды ээлеп келет. Республикалык олимпиадаларга окуучуларды даярдоодо атайын олимпиадалык топ түзүп, атайын программасын иштеп чыккан.[36] Ошол талыкпас эмгектин жыйынтыгы олимпиадаларда биринчиликке жетүүсү жана мамлекеттин престиждүү ЖОЖдоруна тапшыруу мүмкүнчүлүгү Гапыр Мадаминовдун алдыңкы педагогикалык тажрыйбасынын жемиши. Гапыр Мадаминовдун тарых илимине кошкон салымдарынын бири кичи мекенине кылган активдүү иш аракеттери. "Туулган жердин топурагы алтын" демекчи Гапыр Мадаминов туулган жерине болгон сүйүүсүн сөз менен гана айтпастан, айылына, мекенине кылган эмгектери менен далилдейт. Алардын бирин айта кетсек Сүлүктү шаардык музейин жана өзү жетектеген №3 эксперименталдык гимназияда музей түзгөн.[37]

Тарых илими багытындагы олуттуу изилдөөлөрүнүн натыйжалары катары чыгарган китептерин айта кетсек болот. Лейлек районунун 70 жылдыгына арналган "Лейлек жана лейлектиктер тарыхы" эмгеги жөнүндө тарых илимдеринин доктору, профессор, Кыргыз Республикасынын илимине Эмгек сиңирген ишмер Закирбек Эралиев: "Гапыр Мадаминов талыкпастан эмгектенип, жер-жерлердеги: Ходжент, Ош, Самарканд, Кокон, Алматы, Ташкент, Бишкек, Москва шаарларындагы архивдерден жаңы материалдарды таап, аларды иликтеп өз эмгегинде колдоно алгандыгын атайын белгилеп өтмөкчүмүн. Тарых илиминде белгисиз болгон баалуу айрым маалыматтар, илимий далилдер, жаңы тыянактар, аталган эмгектин негизги багытын, нугун түзөт. Ал гана турсун, китепте көпчүлүк маселелерди изилдөөдө автордун тарых илимине болгон көз карашы, эски традициялуу ыкмадан качуу, азыркы учурдун талабы менен кошо жүрүү, тарыхчы үчүн зарыл болгон историзм, обьективдүүлүк, чындыкты бурмалабоо ж.б багыттары көрүнүп, эмгекти окуган кишини кубантат. Гапыр Мадаминов тарабынан жазылган бул эмгек элибиз үчүн зарыл болгон, чоң мүдөөнү аткаруучу китеп болуп саналат. Анткени,

35 Айсулуу Нурматова, «Энелер мектебинин негиздөөчүсү Гапыр Мадаминов» *Жамааттык ЖМКлардын Бирлиги*, 2 сентябрь 2020

36 Батма Абдулхамидова, *"Билим жолундагы өмүр"*, 9

37 "9 бөлүктөн турган Сүлүктү шаардык музейинде ар кандай жанрдагы 1845 сүрөт бар" *turmush.kg* 12 ноябрь 2021

эмгектин бүгүнкү турмушунбузда да чоң мааниси бар экендигин унутпоого тийишпиз. Айрыкча, бүгүн жаштар үчүн тарыхты билүү, аны урматтоо, сыйлоо, аны даңазалоо керектүү нерсе болуп саналат. Азыркы учурда кең аймагыбыздагы ар бир райондун, областтын, шаар-кыштактардын тарыхын жазуу, үйрөнүү чоң тарбиялык мааниге ээ болот."[38]-деп айткан. З.Эралиевдин бул сөздөрүнөн китептин тарых илими үчүн, чоңоюп келе жаткан жаңы муун үчүн Гапыр Мадаминовдун эмгеги табылгыс кең экендиги талашсыз. Китеп маанилүү илимий-изилдөөчүлүк, архивдик-документтик мүнөзгө ээ. Гапыр Мадаминовдун календен жаралган бул эмгектеги маалыматтар Самарканд, Алматы, Москва сыяктуу көптөгөн ири шаарлардагы архивдерден алынып, Лейлек тарыхынын маанилүү бир бөлүгү болуп саналат.

Сүлүктү шаарынын 140 жылдыгына арналган "Сүлүктү шаарынын тарыхы" аттуу эмгеги жарык көргөн. Бул эмгегинин кыскача мазмуну жана мааниси жөнүндө тарых илиминин доктору, профессор Жолдошбай Малабаев мындай дейт: "Жергиликтүү элдин байыркы замандан берки тарыхын үйрөнүү кийинки муундар үчүн, айрыкча, мааниси зор. Сүлүктү шаарынын тарыхы көп жылдык материалдарды архивдик изилдөөнүн, илимий-монографиялык адабияттарды пайдалануу, элдин арасынан материал жыйноо аркылуу жазылган. Бул эмгек-Сүлүктү шаарынын тарыхын азыркы көз караштан ачып берүү жана Сүлүктүнүн өнүгүү перспективасы боюнча илимий болжолдорго арналган. Китепте Сүлүктүнүн социалдык-экономикалык жана маданий тарыхы белгилүү даражада баяндалган."[39] Албетте бул чыгарманы окутуунун тарбиялык мааниси зор. Сүлүктү шаарынын тарыхын окутуу боюнча кыскача каталог десек жаңылышпайбыз.

Гапыр Мадаминов элдердин сураныч боюнча оозеки тарыхка да кайрылып "Кесектин кыскача тарыхы жана санжырасы" китебин жазган.[40] Ал китебинде Кесек уруусунан чыккан нарктуу адамдардын өмүр жолун жаштар үчүн өрнөк катары сыпаттап салттык педагогиканын таасирин арттырууга аракет кылган.

Андан тышкаары кыргыз элинин улуу, көрүнүктүү саясий жана коомдук ишмер Исхак Раззаковдун 90 жылдык юбилейине карата жарык көргөн "Исхак Раззаков"

38Гапыр Мадаминов, *"Лейлек жана Лейлектиктедин тарыхы" (*Бишкек: "Билим-компютер" басмаканасы, 1998), 3.
39Гапыр Мадамиов, "*Сүлүктү шаарынын тарыхы*" (Бишкек: "Билим-компютер" басмаканасы, 2009), 3
40 Акматали Алимбеков, "Гапыр агайдай мугалим болгон үчүн дүйнө жарык" *Кутбилим газетасы*, (Августь 2015)

китебин жазган.[41] Албетте бул эмгектер Гапыр Мадаминовдун кичи мекенинин гана эмес, бүткүл Кыргызстандын тарыхый байлыгы.

Гапыр Мадаминов түзгөн автордук программалар: Лейлек жана Лейлектиктердин тарыхын райондун мектептеринде атайын сабак, факультативдерде жана ийримдерде үйрөтүү, “Исхак Раззаков” таануу сабагын мектептерде жана жеке курс катары өтүүнү сунуштап келет. Анткени ар бир адам өз тарыхын жана тарыхый инсандарды таанып, билиши керек.

Гапыр Мадаминов сыяктуу адамдарды тарыхты жаратуучу адамдардын катарына кошсок жаңылышпайбыз. Педагогикалык ишмердүүлүгүндө Гапыр Мадаминовду өз ишин мыкты билген педагог-новатор, адилеттүү жетекчи жана эл жеринин кызыкчылыгын ойлогон активист катары тааныдык. Гапыр Мадаминов өзүнүн педагог жана жетекчи катары калыптануусуна эң чоң салым кошкон ата-энеси экенин айтып келет. Ошол менен бирге А.Н.Назаров, Ч.А.Анарбекова, У.Б.Сабырова, Ш.Ы.Рысалиев сыяктуу өзү менен чоогу иштеген устаттарынын таасири зор экендигин жана өзү менен бирге бала кезиндеги досторунун да тийгизген оң таасирин белгилеп өтөт.[42]

Баардыгыбызга белгилүү болгондой эле, Гапыр Мадаминов №3 гимназиянын директору. Гимназиянын жетекчиси катары мугалимдерге жол көрсөтүп, окуучулардын өсүп-өнүгүүсүнө салым кошуп өзүн мыкты жетекчи катары көрсөтө алган.

Окуучулардын ой-өрүшүн кеңейтип, жөндөмдөрүн өнүктүрүп мыкты жыйынтыктарды көрсөтүүсү чыгаан педагог экендигинин далили. Атайын окуучуларга арналган “Акыл эмгегинин маданияты” жана “Ой-өрүшү” эмгектерин жаратткан.[43] Бул китептер мектеп программасына кирүүгө татыктуу эмгектер. Жашына, жынысына ж.б өзгөчөлүгүнө карабастан ар бир окуучу колуна алып, бул эмгектер менен таанышып, жашоосунда колдоно билсе албан-албан ийгиликтерге жетүүсүнө жол ачылат. Гапыр Мадаминов шакирттеринин келечеги үчүн 2005-жылы “Келечек” фондун ачып, каржылоосун жазган китептеринен түшкөн киреше

41 “Исхак Раззаков жөнүндө китеп жарык көрдү” *Elitaplus.kg* акыркы жаңылоо 30 июнь 2020
42 Батма Абдулхамидова, *“Билим жолундагы өмүр”*, 91.
43 Гапыр Мадаминов, “*Ой-өрүшү”,* (Бишкек:Басмакана- Билим компьютер 2015)

менен каржылайт. Гимназист-студенттер муктаж болуп калганда, фонддон акча алып пайдаланышат, акчалары болуп калганда кайра ордуна коюп кое алат.[44]

Кыргыз Республикасынын мугалимдеринин 1,2 сьезддеринин делегаты, депутаты катары сьездге катышып, окутуу, тарбиялоо жараянында учурдун талабына шайкеш келген проблемаларды көтөрүп, өзүнүн салмактуу ой-пикирлерин айтып чыккан.[45] Мындан тышкары, өлкөбүздө болуп жаткан илимий-практикалык конференция, симпозиум, педагогикалык окууларга активдүү катышып турат. Өзүнүн тажрыйбасын карапайым калкка жайылтууга аракеттенет. Азыркы учурда социалдык тармактар аркылуу да лекцияларын кызыктуу кылып өтүп, жалпы жаштарга тажрыйбасын жайылтып келет. Канчалаган мугалимдерге методист-устат катары усулдук жактан кеңештерин берет. Методист-устат катары Гапыр Мадаминовдун канчалаган мугалимдерге усулдук жактан кеңештерин берип, алардын педагогикалык жетишкендиктерге жеткире алган. Атайын мугалимдер үчүн “Устаттык өнөр” эмгеги жарык көргөн. Гапыр Мадаминовдун ийгилиги мугалимдеринин көпчүлүгү “Жылдын мыкты мугалими “ сынагынан райондук, облустук гана эмес, республикалык турларда ийгиликке жетишкендигинде билинип турат. Шакирттерине бир гана усулдук жактан кеп-кеңеш айтпастан, сынактарга жоопкерчилик менен ар күнү бош убакыт таап, даярданууга жардам берет.[46]

Гапыр Мадаминов мейли педагогика жаатында, мейли тарых илими боюнча болсо да албан-албан ийгиликтерди жараткан инсан. Коомчулук тарабынан “Эл мугалими”, “Лейлектин Геродоту”, “Кыргыздын Сухомлинскийи” деген наамдар берилген. Бүт өмүрүн, ден-соолугун окуучуларга арнаган улуу педагог бул наамдарга татыктуу.

### 1.2.2. Окуучулардын акыл эмгегин активдештирүү багытындагы педагогикалык изденүүлөрү

Гапыр Мадаминовдун мектебиндеги ийгиликтердин көбү өзү тарабынан негизделип ишке киргизилген акыл эмгегининин маданиятына үйрөтүү тажрыйбасына таандык. Ал көп жылдык изденүүлөрүнүн натыйжасында илимий

44 “Он собирал зерно, чтобы накормить своих учеников. История учителя, которого называют “героем нашего времени” *ummamag.kg акыркы жаңылоо* 10 июнь 2021 http://ummamag.kg/ru/articles/interview/2581
45 Батма Абдулхамидова, *“Билим жолундагы өмүр”*, 20.
46 “Гапыр Мадаминов. Мугалимдерге алтын кеңештер “Устаттык өнөрү” китеби” 25 февраль 2020, https://kutbilim.kg/news/inner/gapyr-madaminov-mugalimderge-altyn-keneshter-ustattyk-onoru-kitebinen-ky/

педагогикадагы жана дүйнөлүк билим берүү мекемелердеги улуу табылгаларды айыл мектебинин шарттарына ылайык адаптациялап өзгөчө түс жана таасир берген.

Анын пикиринде “Билим-адам тарабынан кабыл алынуучу, сезилүүчү, түшүнүлүүчү жана анын оюнда сакталып калуучу маалымат. Билим алуу жашообуздун эң маанилүү бөлүгү.  Кандайдыр бир жөндөмдү үйрөнүүдө же болбосо кесип ээси болуудан мурун билим алуу шарт. Көпчүлүк окуу жайларынын окуучулары, студенттери билим берүүнүн жана логикалык ой-жүгүртүүнүн жолдору менен ыкмаларын билишпейт. Ошондой эле маалымат булактарын өз алдынча колдоно алышпайт. Ошондуктан окуу процесси жемиштүү болуусу үчүн, эффективдүү окуу ыкмаларын үйрөнүү керек. [47]

Гапыр Мадаминов мектепте мугалим болуп иштеп жүргөндө окуучулар көптөгөн сабактарды окуйт, жаттайт бирок өздөштүрө албаарын байкаган. Сабакты жакшы өздөштүрбөгөн окуучу же студент окууга болгон кызыгуусу кетип, окуп-үйрөнүүгө аракеттенбей калат. Кызыгуусу кеткен баланы зордоп окута албайсын. Бирок окутуунун методдорун өзгөртүп, окуучулардын сабакка болгон кызыгуусун арттырууга аракеттенсе болот.

Советтер Союзунан калган система менен азыркы учурга чейин Кыргызстандын мектептеринде окутулуп келет. Кыргызстандын билим деңгээлинин төмөн болуусунун бирден бир себеби окуу системасынын жаңыланбоосунда. Кыргызстан өз эгемендүүлүгүн алган күндө деле,  Гапыр Мадаминов ж.б мугалимдер мектептерде Советтер Союзунан калган система менен, өзгөрбөгөн методдор менен мектепте сабактарды өтчү. Окуучулардын билимге болгон кызыгуусу жоголуп, окууга, билим алууга умтулбай калышкан. Мындай проблеманы байкаган Гапыр Мадаминов билим берүү системасына кандайдыр бир жаңылык алып келүү керектигин көрүп, билип турган. Бул проблеманы чечүү жолдорунун бири катары окуучуларды эффективдүү окутуу керектигине муктаждык бар экенин таамай билген. Ошол проблеманы чечүүнүн жолу катары, акыл эмгегин активдештирүү багытындагы педагогикалык изденүүлөрү ортого келип чыккан.

47 Флорес Байли, “Билим баалуулугу” 14 март 2021 https://ky.warbletoncouncil.org/conocimiento-1522

“Билим гана адамды эркин жана бийик кылат” демекчи билим алуунун баалуулугун көптөгөн философ, педагог, ойчулдар айтып өткөн. Ар бир адам билим алуунун парасатын, пайдаларын билет. Бирок ошол билим алуунун өзгөчө техникасын жана методдорун баары биле бербейт. Көпчүлүк окуучулар окуунун жолун, иштин көзүн билбегендиктен сабактарга жетишпей, кызыгуусу жоголот. Жакшы окуган окуучулар көбүнчө мугалимдин жетектөөсүндө иштеп, өз алдынча маалымат алып, ой жүгүртө албайт. Түшүнүү, эстеп калуу, корутунду чыгаруу жагынан абдан эле алсыз позицияны ээлеп турат. Бул проблемалар Гапыр Мадаминовдун көп жылдык педагогикалык тажрыйбаларынан байкалган тенденция. Бул көйгөйлөрдү окуучулардан байкап, ЗБМИС эксперимент иштерин баштаган. Башында окуучуларга жардам берүү максатында кыскача усулдук сунуштарды берип жүрсө, кийин бул сунуш, колдонмолорду жаза баштайт. Алардын баарын бириктирип “Акыл эмгек маданияты” сабагын №3 экспериментaлдык гимназиядагы окуучуларга кошумча сабак катары өтө баштайт.[48] АЭМ резерв сааттардын, ийримдин эсебинен атайын окуучуларга сабак катары өтүлө баштоосу, окуучуларга жаңы дем болгонун айтсак жаңылышпайбыз. Анткени, окуучулар бул сабак аркылуу билим алуунун, окуунун жолдорун үйрөнүүгө жардам берди. Окуучулар билим алуу – бул өзү акыл эмгеги экендигин, кызыгууну, максат коюп ага жетүүнү ж.б көптөгөн нерсени түшүнүштү.

“Акыл эмгек маданияты” сабагы билим алууга умтулган ар бир адам үчүн окуу куралы катары колдонула берет. Окуучулардын жашына жана классына карабастан, баарына пайдасын тийгизет. Бул сабакта китеп окуу, экзамендерге даярдануу, ойлонуу, өз алдынча үйрөнүү, үйрөнгөн нерсени практикада колдоно билүү, өзүн өзү тарбиялоо жана машыктыруу сыяктуу нерселерди окуп, үйрөнөт. Окууну үйрөнүүнүн негизги максаты – өзүнүн жөндөмдүүлүгүн таанып билүү, окутуунун принциптерин билүү, маалыматты кайдан, кантип жана эң башкысы эмне үчүн алып жатканын билүү, өзүнүн сезимдерин практикада колдонууну үйрөнүү.

Ар бир инсан үчүн ийгиликтин негизги шарты – өзүнө болгон ишеним. Бул ишенимге жашоодо эмне керек экени баарыбызга айкын, бул-акылга ишенүү жана алган билимге таянуу. Билим-биздин бар интеллектти өнүктүрүп, өзүндүн

48 “Элет мугалими-Гапыр Мадаминов 55 жашта.” 15 август 2013, https://kutbilim.kg/ru/news/inner/ishterman-mugalim-ru/

инсандыгыңды терең түшүнүүгө үйрөтөт. Мектеп бизге интеллектти өркүндөтүп, акыл-эсиңизди колдонууну үйрөтүүсү керек. Окуу-ар кимге, ар кандай ыкмалар менен жугат. Ар бир адамдын окуу формасы, ылдамдыгы жана жөндөмдүүлүгү ар башка. Тийиштүү окуу мүмкүнчүлүктөрү камсыз кылынса, адам баласы үйрөнө албаган эч нерсе жок экенин көрөбүз. Өзүнүн мындай мүмкүнчүлүктөрүн көргөн бала, өзүнө болгон ишеними артып, баардык нерсени үйрөнүүгө дилгир болуп калат. Баардык нерсеге күчү жетеерине, мүмкүнчүлүктөрү чексиз экенин түшүнгөн балада, өзүнө болгон ишеним пайда болот.   Ошондой окуучу гана бийиктиктерди багынтып, каалаган ой максаттарына жете алат. Демек, биз өзүбүз өзүбүздү чектебесек, бизди эч нерсе жана эч ким чектей албайт.

Билимдеги кээ бир системанын аксагандыгынан жана коомдук турмуштун татаалдыгынан  окуучулардын өзүнө болгон ишеними, кадыр баркы төмөндөйт. Мындай көйгөйлөр адамды аң-сезимдүү же аң-сезимсиз түрдө психологиялык жетишсиздикке алып келет жана ошондой эле бир нерсеге умтулууга, үйрөнүүгө каалоо кетет. Баарыбыз билгендей үйрөнүүнү каалоо-окуунун эң алгачкы шарты. Билим алууну каалабасаң, түрдүү методдор дагы, түрдүү куралдар дагы жардам бере албайт. Үйрөнүүгө умтулган адам, муктаждыгыңды канааттандыра турган китеп, мугалим табууга аракет кылат. Жыйынтыктап айтканда, билим алуу жана билим алууга умтулуу, мотивация жана үйрөнүүнүн жыйынтыктары баардыгы бири-бирине байланыштуу. “Уйрөнүүгө үйрөнүү” – инсанды да, коомду да ийгиликке алып баруучу тепкичтин биринчи жана эң маанилүү кадамы.

“Акыл эмгек маданияты” эмнелерден тураарын айта турган болсок, түшүнүү, эстеп калуу, ойлоо, салыштыруу, корутунду чыгаруу ж.б информацияны түрдүү булактардан пайдалана билүү.  АЭМ – тарбиялоону бала кезден сүйлөө, байкоодон баштоо керек. Сүйлөө жогору болсо, ойлоо ошончо өнүгөт. Көрүү, салыштыруу, суроо берүү баланын кругозорун кеңейтип, анализ кылууга үйрөтөт. Өз алдынча ой жүгүртүп, чечим кабыл ала билүүгө үйрөтүү. Китеп окуудагы кемчиликтерибиз жана аны түзөтүүнүн жолдору. Китеп окууда суроо берүүнү үйрөнүү жана анализ кылып түшүнүп окуу. Окуган маалыматтын негизгисин бөлүп алуу жана эсте сактап калуу техникалары.

АЭМ окуучулардын өз алдынча билим алуусу жөнүндө атайын техникалар. Тез, бекем жаттоо жана себеп-натыйжаны табуу жөнүндө кыскача усулдук сунуштар.

Олимпиада, экзамен, сабактарга өз алдынча даярдануу жана кыскача конспект жазууну үйрөнсө болот.

Андан тышкары, убакытты үнөмдүү жана эффективдүү колдонуу. Окуучуларга максаттуу жашоо, окуу, өз ишмердүүлүгүн уюштуруу жөнүндө айтуу. Өзүн-өзу тарбиялап, өстүрүү жолдору жана ката кылуудан коркпоонун мааниси жана баасы. Биздин өсүүбүзгө тоскоолдуктар жана бизди кыймылга келтирүүчү механизм. Окуучулардын чыгармачылык иштери жана көп варианттуу ойлоонун жолдору.

Акыл эмгек маданиятын өздөштүргөн окуучу үйрөнгөн билимин көзөмөлдөп, алдына чыккан көйгөйлөр менен күрөшүүнү жана аларды чечмелеп, талдай билет, жаңы маалыматты талап кылууда анын кемчиликтерин же алсыз жактарын көрүп өз алдынча чечим кабыл алууну үйрөнөт. Эмгек жана окуу техникасын билет жана активдүү колдонот. АЭМ сабагын окуган окуучулардын бири Турдиев Мирлан Москвадагы мамлекеттик физика-техникалык университетинин жана ФПФЭ-физика жана энергетика проблемалары факультетинин студенти. Ал АЭМ сабагы боюнча мындай ойлорун билдирет: “АЭМ сабагы мен үчүн аты өзү айтып тургандай эле акылымдын маданиятын, ойлоо жондөмүмдү өстүрүүгө чоң салым кошкон. Бул сабак менин байкашымча Европа өлкөлөрүндө математика, физика башкача айтканда жашоодогу керектүү предметтердин деңгээлинде өтүлөт. Батыш өлкөлөрүндө ар бир адамдын аң-сезиминде АЭМде келтирилген тажрыйбалар сиңип калган. Себеби алар төрөлгөндөн баштап эле психологиясын өстүрүүгө аракет жасашат. Менин Москвада окуп калышыма, дал ушул Гапыр Мадаминовдун АЭМ сабагындагы эксперименттер себеп боло алат.”[49]

“Акыл эмгек маданияты” китебинин биринчи басылышы 2003-жылы чыккан, экинчи басылышы 2008-жылы чыкты. 2003-жылы чыккан АЭМ китеби бир гана №3 гимназиясынын окуучулары үчүн гана эле эмес, республиканын айрым мектептеринин окуучуларына да таратылып, колдонууга берилген. Учурда “Акыл эмгегинин маданияты” китеби автордун уруксааты менен түрк жана англис тилдерине которулду. Түрк тилине Ибрахим Турхан которгон “Үйрөнүүнү үйрөнүү” деген ат менен Англиядагы “CRAB PUBLISHING” басмасынан

49 Гапыр Мадаминов, *“Акыл эмгегинин маданияты”* (Бишкек: “Билим-компьютер” басмаканасы, 2014), 80.

электрондук китеп болуп жарык көргөн. Ал эми англис тилине которуу иштерин Эл аралык “Ала-Тоо” университетинин мугалимдер жамааты ишке ашырган.

### 1.3. Гапыр Мадаминовдун новатордук педагогикалык тажрыйбаларын азыркы педагогикалык илим жана практиканын контекстинде баалоо

Азыркы учурда мугалимдин ишмердүүлүгүн баалоо үчүн бирдиктүү методикалык база жок, бирок мугалимдин ишинин сапатын чагылдырган критерийлерди тандап ошонун негизинде баалоого аракет кылабыз. Оболу  баалоо деген эмне экенин түшүнүп алуубуз керек.

Баалоо – окутуудагы жетишкендиктерди өлчөөнүн жана маселелерди аныктоонун, кайтарым байланыш жүргүзүүнүн, билим берүү процессинин катышуучуларына (окуучуларга, мугалимдерге, ата-энелерге ж.б) жана мамлекетке билим берүүдөгү кыйынчылыктар, жетишкендиктер тууралуу билдирип туруунун негизги каражаты. [50]

Жүрөгү замандын ыргагы менен бирге согуп, анын үнүн элге жеткирип, кайра элди ага жараша тарбиялай турган бирден бир кесип ээси – мугалим. Мугалим – улуттун уул, кыздарын тарбиялап, жол көрсөткөн адам. А.Дистверг “Окуучуга мектептеги эң маанилүү кубулуш, эң үлгү болоорлук сабак, эң жандуу мисал бул – мугалим”  - деп айткан. Мугалимдик кесип байыркы цивилизациянын башатында турат десек жаңылышпайбыз. Биринчи жөндөмдөрдүн пайда болуусу менен мугалимдик кесип да пайда болгон. Демек мугалимдин эмгеги ар бир өлкө жана улут алдында эбегейсиз зор. Анткени улуттун эң улуу тарбиячысынын милдетин аткарыш канчалык ыйык болсо, ошончолук оор. Мугалим өз предмети боюнча гана маалымат бербестен, жашоо, жүрүм-турум маселелерин чечет, балдардын дүйнө таанымын кеңейтет, жашоодо өз ордун табууга жардам берет. Мындайча айтканда жашоосунун бир бөлүгүн окуучуларына арнаган инсан. Жашоосунун бир бөлүгүн эмес, бүт өмүрүн окуучуларына арнаган мугалимдердин башкы сабында турган илимпоз-мугалим Гапыр Мадаминов болуп саналат.

Гапыр Мадаминов деген ысымды кыргыздын педагогикалык коомчулугу өткөн кылымдын токсонунчу жылдардан бери тааныйт, билет. Ал эми Гапыр Мадаминов түзгөн автордук программалары, эксперименталдык иш тажрыйбасы, китептери,

50 “Окуучулардын билим жетишкендиктерин баалоо системасы жөнүндө жобо”, 5сентябрь  2023,  https://96.edubish.kg/wp-content/uploads/sites/61/2021/04/8-3.pdf

лекциялары менен кыргыз журтуна таанымал болду. 2023-жылы чыккан “Агай” аттуу сериалы, аны Кыргызстандын булуң бурчундагы баардык жарандарга таанымал кылды.

Гапыр Мадаминов 1996-1997 жж Баткен облусунун Лейлек районундагы Жаштык кыштагында ачкан №3 гимназиянын директору болуп бүгүнкү күнгө чейин иштеп келет. Ошол жылдардан бери Гапыр Мадаминовго мектеп ачып, аны жүрүтүп кетүү оңой болгон жок. Теориялык жактан кыйла өстү, практикалык жактан такшалды. Өзү иштеткен гимназияны педагогикалык лабараторияга айландырды. Республиканын алыскы айылындагы мекепти гимназияга айландырып, педагогикалык жаңылыктарды киргизип, дүйнөлүк улуу педагогдордун жолун жолдоду. Гимназия ачылган жылдар экономикалык катаал жылдарга туш келген. 1993-жылы Кыргызстан эгемендүүлүгүн алып көптөгөн өзгөрүүлөр менен бирге, кыйынчылыктарга да дуушар болушкан. Экономикалык кыйынчылыктан улам элдин көбү базарга карай бет алганда, Гапыр Мадаминов билимди көздөй бет алып гимназия ачууну пландаган. Үч жыл бою документациясын даярдап, акыры көздөгөн максатына 1996-жылы жетип, лицензия алып мектепти иштете баштаган. Ачылыш аземи болоору менен кыйынчылыктар бүткөн жок. Айыл жергесиндеги мектепке күчтүү мугалим табыш кыйын болгон, окуйм деген окуучу табыш, окутам деген ата-эне табыш абдан эле кыйын болгон. Ары карап ыйлап, бери карап күлүп жүрүп Гапыр Мадаминов ар бир үй-бүлөнүн дарбазасын такылдатып, кыдырып окуучуларды мектептке тарта баштады. Ата-энелердин тилин таап, окуучуларга мотивация берип, мугалимдерди тартып эбегейсиз зор эмгектери менен “элдик мугалим” атагына ээ болду.

Гапыр Мадаминовдун ачкан №3 гимназиясы жөнүндө Россия Билим берүү Академиясынын психологиялык институтунун жетектөөчү илимий кызматкери, психология илиминин доктору А.М.Прихожан мындай дейт: “Создание школ-лабораторий, в которых на рацианальном уровне выявляются значимые для науки и практики проблемы и определяется особенности их решения на современном уровне является и внастоящее время одним из наиболее эффективных путей подлинного обеспечения сотрудничества науки и практики. Известно, что такие школы лаборатории Гапыра Мадаминова является, на наш взгляд, важным шагом в практике, поскольку она даст возможность выявить столь значимые данные по

сельской местности, что в условиях Кыргызстана преобретает особую значимость. Ценность данной лаборатории для образования в том, что она позволяет получить непосредственные сведения об уровне развития учащихся, о тех проблемах, которые, которые возникают у школьников, живущих в сельской местности, о способах решения с учетом региональной и национальной специфики. С другой стороны эти сведения могут быть полезны и для науки поскольку не секрет, что большинство фактов в психологии и педагогике получены на опыте городских школ. Наконец, деятельность лабораторий может быть полезна и для самих учащихся, родителям и учителям поскольку программа работы предусматривает не просто выявления, а активное решение указанных проблем с участием всех заинтересованных и в развитии учащихся школы в целом сторон. Все сказанное свидетельствует по нашему мнению о ценности создания названной школы-лаборатории в сельском районе Кыргызстана."[51]

Ал эми бала чагынан бери тааныган, окуучулук кездериндеги мугалимдеринин бири Ракыя Молоканова Гапыр Мадаминовду мындайча эскерет: "№3 орто мектебине 1973-жылы мектепке мугалим болуп келгенимде Гапыр жогорку класстын окуучусу экен. Колунда ар дайым китеп. Классташтары менен талкуу жүргүзүп, дайыма эле бир нерселерди уюштуруп, өткөрүп жүрө берет эле. Ата-энеси мыкты, тарбиялуу үй-бүлөдөн чыккандыгы билинип турат. Туура жүргөн, адамгерчиликтүү, адептүү, сылык-сыпаа, дилгирлиги; досторуна берген баланын мүнөзү көз алдымда турат. Атасынын тарбиясыбы, кары-картаңдарга, фронтовик ардагерлерге жан дили менен күйүмдар эле. Тимурчулар командасын түзүп, жардамга көп барышаар эле. Бул теңдүүлөр баары эле зор кызматтарда иштешет. Классындагы балдары да, кыздары да өздөрүн чоң адамдардай кармашчу. Орустар өтө кыйын иштечү. Алар менен өзгөчө сылык мамиледе болуп, ар бир мугалим менен өзүнчө сүйлөшчү. Астахова.Н.Д-директор, Гапыр –завуч. Шаар боюнча биздин мектеп үлгү эле, биринчилик да бизде болчу. Азыркы учурдагы АЭМ сабагын Гапыр Мадаминовдон алганмын. Көптөгөн усулдук жактан жардам берген бул эмгегин колдонуп келе жатамын." [52]

Педагогика илиминин доктору, профессор Сулайман Рысбаев Элеттик илимпоз Гапыр Мадаминовдун лабораториясына барып, жагымдуу таасир калганын

51Батма Абдулхамидова, *"Билим жолундагы өмүр"*, 33
52 Батма Абдулхамидова, *"Билим жолундагы өмүр"*, 86.

мындайча баяндайт: “Бишкектен миң чакырым алыстыктагы, тээ Баткендин Лейлек районунун Жаштык айылындагы №3 эксперименталдык гимназиясына барып, босогосун аттаганымда эле ажайып бир сезимдер мени тосуп алган өңдөндү. Бишкектин “менменсинген” гимназия, лицейлерине барганыңда келген-кеткен адамдар менен тук жумушу жок, ары жак, бери жагыңдан жөөлөп өтүп жаткан окуучулардан терикпей деле калбадыкпы...А бул жерде борбордон келгениң менен иши канча, улуу адам катары окуучулардын урмат менен таазим кылып, өтүп кеткенче жолдон четтей, колун бооруна кармай күтө турушуна жүрөгүң жылып, ыраазы болбой койбойсуң. Окуучу менен мугалим гана эмес, улуу менен кичүү катары астейдил учурашасың. Айтмакчы, бул аталган Жаштык айылы Тажикстан менен коңшулаш, бери жагы өзүбүздүн Кулунду, ары жагы – Кыргызстандын соңку чекити Арканын ортосундагы жүзүмзар менен өрүкзар курчаган алакандай айыл сыяктанды. Биз барганда январь күндөрү экенине карабастан, мугалимдер гимназиясынан кетпей, окуучулар короосунда ойноп, “Энелер мектебинин” сүйкүмдүү энелери да ошол жерде экен. Бизди тосуп алышкан мугалимдер, ата-энелер жана окуучулар жолугушуу сабагына, жолугушуу кечесине келишиптир. Бул кече тууралуу өзүнчө сөз болор, андай болсо, сөз оролун гимназия, анын алдындагы проблемалык-чыгармачылык лаборатория жагдайында улайлы.”[53]

Гапыр Мадаминовдун негизги тажрыйбаларынын бири “Энелер мектеби” модели, учурда Кыргызстандын жети областына жайылып отурат. Тажрыйбанын ийгиликтүлүгу жөнүндө КББАнын кафедра башчысы Батма Абдулхамидова мындайча айтып берет: “Гимназиядагы дагы бир артыкчылык, ата-энелер менен атайын пландын негизинде методикалык, иштердин жүргүзүлгөндүгү. Үй-бүлө, ата-энелер менен бирге билим берүүгө байланыштуу проблемалар үйрөнүлүп, усулдук сунуштар, жоболор түзүлүп, сынактан өткөрүлгөн. “Ата-энелер, сиздер үчүн” аттуу усулдук сунуштар жыйнагы даярдалып таркатылган. Ушул сыяктуу алгылыктуу иштердин негизинде эксперимент ата-энелердин мектеп менен байланышын чындоого жетишкен. Андан тышкары, олимпиадалык группалар түзүлүп, жыл бою иш алып барылат. Жайкы олимпиадалык группалар түзүлүп, жыл бою иш алып барылат. Жайкы олимпиадалык группалар иштейт. Окуучуларды, ата-энелерди илим-билимге кызыктыруу максатында атайын

53Батма Абдулхамидова, *“Билим жолундагы өмүр”*, 20.

экспериментaлдык конкурстардын өтүлүшү салтка айланууда. Ары түйшүктүү, ары жоопкерчиликтүү, ары ардактуу кесипти аркалаган чыныгы педагог, эксперименттин демилгечиси-жетекчиси Гапыр Мадаминов бүгүнкү күндө бүт өмүрүн, көңүлүн, билимин жумшап, ата-энелердин, окуучулардын жана мугалимдердин демине дем, шыгына шык кошуп, иштеп келе жатат."[54]

"Энелер мектебинде" окуган энелердин бири Азизбүбү Мурзабекова Достук айылынын тургуну. Ал төрт баласын №3 гимназияга берип, таасирленгенин мындайча баяндайт: "Гимназияда мени таң калтырганы:

1) Араң үчкө бүткөн окуучу да тестирлөөдөн жакшы балл алып, окууга өтүп кеткени болду. Уксам, ошо окуучулардын университеттреде жакшы окуп, кызыл диплом менен бүткөндөрү да көп экен.

2)Гапыр агайдын эң "хулиган", шок, ата-энесин кыйнаган окуучуларды катуу айтпай, жылуу-жумшак сөз менен оңдоп алганы.

3)Гапыр агайдын мугалимдерди да, окуучуларды да, чынчылдыкка, тууралыкка, эмгекчилдикке үйрөткөнү ж.б айта берсе сөз жетпейт." [55]

Педагогдун кесиптик иш-аракеттерин баалоо үчүн анын айлана чөйрөсү бар. Анын окуучулары, администрация, ата-энелер жана кесиптештери. Педагогдун эмгегин кесиптештеринин баалоосу канчалык оор болгону менен, ошол эле учурда ошончолук маанилүү. Гапыр Мадаминов илим майданында авторитетке ээ, ошол менен бирге кесиптештерини да ой-пикирин кошуп кетсек туура болот деп ойлойм. Ошондой кесиптештеринин бири Акматали Алимбеков Гапыр Мадаминов жөнүндө мындай дейт: "Кыргыз мектептериндеги иновациялар жөнүндө кеп болгондо кат башында Гапыр Мадаминовдун ысмы эске келет. Гапыр Мадаминов атуулдук, коомдук активдүүлүгү жогору, сынчыл педагогикалык интуициясы, аналитикалык ойлом маданияты күчтүү инсан катары бүгүнкү кыргыз мектептери туш болгон көйгөйлөрдү башкалардан баштараак баамдап алардан чыгуунун жообун издеп, жолун чабуудан чарчабаган кызылдай мээнеткеч, чыныгы лидер педагог. Кыргыз мугалимдери Гапыр Мадаминовдун алыскы айылдык мектепте ата–энелер, окуучулар бирдикте жетишкен педагогикалык табылга, тажрыйбаларын балдарды окутуу тарбиялоонун эң оптималдуу багыты катары эбак

---

54 Батма Абдулхамидова, "Алыскы гимназиядагы билимдин сырдуу дүйнөсү", *Дил чырак газетасы,* 2003
55 Батма Абдулхамидова, *"Билим жолундагы өмүр"*, 110

таанышкан.  Анын калеминен жаралган ар бир китеп эгемендүүлүк доорунан бери кыргыз мектептерине кеңири таанылып, таркап, активдүү колдонулган эмгектердин сабында турат.  Ал борбор шаарлардан баштап өзү иштеген мектеп сыяктуу Республикабыздын алыскы аймактардын мугалимдери менен жолгуп өз идеяларын, тажрыйбаларын тааныштырып аларга чыгармачылык дем, шыкак берүүдөн чарчабай келет. Таанымал, таланттуу педагог менен ар бир мындай жолугушуу ошол аймактардагы олуттуу окуя катары таасир калтырып келет. Анын башкаларга сунуштаган кеп кеңештери жана насааттары педагогикалык акыйкаттын асыл топурагынан б.а. Гапыр Мадаминовдун   өзүнүн жана кесиптеш санналаштарынын көп жылдык тажрыйбасынан өнүп чыккандыгы менен таасирдүү."[56]

Гапыр Мадаминовдун иш тажрыйбасы бир нече ирет Кыргыз  Республикасынын билим берүү жана илим министирлиги тарабынан жогору бааланып аны жайылтуу боюнча чечимдер кабыл алынган.

Билим берүү жана илим министри Каныбек Иманалиев Гапыр Мадаминовду коомдук башталыштагы кеңешчи кылып дайындаган жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешинин сессиясында анын педагогикалык тажрыйбасынын уникалдуулугун тааныткан.[57]

Анын ишмердүүлүгү тууралуу тартылган "Агай" аттуу 10 сериялык фильм тартылып дүйнө жүзүнөн түрдүү кесиптеги адамдардын татыктуу баасына татыган. "Гапыр агайдын окуясы өтө таң калыштуу жана шыктандыруучу күчкө ээ. Ал мага катуу таасир тийгизгендиктен, аны кыргызстандыктардын бардыгына айтып бергим келди. Учурда билим берүү системасын толугу менен реформалоо, андагы жемкорлук көрүнүштөрдөн арылуу зарылчылыгы пайда болду. Гапыр агайдын эмгеги мектептерибизди жакшы жакка кантип өзгөртсөк болоруна жакшы мисал болуп бере алат"  - дейт сериалды тарткан Руслан Акун.[58]

---

56 Акматали Алимбеков, "Кыргызстандын билим берүү майданында Гапыр Мадаминов феномени", *Кутбилим газетасы,* Октябрь 2018

57 Бактыгуль Момбекова, "Каныбек Иманалиев Гапыр Мадаминовду кеңешчи кылып дайындады" *kaktus.kg,* 17 март 2023
58 "Сериал "Агай" стал вдохновляющим событием" 29  март 2023 https://internews.kg/kontent-grants/serial-agaj-stal-vdohnovlyayushhim-sobytiem/

Көпчүлүк көрүүчүлөр Гапыр Мадаминовду улуттун сыймыгы катары баалашкан. Көрүүчүлөрдүн бири “Көзүңө жаш толотго Кыргыз экениме сыймыктанып!!! –деп тереӊ сезимин билдирген.

Арийне, мындай коомдук педагогикалык баа берүүлөр өз алдынча талдоону талап кылган предметтүү маселе. Бирок, келтирилген мисалдар Г. Мадаминовдун иш тажрыйбасы коомдук педагогикалык баасы, масштабы жылдан жылга артып бара жаткандыгын көрсөтөт.

# ЭКИНЧИ БӨЛҮМ

# “ЭНЕЛЕР МЕКТЕБИ” ГАПЫР МАДАМИНОВДУН НОВАТОРДУК ПЕДАГОГИКАЛЫК ТАЖРЫЙБАСЫ КАТАРЫ

## 2.1. Гапыр Мадаминовдун энелердин педагогикалык маданиятын өнүктүрүү багытындагы иш тажрыйбасынын маңызы жана башаты

### 2.1.1. Энелердин педагогикалык компетенттүүлүгү элдик педагогикада

Гапыр Мадаминов “Энелер мектеби” идеясынын башатында элдик педагогикалык тажрыйбалар жатат деп айтууга толук негиз бар. Ал өмүр бою элет жеринде жашап өсүп, эмгектенгендиктен энелердин балдарга чечүүчү таасирин жан тени менен сезип терең билген. Буга байланыштуу Гапыр Мадаминов таянган элдик педагогикалык тажрыйбаларга атайын токтолуп кетүүнүн обьективдүү зарылдыгы бар.

Илимий адабияттарда “Элдик педагогика-улуттун оозеки чыгармачылыгында, каада-салттарында жана үрп адаттарында сакталган педагогикалык идеяларынын жана тарбиялык тажрыйбаларынын тутуму”- деген аныктама -туруктуу кабыл алынып жүрөт[59] Ал эми Кыргыз Эл мугалими, профессор И. Бекбоевдин пикиринде “«Элдик педагогика – бул эл тарабынан иштелип чыккан жана элдик оозеки чыгармачылыкта, салт-санаада, үрп-адаттарда, ырым-жырымдарда, оюн-зоокордо, этнографиялык, тарыхый жана археологиялык материалдарда сакталып келген педагогикалык идеяларын жана тарыхый тарбиялык тажрыйбаларын чогултуу. Демек, элдик педагогика– бул улуттун сабаттуулугунун жана маданияттуулугунун башаты, анын уюткусу.” [60] Демек элдик педагогика-бул эл тарабынан иштелип чыккан педагогикалык идеяларын жана тарыхый тарбиялык тажрыйбаларын чогултуу болуп эсептелет. Улуттун маданияттуулугунун жана сабаттуулугунун уяткусу элдик педагогиканын негизинде жатат.

Ар бир улуттун өзүнө тийешелүү салт-санаалары бар. Ошондой салт-санааларга ылайык адам баласынын дүйнө таанымы, этикалык жана моралдык нормалары, оозеки чыгармачылыгы жана ошону менен бирге тарбиялоо процесси калыптанат.

---

59 “Элдик педагогика” акыркы жаңылоо 5 март 2022, https://ky.wikipedia.org/wiki/%D0%AD%D0%BB%D0%B4%D0%B8%D0%BA_%D0%BF%D0%B5%D0%B4%D0%B0%D0%B3%D0%BE%D0%B3%D0%B8%D0%BA%D0%B0

60Үсөн Асанов, Исак Бекбоев “Кыргыз педагогикасы” *мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору*, (Бишкек, 2004)

Коомдук аң сезиминин өсүүсү менен бирге, мезгилдин талабына жана жашоо шартына жараша элдик педагогика да өнүгүп турат.

Кыргыздардын элдик педагогикасындагы негизги максат адамга заман талабына ылайык таалим-тарбия берүү болуп саналат. Кыргыз эли байыртадан бала тарбиясына маани берип, ата-тек насилине өзгөчө көңүл бурган. Баланын тарбиясына атасы дагы, энеси дагы катышуу шарт экенин "Ата тарбиялаган бала эстүү, Эне тарбиялаган бала эптүү", "Ата даңкы, эне даңкы-балага дем", "Атаны көрүп уул өсөт, энени көрүп кызы өсөт", "Ата жакшы уул жакшы, Эне жакшы кыз жакшы", "Эр жигит энеден туулат, эл үчүн өсөт" ж.б.у.с макал лакаптардан көрө алабыз. Кыргыз элинде жаштарды салттуу мүнөзгө ээ болгон адептүүлүк, улууну урматтоо, кичүүнү сыйлоо, жол көрсөткөн насаат айтуу, турмуштун ар кандай шарттарында жаштарды сабырдуулукка, чыдамкайлыкка жана ийкемдүүлүккө тарбиялоо салтка айланып калган көрүнүш.

Улуттук салттарда тарбиялоо маселесинде кыргыз элине баланы жашынан тартып турмушка, эмгекке жарактуу, чыдамкай, туруктуу кылып тарбиялоо мүнөздүү. Бул максаттарды аткарууда бир эле чөйрөнүн таасири аздык кылат. Ошол себептен мурунку муундар адамдын жашоосуна керектүү болгон жаратылыш, турмуш чындыгы боюнча өз тажрыйбаларын жаш муундардын үйрөнүүсүнө шарт түзүлгөн. Жаштарды тарбиялоого терең маани беришип, чыгармачылыгын сарптап, ык-машыгууларга ээ болсун үчүн акыл жана кол эмгегинин ар кандай түрлөрү көрсөтүлгөн улуттук оюндарды, майрамдарды өткөрүшкөн. Кыргыздардын педагогикалык көз карашынын калыптанышында коңшулаш жашаган жана карым-катышта болгон башка улуттардын таасири да тийген.[61]

Байыртадан адам баласы коом менен жашап, коомго салым кошуу эң алгачкы максаттардын бири болгон. Үй-бүлө ошол коомдун бир бөлүкчөсү болуп эсептелет. Ошондуктан үй-бүлөдөгү тарбия коомдун калыптануусуна таасир этет. Балдарды үй-бүлөдө тарбиялаш үчүн, адегенде ата-энелердин өздөрүнүн атайын билими же болбосо жөндөмү болуусу зарыл экендиги тууралуу көптөгөн ыйык китептерде жазылган. Андан тышкаары бала тарбиясы жөнүндө көптөгөн дастандар айтылып, чыгармалар жазылган. Акыл-насаат, легендарды айтып берүү менен балдарды

61Гапыр Мадаминов, "Айыл Мектептеринде Ата-Энелердин Педагогикалык Маданиятын Өнүктүрүүнүн Педагогикалык Шарттары.", (Пед.илимдин кондидаты диссертация, Кыргызстан-И.Арабаев атындагы КМУ, 2017)

жаштайынан тарбиялоого аракет кылышкан. Өзгөчө Чыгышта бул маселеге өзгөчө көңүл буруп келишкен. Ислам дининдеги Куран китебинен тартып Конфуцийдин эмгектерине чейин педагогикалык көз караштарды байкоого болот.

Жалпысынан Чыгышта 1300дөн ашуун китеп бала тарбиясына жана үй-бүлөнүн күнүмдүк турумушуна арналган.[62] Алар насыят иретинде болуп, жомок, дастан ж.б аркылуу түшүндүрүлөт.

Миң жылдан ашуун убакыт жазылган философиялык-дидиактикалык жана турмуштук-педагогикалык Унсуралмаали Кайкавус “Кабуснаамеде” энелердин педагогикалык өнүгүүсү жөнүндө айтылган нерселери миллиондогон адамдар үй-бүлө тарбиясында пайдаланып келе жатат. Кабуснааме 44 баптан, 56 аңгемеден туруп, жүздөгөн тилдерге которулган. Китепти негизинен падышанын балдарына арналса да, таалим-тарбиялык мааниси баардык үй-бүлөлөр үчүн жана азыркы убакытка чейин актуалдуу. «...акыл менен байыганга тырыш, анткени мүлк-дөөлөттүү болгончо, акылга бай болгон жакшы. Асыресе акыл менен байлыкка жетсе болот, ал эми байлык менен акылдуу боло албайсың; «...акылды не ууру көтөрүп кетпейт, не суу, не от жок кыла албайт»[63]-деп балага акыл тарбиясын берүүнүн маанилүүлүгү боюнча айтат. Ошондой эле Кабуснаамеде атайын бир бап “Бала тарбиялоо жана анын тартиби жөнүндө” аталып, Аларда мыкты билим жана тарбия берүү жөнүндө «...Сен билгин, баланын укугу: билим жана таалим-тарбия алуу. Уулуң жаман болсо да ага көңүл бурбай аталык парзыңды аткара бер; уулуңда кыпындай акыл-эси болбосо да, аны окутуп тарбиялаганды токтотуп, жаңылыштык кетирбе. Эгер сен уулуңду тарбиялабасаң, анда аны мезгил өзү тарбиялайт. Айтылат эмеспи: ата-энеден тарбия көрбөгөн баланы күн-түн тарбиялайт деп. Балдар бойго жеткенден кийин бардык мыкты сапаттары жана зыяндуу кемчиликтери гүлдөй ачылат. А сен балага таалим-тарбия, билим берип, окутуп-үйрөткөндөрүңдү өзүңдүн ага калтырган мурасың деп бил жана балаңдын укугун аткаруу үчүн ага калтыр. Бектердин балдары үчүн таалим-тарбиядан мыкты мурас жок. Көл өнөрчүлүк, менимче, өнөрдүн улуусу жана жакшылардын балдары кол өнөрчүлүк менен жан багышпаса, башка жүздөгөн өнөрдү үйрөнүшсүн. Бул –

62 Гапыр Мадаминов, “Айыл Мектептеринде Ата-Энелердин Педагогикалык Маданиятын Өнүктүрүүнүн Педагогикалык Шарттары.”, (Пед.илимдин кондидаты диссертация, Кыргызстан-И.Арабаев атындагы КМУ, 2017)
63 Кайковус Унсуралмаали, *Кабусname* (Бишкек. 2009) 23-б.

кемчилик эмес, бул – сыймык. Анын качандыр бир кезде пайдасы тийет» - деп айтылат. [64]

Жусуп Баласагын  "Кут алчу билим" чыгармасында гуманист ойчул улууларды урматтап сыйлоо сыяктуу изгилүү касиеттер алды менен үй-бүлөдө, ата-эненин тарбия таалими менен калыптана тургандыгын айрыкча бөлүп айткан. Үй-бүлө куруу, балалуу болуу адам өмүрүндөгү эң чон бакыт. Балалуу болгон соң ата-эненин өздөрү үлгүлүү жүрүштурушту тутушу жөн. Анткени «уядан эмне көрсө, учканда ошону алат» дегендей, атаны көрүп уул, энени көрүп кыз өсөт. Ушул салттуу адеп жолун сап туткан тубаса философ ойчул ата-энеден тарбия көргөн балдар бактылуу болорун, балдары акыл-эстүү болсун деген ата-эне аларга жаштайынан билим берүүсү зарыл экендигин чыгармасында баса белгилейт. Жусуп Баласагын инсандагы асыл сапаттарды тарбиялоо, руханий дүйнөсү бай болуусу шарт экенин ыр саптарында баса белгилейт. Дастанды кунт коюп ыклас менен окуган адам өзүнүн жан дуйнөсүнө керектүү нерселерди ала алат. Мисалы: Жусуп Баласагын "Тарбиячы адам тап, пейли кенен, Уул-кызың дени сак өсөт экен. Билим берип адилет тарбияла, Эки дүйнө бактылуу болот анда. Уулдарга үйрөтүн жакшы сапат, Жакшы иштеп бакыт да, байлык табат."-[65]деп белгилеген.

Дастандын «Айтолдунун уулу Өгдүлмүшкө акыл-насааты», «Балдарды кандай тарбиялоо жөнүндө баян» ж.б. баяндарында үй-бүлө, таалим-тарбия маселеси учкул сөздөр менен таамай берилген. Алар дагы: «Ата эмгеги балага жукса толук, Жетилет ал пейли-куту таза болуп, Тарбиясы катуу болсо баланын, Жүзү жарык эне менен атанын. Бекем кармап балаңды башкарбасаң, андан түңүл, баш бербейт кетет аргаң. Уул өстүрөм деген даана жүрөктүү, Катуу кармап, үйрөт билим, адепти. Эрке болсо кимдин уул-кыздары, Азабын жеп, анык жүрөк сыздаары. Бармактайдан кетсе бала ээн баш, Балада эмес, бул күнөөгө ата баш. Жаман жорук чыкса эгер баладан, Анын баары болгон, болот атадан... Уул кызга үйрөт нуска, билимди, Нарктуу болсун сыпаа-сылык күйүмдүү» [66] Бул саптарда ата-эненин жоопкерчилиги, өзгөчө бала тарбиялоодогу туура жолду көрсөткүч катары карасак болот. Жусуп Баласагындын дастанынан адеп ахлак, билимге умтулуу, өнөр ээси

---

64 Унсуралмаали, Кайковус. *Кабусname.* Бишкек: 2009.23-96-101-б

65Жусуп Баласагун, *Кут алчу билим.* Фрунзе:Кыргыз Республикасынын 50 жылдыгы атындагы Кыргызполиграфкомбинаты, 1988, 20

66 Жусуп Баласагун, *Кут алчу билим.* Фрунзе:Кыргыз Республикасынын 50 жылдыгы атындагы Кыргызполиграфкомбинаты, 1988, 20

болуунун баалуулугу жөнүндө, канчалык деңгээлде маанилүү экендигин баса белгиленген.

Андан тышкаары ата-эненин педагогикалык маданияттуулугун өнүктүрүү жөнүндө да баалуу ойлору менен бөлүшкөн. Чыгармасында адамдын руханий дүйнөсүнүн бийиктиги, жүрүм-турумду аныктоочу гумандуулук жана адеп ахлак, айкөлдүк жана боорукерлик идеяларын камтыган. Ошону менен бирге билим алуунун маанилүүлүгүн жана ата-эне тарбиясынын инсан жашоосундагы ордун чыгарманын негизги максаттарынын бири экенин айткан.

Бала тарбиясы жөнүндө дүйнөнүн эң зор көлөмдүү көркөм чыгарма “Манас” эпосунда да кеңири берилген. Анда Манастын төрөлүшүнөн баштап, бой жетип чоңоюп жетилүүсүнө чейин айтылган. Анда бала, эне, тукум жөнүндө өзүнчө концепция берилген.[67]

Мисалы бала төрөлө электе чейин эле, балалуу болууга даярдануусу, баланын төрөлүп, салт санаасы менен балага ысым берилгенинен баштап, бой жетип хан көтөрүлүүсүнө чейинки баскан жолун жана тарбиялоо процессин эпостон көрө алабыз. Кыргыздардын тарбиялоо процессинин жүрүшү, үй бүлө тарбиясында баланын жаш курак өзгөчөлүктөрү жөнүндө айтылган.

Бай Жакып жаш Манасты маңдайына олтургузуп алып, атасы Ногой хан жөнүндө, «Теңириң – Көк», тегиң – Кыргыз, жолдошуң – Күн, Тирегиң – Кара-Жер, Өмүрүң – суу, демиң – от, жолдоочуң – Көкжал-бөрү, колдоочуң – Кыдыр деп, Манаска чейинки кыргыздын отуз эки атасын, ата- конушу, мекени жөнүндө, булар бабалардан калган мурас экендиги, түпкү атасы Карахандан чоң атасы Орозду ханга чейин, анан аталары эне – жер намысын коргоп, күрөшүп сактап келгендиги ж.б. айтып берет. Жакыптын чүрпөсү Манаска сармерделеп айткан сөзү – Манастын жаркын келечегин түптөө үчун чын дилден күйүп-бышып сүйлөгөнү атанын тарбия камкордугуна мисал.[68]

Андан тышкары, элдик педагогиканын калыптанышына Ислам дининин таасири бар. Адамдын уят-сыйына, ынсабына ишенүү жана жана адеп-ахлак нормаларына баш ийүү Ислам динине мүнөздүү сапат.

---

67Нурзат Асанбекова, *““Манас” Эпосунда элдик педагогикалык идеялар жана аларды кыргыз тилин окутууда пайдалануу”* Научная электронная библиотека, 15май 2023

68 Советбек, Байгазиев. *Окутуунун жана тарбиялоонун философиясы* (Бишкек:Алтын тамга басмаканасы, 2012) 29 бб.

Кыргыз элинде адамдын жүрүм-туруму, бири-бирине болгон мамилеси макал-лакаптар, өз ата-бабаларына сый-урмат менен кайрылган салт-санаалары азыркы күнгө чейин сакталып, өз маанисинин актуалдуулугун бүгүнкү күнгө чейин жоготпой келе жатат. Кыргыздын кайсыл чыгармасынын түрүн албайлы жазуу болобу же оозеки болобу сөзсүз түрдө адептүүлүккө, ыймандуулукка, эмгекчилдикке жана кечиримдүүлүккө чакырат.

Элдик педагогикада үй-бүлө мүчөлөрүнүн өз-өзүнчө жоопкерчиликтери чечмеленет.[69] Ошондой эле бала тарбиясында атанын өз орду, жоопкерчилиги бар, эненин өз алдынча милдеттери, өз орду болот. Элдик түшүнүктө энелер балдарына мээрим төгүп, ага муундан муунга уланып келе жаткан салт санааларга ылайык тарбиялап, баланы мээнеткеч, мээримдүү жана сабырдуу болууга тарбиялайт. Ал эми атасы эр жүрөк болуп, чеберчилик үйрөнүүсүн камсыздайт. Кичине кезинде кызды да, эркекти да үйдө апасы тарбиялап өстүрсө, чоңойгондон баштап өзгөчө эркек балдарды атасы ээрчитип, иш кылгандан баштап эл менен учурашуу адебине чейин үйрөтүүсү керек эле. “Кызга кырк үйдөн тыюу” деген макал-лакаптар кыз баланы жаштайынан үй тиричилигине үйрөтүп, адептүүлүккө, тыкандыкка, тазалыкка тарбиялаган. Ал эми “Жигитке жетимиш өнөр аздык кылат” демекчи уул балдарды кичинесинен үй-бүлө багууга колунан бир нерсе келип, бир өнөр үйрөнүүсү керек эле. Ошентип кичинесинен чоңойгондогу ролдору белгилүү боло баштайт.

Кыргыздар баланын жаш курак өзгөчөлүгүнө маани берип, баланын беш жашка чейинки убагына өзгөчө тарбия берүүгө аракет кылышкан. “Кыркы чыга элек бала” деп жаңы төрөлгөн баланы ырымдап сыртка чыгарбай, бөлөк бөтөн адамдардын көзүнө көргөзбөй аяр мамиле кылып кырк күн жаткан бешигин таза кармап, өбүүгө жана кармалоого тыюу салышкан. Анткени ушул учурда баланын организминде өзүнөн-өзү коргоо иммуниети иштелип чыкпайт.

Анан “там туң баскан бала”, “тили чыккан бала” деп 1 жаштан өткөн балдарды мүнөздөйт. Бул курак баланын физикалык жактан дагы, акыл эс жактан дагы чоң секириктерди жасап, чоңоюп жаткан чагы. [70]

69 Акматали, Алимбеков. “Теория и практика этнопедагогической подготовки в системе высшего педагогического образования” автореф.дисс.,док.пед.наук: 13.00.01
70 Рано, Абдураимова. “Үй-бүлөдө кенже мектеп курагындагы балдарды элдик педагогиканын каражаттары аркылуу тарбиялоо” дисс...пед.и. докт: 13.00.01, 1326.

“Ишке жарап калган бала” деп беш жашка келип калган баланы айтат. Мындай балага эмгек тарбиясы бериле баштайт. Бешик териметип, өзүнүн кийимдерин күтүп, өзүн-өзү эптеп калган чагы. Ал эми 7-8 жаштагы баланы “кол арага жарап калган бала” деп мүнөздөшүп, мал кайтаруу, үй иштерин кылуу сыяктуу иштер менен ата-энесине дилгирлик менен жардам көрсөтө баштайт.

Ал эми “эрезеге жеткен же балакатка жеткен курак” деп 12 жаштагы балдарды айтат. Кыргызда 12 жаш мүчөл жыл болуп эсептелинип, дене бою дагы, акыл-эси жагынан дагы жетилген бала болуп эсептелинет. Анан 18 жаштын тегерегинде балалыктан толук чыгып, үй бүлө куруп чоң кишилердин катарына кошулуп, акылы жактан дагы, дене мүчө жактан дагы толук чоңоюп, өзүнө жана үй-бүлөсү үчүн жоопкерчилик алып кала тургандай деңгээлге жетет. [71]

### 2.1.2. Классикалык педагогикада.

Үй-бүлөнүн тарбиялык потенциалы – бул үй-бүлө тарбиясынын реалдуу жана актуалдуу мүмкүнчүлүктөрүн кароого мүмкүндүк берүүчү, үй-бүлөнүн бардык мүчөлөрүнүн балдарга таасир этүүсүнүн процесстерин караган кыйла кеңири түшүнүк.[72] Ошол эле учурда ата-эне балдарды тарбиялоодо чечүүчү роль ойнойт. Ал эми алардын ата-энелик потенциалы канчалык жогору болсо, тарбия процесси ошончолук натыйжалуу болот. Педагогика илиминин гениалдуу негиздөөчүсү жана өзүнүн ишине берилгендиги менен таанылган улуу тарыхый инсан. Коменский “Энелер мектеби” эмгегинде энелердин педагогикалык билимин өркүндөтүү канчалык маанилүү экендигин айткан. Эненин жетекчилиги менен баланын акыл эсинин өнүгүүсүн жана дене боюнун өсүүсүн камсыздоо шарт. Бала төрөлгөндөн баштап баланын физикалык жана психологиялык жактан каалоолорун эң жакшы энеси билет. [73] Бала сүйлөбосө дагы, эне сезип билип тура алат. Коменский баланын дене боюнун өсүү жагынан тарбиялоого маани берген. Анткени баланын ден соолугу чың, акыл эси тунук чоңоюшу үчүн эне баласын режим менен тамактандыруу, жашаган жеринде элементардуу тазалыкты сактоо жана гигиенасына маани берүү сыяктуу режимдердин так сунуштарын берген. Албетте эненин милдети физикалык нерселер менен эле чектелбейт. Баланын

71 Рано, Абдураимова. “Үй-бүлөдө кенже мектеп курагындагы балдарды элдик педагогиканын каражаттары аркылуу тарбиялоо” дисс...пед.и. докт: 13.00.01, 1326.
72Юрий Азаров. *Семейная педагогика: Педагогика любви и свободы (*Москва:Топикал, 1994)
73 Дмитрий Косяков “Ян Амос Коменский – основоположник классической педагогики, как науки” https://zaochnik.com/spravochnik/pedagogika/obschie-osnovy-pedagogiki/jan-amos-komenskij/

эмоционалдык жактан туруктуу психикасын калыптандыруу жана адеп-ахлак тарбиясын балага сиңирүү шарт. Албетте бала чөйрөгө жараша өзгөрүп, баланы куурчап турган дүйнө акыл-эсин, ой-жүгүртүүсүн калыптандырат. Бирок ошолордун ичинен эң негизги фундаментти эне өз таасири менен калыптандырат. Ошол менен бирге баланы психологиялык жактан мектепке даярдоо абдан маанилүү экенин Коменский баса белгилеген. Ата-эне мектептин канчалык деңгээлде маанилүү экенин балага түшүндүрүп, мугалимдин авторитетин баланын көзүндө жогорулатуу шарт экенин сунуштаган.

Окутуу теориясынын негизги маселелерине «Улуу дидактика» деп аталган эмгегинде өзгөчө көңүл бурат. Ал балага билим берүүнү эң эле жаш кезинен баштоо керек деп белгилеп, ата-энелер өз балдарын атайын билими бар мугалимдерге тапшыруусун айткан. Окуу ишинде ата-энелердин, мугалимдин балага тийгизген зор таасирин негизги фактор катары белгилеп, андан тышкары мектептин ички жана тышкы абалын, окуу китептеринин балдардын жаш өзгөчөлүктөрүнө ылайыкталып жазылышын, окуу методикасынын табигый болушун, бийликтегилер менен мектепти камсыздоочулардын окуу ишине талапты катуу коюусун талап кылган. [74]

Үй-бүлөдө баланы тарбиялоодо эненин ролу чоң, анткени эне баланы терең түшүнүп, сезе алат. Эне баланын өзгөчөлүктөрүн билип, мугадимге көмөктөшө алса ортого жакшы жыйынтык чыгат. Баланын жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүгө болот. Улуу педагогдун негизги тезистери бүгүнкү күнгө чейин актуалдуу болуп эсептелинет.

Бардык мезгилдин жана элдердин улуу педагогдорунун бири Ж.Ж.Руссо үй-бүлөдө баланы ата-эненин тарбиясы жөнүндөгү идеяны негиздейт. Баланы ата-эне биргелешип тарбиялоо-бул жалпы эреже деп эсептеген. Бала тарбиялоо идеалдуу болуусу керек, анткени бала тарбиясы бузулса коом бузулат деп айтат. [75]

Белгилүү швейцариялык педагог, ойчул И.Г.Песталоцци «Метод» деген эмгегинде адамдын таанып билүүсү сезүү аркылуу кабыл алуудан так түшүнүккө бара тургандыгын айтат. Ал «Менин эң маңыздуу көз карашымдан чыккандар төмөнкүлөр: адамдын жаратылышты сезим аркылуу кабыл алуусу окутуунун

---

74 Ян Амос Коменский, Джон Локк, Жан Жак Руссо, Иоганн Песталоцци. *Педагогическое наследие* (Москва:Издательство "Педагогика", 1989), 60с.,323 с.
75 Константин Миланов «Педагогическая судьба и учение Жан Жака Руссо" *Вестник Образование России,* (Февраль 2023)

бирден-бир акыйкаттуу фундаменти болуп саналат, демек, сезим аркылуу кабыл алуу адамдык таанып билүүнүн бирден-бир негизи», – деп белгилеген. [76] Ал эми бала алгачкы сезимдерин энесинен алат. Баланын тарбиясы төрөлөөрү менен башталат. Ошондуктан И.Г.Песталоцци үй-бүлөдө алгачкы баланы тарбиялоонун жоопкерчилигин жана мазмунун аныктап, методикасын иштеп чыккан.

Немец педагогу А.В.Дистервег «Немец мугалимдерине билим берүүгө жетекчилик» деген эмгегинде окутуунун өнүктүрүүчүлүк жана тарбия берүүчүлүк идеясын теориялык жактан негиздеген. Ал тарбия процессин уюштурууда үч принципти колдонуу керек деп эсептейт: алар -жаратылышка ылайыкташуу, маданиятка ылайыкташуу жана өз чыгармачылыгына карап тарбиялоо. Баланын физиологиялык жана психологиялык өзгөчөлүктөрүн өздөштүргөн мугалим гана анын ар тараптуу өнүгүүсүн камсыз кыла ала тургандыгын айткан.[77]
Ф.А. Дистервег мектептеги окуу процессинин бардык жагын камтыган эрежени иштеп чыккан. Окутуудагы өнүктүрүүчүлүк милдетти ишке ашырууда мугалимдин чечүүчү ролуна көңүл бурган, ал мугалимдерди окуучулардын жогорку кеп маданиятын өнүктүрүүгө жана өз билимин жогорулатып турууга, окутуунун пайдасыз методикаларын колдонбоого, чыгармачылык менен иштөөгө, өз алдынча ой-жүгүртүүнү өнүктүрүүгө чакырган. Албетте, окуу ишинин сапаттуулугу мугалимдин педагогикалык чыгармачылыгы менен тыгыз байланышкан. Окуу ишине тишелүү болгон бардык проблемалар мугалимдин кийлигишүүсү, таасир берүүсү, бирдиктүү иш алып баруусу менен чечилет. Андыктан, биздин изилдөө ишибизге байланышкан проблема мугалимдин иш-аракетисиз чечилбейт. Дагы бир маанилүү маселе педагогдун баланы маданиятка ылайыкташтырып тарбиялоо идеясы. Азыркы шарттагы үй-бүлөнүн абалына көңүл буруу менен, баланын таалим-тарбиясын ата-энелер менен өнөктөшүп жүргүзүү зарыл.[78]

Х1Х кылымдын экинчи жарымында элге билим берүүнүн прогрессивдүү ишмерлери К.Д.Ушинский, И.Н.Ульянов, Н.А.Корф, В.М.Водовозов, В.П.Вахтеровдор үй-бүлө жана мектептин байланыштуулугу жөнүндөгү проблеманы андан ары өнүктүрүшкөн.

---

76 Иоганн Песталоцци, “Избр. Произв в 3-х т” *Изд-во АПН СССР*,1961, т.1, с.537-542.
77 Гапыр Мадаминов, “Айыл мектептеринде ата-энелердин педагогикалык маданиятын өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары” (Кандидаттык диссертация, И.Арабаев атындагы КМУ, 2017), 49.

78 Светлана Вигман, “Педагогика вопросах и ответах:Учебное пособие”, *Издадельство «проспект»*, 2004.-С-208

И.А. Комарова ата-эненин потенциалын үй-бүлөлүк тарбиянын натыйжалуулугуна таасир этүүчү эң маанилүү мүнөздөмөлөрдүн бири катары классификациялайт, ал эми автор ата-энелик потенциалдын структурасындагы негизги элемент катары ата-эненин компетенттүүлүгүн баса белгилеген. Бул концепциянын маңызын негиздөөгө токтоло кетели. Бул чөйрөдөгү изилдөөлөрдү талдоо ата-эненин компетенттүүлүгүн төмөнкүдөй контексттерде изилдегендигин көрсөттү:

- үй-бүлөдө тарбияланууучу баланы тарбиялоодо ата-эненин компетенттүүлүгү (С.С.Пиюкова), мында автор ата-эненин компетенттүүлүгүн системалуу билим берүү, айрым мүнөздөмөлөрдүн жыйындысы катары түшүнөт. адам жана анын педагогикалык ишмердүүлүгү;

- жаш балдарды тарбиялоодо ата-эненин педагогикалык компетенттүүлүгү (В.В. Селина) компетенттүү ата-эненин инсандык жана ишмердик мүнөздөмөлөрүнүн жыйындысы катары, алар баланы баалуулук катары кабыл алууга даярдыгында жана жөндөмдүүлүгүнөн көрүнүп турат, негизги психологиялык-педагогикалык билимдерге ээ. , объективдүү иш-чараларда кызматташуунун ар кандай ыкмаларын колдонуу. Ата-энелердин педагогикалык компетенттүүлүгү, ошондой эле ата-эненин тарбиялоо функцияларын аткаруу, баланын муктаждыктарын түшүнүү жана алардын акылга сыярлык канааттануу үчүн шарттарды түзүү, баланын жөндөмдүүлүктөрүн эске алуу менен анын билим алуусун жана бойго жетүүсүн аң-сезимдүү пландаштыруу жөндөмү катары чечмеленет (Л.С. Барсуков, Е.В. Рылеева)[79]

Жүргүзүлгөн теориялык анализдердин негизинде ата-энелердин педагогикалык компетенттүүлүгүн тарбиялоонун максаттарына жана каражаттарына, баланын инсандыгын өнүктүрүүнүн келечегине карата өз алдынча аныктоону баалоо жөндөмү катары карайбыз. Педагогикалык иштин айрым технологияларын өздөштүрүү жана педагогикалык чеберчиликти үзгүлтүксүз жогорулатуу, педагогикалык рефлексияны өнүктүрүү. Бул мааниде ата-энелердин педагогикалык компетенттүүлүгүнүн структурасын төмөнкүдөй компетенциялар түрүндө көрсөтүүгө болот:

79 Ирина Комарова, Оксана Пойда. «Феномен осознанного родительства: теоретический и практический аспекты: учебно-методические материалы», Могилев: МГУ имени А. А. Кулешова, 2014. – 108 с.

1) нарктык-семантикалык - бул балдарды тарбиялоодо инсандын баалуулук багыттары жаатындагы компетенциялар, түшүнүү жөндөмдүүлүгү менен байланышкан. Бала - анын өнүгүүсүндөгү өзүнүн ролун жана өзүнүн педагогикалык мүмкүнчүлүктөрүн өркүндөтүү зарылдыгын, социалдык маанилүү максаттарга жана баланын жашына шайкеш келген тарбиялоо милдеттерин коюу жөндөмдүүлүгүн түшүнүү;

2) интеллектуалдык жана когнитивдик - бул ар кандай курактагы балдардын өнүгүү жана тарбиялоонун мыйзам ченемдүүлүктөрү, педагогикалык маселелерди чечүүнүн жолдору, милдеттерди жана кырдаалдар жөнүндө базалык билимдерди өздөштүрүү жаатындагы компетенциялардын жыйындысы. Заманбап каражаттар менен балдарды тарбиялоо жана өнүктүрүү боюнча зарыл маалыматтарды:

- баланын жаш жана жеке өзгөчөлүктөрүнө адекваттуу вербалдык жана вербалдык эмес баарлашуу ыкмаларын өздөштүрүүгө багытталган коммуникативдик;

- бала менен өз ара аракеттенүү ыкмаларын өздөштүрүү, анын жүрүм-турумуна байкоо жүргүзүү, билим берүүнүн милдеттерин пландаштыруу, ар кандай курактагы балдарды тарбиялоо жана өнүктүрүү боюнча алынган психологиялык-педагогикалык билимдерди колдонуу, объективдүү иш-аракет үчүн шарттарды түзүүнү камтыган ишмердик компетенциялары жана балдардын ишинин башка түрлөрү;

- рефлексивдүү, алар балдар менен болгон мамилелердин жана өз ара мамилелердин мүнөзүн аңдап билүү жана баалоо, билим берүү процессин жана анын натыйжаларын талдоо жөндөмү менен байланышкан.[80]

Илимпоздор ата-энелердин педагогикалык компетентүүлүгүнүн структурасында базалык педагогика жана психология билимдеринин бар болушун, андан тышкары ата-энелердин максаттуу тарбиялоо жөндөмдүүлүгүн жана билим берүүдөгү ар түрдүү ыкмаларды жана каражаттарды колдонуунун маанилүүлүгүн белгилешет. Илимий эмгектерди талдоо, өзүбүздүн изилдөөбүздүн натыйжалары үй-бүлөлүк тарбия маселелери боюнча ата-энелердин педагогикалык компетенттүүлүгүнүн төмөнкү көрсөткүчтөрүн аныктоого мүмкүндүк берди:

---

[80] Ирина Комарова, Оксана Пойда. «Феномен осознанного родительства: теоретический и практический аспекты: учебно-методические материалы», Могилев: МГУ имени А. А. Кулешова, 2014. – 108 с.

1. Заман талабын эске алуу менен тарбиялык милдеттерди коё билүү, үй-бүлөгө жана балдарды тарбиялоого таасир этүүчү факторлор, бул милдеттерди ишке ашыруунун негизги ыкмаларын өздөштүрүү.

2. Ишенимдүүлүк, психологиялык коопсуздук атмосферасын түзө билүү, психологиялык-педагогикалык билимдерге жана үй-бүлөлүк тарбия практикасына таянып, балдардын ар тараптуу өнүгүүсү үчүн жагымдуу шарттарды камсыздай билүү.

3. Тарбиялык милдеттерди ишке ашыруу үчүн зарыл болгон түрдүү каражаттарды, формаларды жана методдорду комплексте колдонуу, баланы тарбиялоонун оригиналдуу ыкмаларын колдонуу.

4. Тажрыйбаңызды талдоо, аны менен бөлүшүү, билим берүү стратегияларын колдонуунун натыйжаларын болжолдоо жөндөмү.

5. Мугалимдер жана башка адистер менен өз ара аракеттенүү жөндөмдүүлүгү, туруктуу психоэмоционалдык абал, адекваттуу өзүн-өзү сыйлоо.

6. Педагогикалык окууга, өз алдынча билим алууга катышуу.

Белгиленген компетенциялардын калыптануу деңгээлин тереңирээк изилдөө үчүн биз кичинекей окуучулардын ата-энелеринин арасында сурамжылоо жүргүздүк. Анын жыйынтыктарын талдоо көрсөткөндөй, ата-энелердин 73% өздөрүнүн компетенттүүлүгүн жогорулатууга, билим берүүнүн салттуу жана алдыңкы тажрыйбаларын изилдөөгө, педагог катары өзүнүн сапаттарын түшүнүүгө, тарбиялоо функциясын ишке ашыруудагы тоскоолдуктарды жеңүүгө умтулушат. Бирок, сурамжылоо терс жактарын да аныктады: респонденттердин 27% билим берүү маселелеринде өз компетенттүүлүгүн жогорулатууга кызыкдар эмес. [81] Педагогикалык компетенттүүлүгүн жогорулатуу зарылдыгын түшүнгөн ата-энелердин бул категориясы үй-бүлөлүк тарбия маселелеринде өз жолун жигердүү иштеп чыгууга даяр эмес. Үй-бүлөнүн тарбиялык потенциалын жогорулатуу проблемасын компетенттүү мамиленин позициясынан изилдөө ата-энелерге билим берүү жаатындагы талаптардын жогорулашы менен алардын өздөштүрүү

[81] Елена Герасимович “Педагогическая компетентность родителей составляющая воспитательного потенциала семьи” Белорус. гос. пед. ун-т им. М. Танка Минск : БГПУ, 2017. – С. 11–15.

деңгээлинин ортосунда келип чыккан карама-каршылыктарды аныктоого мүмкүндүк берди.

### 2.1.3. Азыркы педагогикалык илимде

Г. Мадаминов элдик жана классикалык педагогикадагы энелер педагогикасы тууралуу ой тыянактар менен бирдикте азыркы педагогикалык изилдөөлөргө да таянган. Анын бул багыттагы иш аракети белгилүү өлчөмдө өзүнүн «Айыл мектептеринде ата-энелердин педагогикалык маданиятын өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары» аттуу темадагы 13.0.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык изилдөөсүндө чагылдырылган. [82]

Азыркы учурда өзгөчө кыргыз коомунда үй-бүлөнүн тарбиялык потенциалын жогорулатуу, алардын педагогикалык компетенттүүлүгүн жогорулатууга муктаждык бар. Г. Мадаминов белгилегендей бул проблемаларды чечүүнүн жолдорун көптөгөн окумуштуу педагогдор изилдеп келген. Ата-эненин педагогикалык компетенттүүлүгүн калыптандыруу маселесин натыйжалуу чечүү үчүн өзөгүн үй-бүлөлүк тарбия түзгөн элдик педагогикага кайрылуу маанилүү деп ойлойм. Анын идеялары — элдин руханий, идеялык жана адептик байлыгы, анын боорукердик жана сулуулук идеалдары, чындыкка моралдык-эстетикалык мамилеси эң жогорку деңгээлде чагылдырылган. Рухий-адептик баалуулуктарды калыптандыруу, элдик каада-салттарды, ырым-жырымдарды жана үй-бүлөнүн жана күнүмдүк маданиятты өнүктүрүүнүн өзгөчөлүктөрүн билүү ата-энелерге топтолгон билимдерин үй-бүлөлүк тарбияда пайдаланууга жана үй-бүлөнүн тарбиялык потенциалын жогорку деңгээлге көтөрүүгө мүмкүндүк берет.

Акыркы жылдарда ар кандай педагогдор тарабынан ата-энелердин педагогикалык компетенттүүлүгүнүн структуралык компоненттерин аныктоо боюнча кызыктуу илимий өнүгүү аракеттери көрүлүүдө. Биздин оюбузча, чынында эле каралып жаткан концепциянын маңызы анын структурасында абдан так чагылдырылган.

[82] Гапыр Мадаминов, "Айыл Мектептеринде Ата-Энелердин Педагогикалык Маданиятын Өнүктүрүүнүн Педагогикалык Шарттары." Кандидаттык диссертация, И.Арабаев атындагы КМУ, 2017.

Эң кеңири А.В. Минина ата-энелердин педагогикалык компетенттүүлүгүнүн төмөнкү компоненттерин бөлүп көрсөткөн: мотивациялык-инсандык, гностикалык, коммуникативдик-активдүүлүк, компетенттүүлүккө негизделген тажрыйба.

Мотивациялык-инсандык компонент ата-энелердин балдарды тарбиялоонун ийгиликтүү натыйжасына болгон кызыгуусун, балага жана өзүнө карата психологиялык позициялардын жыйындысын (эмпатия, педагогикалык рефлексия), тарбиялоонун жеке тажрыйбасын билдирет.

Гностикалык компонент ата-эненин билим чөйрөсү, маалыматты издөө, кабыл алуу жана тандоо менен байланышкан.

Коммуникативдик-активдүүлүк коммуникативдик, уюштуруучулук, практикалык көндүмдөрдү жана жөндөмдөрдү камтыйт.

Компетенттүүлүккө негизделген тажрыйба эң негизгиси болуп саналат жана ата-эненин билим берүү жаатындагы педагогикалык билими, көндүмдөрү, иш жүзүндө текшерилген, стихиялуу же атайын уюштурулган компетенттүү милдеттерди - ата-эне тарабынан өздөштүрүлгөн кырдаалдарды чечүү аркылуу алынгандыгын билдирет.[83]

Р.В. Овчарова белгилеп кеткен компоненттерге төмөнкүлөрдү айтып кетсек болот:

1. Мотивациялык-нарктык компонент. Үй-бүлөлүк баалуулуктардын өзгөчөлүктөрү, алар эмоциялардын, сезимдердин, ишенимдердин жана жүрүм-турум көрүнүштөрүнүн биригүүсүн билдирет, алар ата-эне болууга даярдыгынын башка компоненттери үчүн негизги болуп саналат жана ата-эненин инсандык багыты жана анын жүрүм-турумунун багыты боюнча ишке ашырылат.

2. Когнитивдик компонент – ата-эненин мамилеси, күтүүсү. Алар презентациянын үч деңгээлин камтыйт: репродуктивдүү көз караштар, ата-эне менен баланын мамилелериндеги көз караштар жана күтүүлөр, өз баласынын образына карата мамиле жана күтүүлөр.

[83]Анна Минина, Компетентность современных родителей в воспитании самостоятельности у дошкольников Московский педагогический государственный университет 1, 402 (Январь 2014):42-48

3. Эмоционалдык компонент – ата-энелик сезимдер (бул адамдын жашоосунда өзгөчө орунду ээлеген сезимдердин олуттуу тобу, алар ата-энелик мамиледе жана ата-энелик позицияда ишке ашат).

4. Иш-аракет компонентине ата-эненин мамилеси, ата-эненин позициясы, ата-эненин жоопкерчилиги жана тарбиялоо стили кирет. Ата-энелик мамиле эмоционалдык-нарктык мамиленин альтернативдик элементтерин камтыган жана белгилүү бир чектерде өзгөрүүгө жөндөмдүү салыштырмалуу туруктуу көрүнүш. Ата-эненин мамилеси бала менен болгон байланышта, көзөмөлдүн формаларында, мамилелер аркылуу тарбияланат.[84]

К.Лебедева белгилеген педагогикалык компетенттүүлүктүн компоненттери жогоруда белгиленген структураны кеңейтип, өзгөчө кызыгууну туудурат.

1. Нарктык-семантикалык компонент-баланы тарбиялоо үчүн зарыл болгон ата-эненин инсандык сапаттарын өнүктүрүүнү, ошондой эле өзүн-өзү өнүктүрүүнүн зарылдыгын жана баалуулугун түшүнүүнү камтыйт.

2. Когнитивдик компонент-ата-энелердин балдарды тарбиялоо үчүн зарыл болгон кесиптик-педагогикалык билимдеринин, көндүмдөрүнүн жана көндүмдөрүнүн жыйындысы.

3. Рефлексивдүү компонент-ата-энелердин педагогикалык өзүн-өзү жөнгө салуу, өзүн-өзү рефлексиялоо, өзүн-өзү башкаруу, өзүнүн педагогикалык ишмердигине өзүн өзү баалоо жөндөмүнө ээ экендигин болжолдойт.

4. Жүрүм-турумдук-аракет жана жүрүм-турумдук-коммуникациялык компоненттер-ата-энелердин бала менен өз ара аракеттенүүсүнүн өзгөчөлүгүн мүнөздөйт.[85]

Ата-энелердин педагогикалык компетенттүүлүгүн калыптандыруу моделинде, Н.Н. Быстрова, илимий-теориялык, психологиялык-педагогикалык, жекелик, ишмердүүлүк сыяктуу компоненттерди бөлүп көрсөтүшөт.

---

[84] РаисаОвчарова, «Психология родительства: учеб. пособие для студ. высш. учеб. Заведений». Москва:Издательский центр «Академия», 2005. 368 с

[85] Клавдия Лебедева, “Педагогическая компетентность родителей дошкольников: структура и методики ее измерения в контексте личностного подхода”, Пермь:Современные проблемы науки и образования 6, (Январь 2015):84.

1. Илимий-теориялык компонент баланын өнүгүүсүнүн негизги мыйзам ченемдүүлүктөрүн так билүүнүн негизинде салыштыруу жана жооп берүү жөндөмүн камтыйт.

2. Психологиялык-педагогикалык ата-эненин бала менен туура өз ара аракеттенүүгө даярдыгын, баланын эмоциясын тааный билүүсүн, аларды жөнгө салууну, баалуулук багыттарын аныктоону камтыйт.

3. Иш-аракет уюштуруучулук-методикалык багыттын көндүмдөрүн камтыйт, ага ээ болуу ата-энеге педагогикалык кырдаалдын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен баарлашуунун эң конструктивдүү формаларын тандоого мүмкүндүк берет, анын натыйжасында бала менен компетенттүү өз ара аракеттенүү ишке ашат.

4. Жеке компонент ата-эненин үзгүлтүксүз өзүн-өзү өнүктүрүү жөндөмдүүлүгүн чагылдырат. Бул да ата-энелердин демилгесин, алардын окуу-тарбия иштерине жоопкерчилик сезимин, баарлашуу жөндөмүн камтыйт[86]

Көрсөтүлгөн ыкмаларды жалпылап карап чыкканда, коммуникативдик көндүмдөрдүн зарылдыгын баса белгилеген мотивациялоочу компоненттин сөзсүз түрдө бар экендиги жөнүндө тыянак чыгарууга болот. Ата-энелердин педагогикалык компетенттүүлүгүнүн структурасы боюнча заманбап илимпоздордун ар кандай көз караштарын талдоонун натыйжасында, төмөнкү структуралык компоненттерди аныктадык:

Баалуулук -мотивациялоочу компонент.

«Баалуулуктар» деген сөз анын аталышында биринчи орунга коюлушу бекеринен эмес, ошондуктан биз «ата-эненин педагогикалык компетенттүүлүгү» деген бүтүндөй жалпы адамзаттык баалуулуктар болуп саналган түшүнүктүн негизин баса белгилегибиз келди: бала баалуулук катары, ата-энелик баалуулук катары, үй-бүлөдөгү ар бир адамдын өзгөчөлүгү да баалуулук болуп саналат. Ошентип, баалуулук-мотивациялык компоненттин көрсөткүчтөрү болуп төмөнкүлөр саналат: ата-эненин өкүлчүлүктөрү, ата-энелердин мамилеси, ата-энелердин мамилелери;

[86] Наталья Быстрова, “Компетентность родителей как результат компетентной работы специалистов системы образования” Хабаровск:Мир науки, культуры, образования 4, (Август 2011):20-24.

баланы шартсыз кабыл алуу жөндөмдүүлүгү; өзүн ата-эне катары кабыл алуу жөндөмдүүлүгү.

Эмоционалдык-жеке компонент.

Бул компонент ата-энелердин тарбиялык функцияларды ишке ашыруу процессинде башынан өткөргөн эмоционалдык тажрыйбанын бардык спектрин камтыйт. Бул ата-энелерде пайда болгон оң жана терс тажрыйбалар, жактырган же жактырбаган нерселер; бала менен баарлашуу процессинде өзүн-өзү канааттандыруу, ошондой эле баланын башынан өткөргөн окуяларына эмоционалдык жооп кайтаруу, ал эмпатия, бала башынан өткөргөн сезимдерди сезүү, симпатия, шериктештик түрүндө көрүнүшү мүмкүн. Эмоционалдык-инсандык компоненттин көрсөткүчтөрү катары төмөнкүлөр бөлүнөт: баланын абалын кабылдоо жөндөмдүүлүгү; бала менен өз ара кырдаалда ата-энелердин сезимдери; эмпатия жөндөмдүүлүгү.

Коммуникативдик-турумдук компонент.

Коммуникативдик жүрүм-турум компоненти бала менен туура мамиле түзө билүү жөндөмүн камтыйт, анда педагогикалык такт, этика, эмоционалдык ийкемдүүлүк, эмпатия ж.б. көрүнөт.Ал үчүн ата-эне вербалдык жана вербалдык эмес иш-аракеттерди жүргүзө билиши керек. байланыш; бала менен өз ара аракеттенүүнүн стратегиясын, тактикасын жана техникасын тандоо; өзүңүздү маектешиңиз менен идентификациялаңыз, өз ара аракеттенүү учурунда бала аны кандай кабыл алып жатканын түшүнүңүз, баарлашуунун катышуучулары тарабынан түшүнбөстүк көйгөйүн жок кылыңыз. Бул компоненттин көрсөткүчтөрү: мамилелердин басымдуу эмоционалдык фону; ата-эненин бала менен денелик байланышка умтулуусу; өз ара аракеттенүү учурунда баланын абалына багыттоо.

Инструменталдык компонент.

Инструменталдык компонент бала менен өз ара аракеттенүүнүн белгилүү бир ыкмаларына жана ыкмаларына ээ болууну камтыйт. Мындай ыкмалардын мисалы катары билдирүү, визуалдаштыруу ыкмалары жана балага эмоционалдык колдоо көрсөтүү жөндөмдүүлүгү; баланын эмоционалдык абалына таасир этүү жөндөмдүүлүгү.

Когнитивдик компонент.

Когнитивдик компоненттин мазмуну ата-энелерди жаңы алынган маалыматтардын негизинде педагогикалык кырдаалды талдоо, үй-бүлөлүк тарбия жаатында стратегиялык, тактикалык, алдыңкы милдеттерди түзө билүү жөндөмдөрү менен байытуу менен байланышкан. Бул компонент ар кандай булактардан жаңы билимдерди алуу жөндөмүн, анын ичинде өзүнүн ишмердүүлүгүн изилдөөнү камтыйт; балага педагогикалык таасирдин мазмунун тандоодо негизги, маанилүү нерселерди бөлүп көрсөтүү жөндөмдүүлүгү; учурдагы билим берүү кырдаалын талдоонун негизинде оптималдуу педагогикалык милдеттерди түзө билүү.

Когнитивдик компоненттин негизин герменевтика концепциясы түзөт, ал окуу процессинин субъекттерин өз ара түшүнүү ыкмасы катары каралып келген. Ата-эне менен баланын ортосундагы өз ара аракеттенүүнүн өзгөчөлүктөрүн педагогикалык чечмелөө үчүн ата-энелерге жаш курактын жана индивидуалдык өнүгүүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрүн билүү гана керек эмес; мектепке чейинки балдардын жеке психофизиологиялык өзгөчөлүктөрү; ошондой эле баланын жүрүм-туруму менен моралдык нормалардын жана ишенимдердин шайкештигин аныктоо жөндөмдүүлүгү; баланы анын айткандарынын, ойлогонунун жана кандай иш-аракет кылганынын мамилесинде көрө билүү; билим жана педагогикалык кырдаалдарга объективдүү баа берүү жөндөмдүүлүгү; баладагы оң жактарын, билим берүү процессинде таяна турган нерсени көрө билүү; бир эле эмоционалдык абалды башынан өткөрүү аркылуу баланын башынан өткөргөн окуяларын түшүнүү, аны менен идентификациялоо аркылуу, жалпы адамзаттык баалуулуктардын негизинде өзүнүн педагогикалык ишмердигин объективдүү баалоо жөндөмдүүлүгү.[87]

Когнитивдик компоненттин көрсөткүчтөрү: мектепке чейинки балдардын жаш өзгөчөлүгүн билүү; мектепке чейинки куррактагы бала менен өз ара аракеттенүүнүн өзгөчөлүктөрүн билүү; баланын абалынын себептерин түшүнүү үчүн ата-энелердин жөндөмдүүлүгү.

[87] Людмила Азарова, Ева Лазарева “Педагогическая компетентность родителей: взгляды на структуру” Москва: *Известия Института педагогики и психологии образования* 10 май 2023

Бардык тандалган компоненттердин мазмуну бири-бири менен тыгыз байланышта, акыркы когнитивдик компоненттин сүрөттөлүшү да жалпы адамзаттык баалуулуктарды камтышы кокусунан эмес.

## 2.2. Гапыр Мадаминовдун энелердин педагогикалык компетенттүүлүгүн өнүктүрүү багытындагы тажрыйбасынын социалдык педагогикалык жана технологиялык негиздери

### 2.2.1. “Энелер мектебин” уюштуруунун социалдык педагогикалык негиздери

Адам баласы байыртадан социалдашып гана жашоого ылайыкташкан. Анткени адамдар бири бирине муктаж. Ошол себептен улам үй-бүлө курулуп, үй – бүлөлөрдөн коом, коомдон мамлекеттер куралган. Үй-бүлө-никелик же туугандык байланышы бар адамдар тобу болуп эсептелет. Өз эрки менен никелик мамилеге кирүү, балалуу болуп аларды тарбиялоо жана тиричилик жалпылыгы менен байланышкан социалдык институт. Коомдун базалык уячасын куруудагы максат үй-бүлө мүчөлөрүнүн бири бирин моралдык жана материалдык жактан колдоосу, жардам берүүсү жана бактылуу жашоого умтулуусу болуп эсептелет. Адамдын жашоо циклинин деңгээлдеринде анын үй-бүлөдөгү функциялары алмашып турат.

Негизинен үй-бүлө ата эне жана баладан, андан тышкары чоң ата, чоң эне, тайэне, тайата, эже, сиңди, байке, иниден куралат[88]. Мисалы бир адамдын жашоосу боюнча үй-бүлөдөгү абалы(бөбөк, ини, байке, ата, чоң ата) же болбосо (сиңди, эже, апа, тайэне) болуп алмашып турат. Чоң адам үчүн үй-бүлө анын муктаждыктарын канаатандыруучу булак болуп эсептелгени менен ошончолук талаптарды коюучу кичи жамаат. Ал эми бала үчүн анын физикалык, эмоцианалдык жана интеллектуалдык өнүгүүсүнө шарт түзүп берген чөйрө. Баланы физикалык жактан өсүп-өнүгүүсүнө шарт түзүп берүү канчалык маанилүү болсо, эмоцианалдык жактан жетиштирүү да ошончолук маанилүү. Анткени балага ата энеси толугу менен мээримин төгүп бере албаса ал нерсени эч нерсе менен толуктоо мүмкүн эмес. Андан тышкары ата эне баланын акыл эс жактан өстүрүүсүнө маани бериш керек. Коомдо өсүп чоңойгондуктан социалдык нормаларды үйрөтүү, ар бир жарандын укук жана милдеттерин айтуу да маанилүү. Андан тышкары социалдык баалуулуктарды үйрөтүү. Ошол коомдогу нормаларды, маданий өзгөчөлүктөрдү

[88] “Семья в современном обществе” акыркы жаңылоо 2май 2023 https://studfile.net/preview/10052666/page:5/

өздөштүрүүсү маанилүү. Демек балага ушул нормаларды үйрөтүү үй-бүлөдөн башталат.

Үй-бүлөдөгү тарбия коомдун калыптанышына таасир берет. Ар бир мамлекет үй-бүлөдөгү балдарды тарбиялоо мүмкүнчүлүктөрүн өнүктүрүүгө багытталган. Алсак,“Кыргыз Республикасынын үй-бүлө кодексиинин» 1-беренесинде «Үй-бүлө- коомдун алгачкы уюткусу. Үй-бүлө, аталык, энелик жана балалык - бүткүл коомдун өзгөчө камкордугунун жана айрыкча, мамлекеттин коргоосунун жүйөсү. Мамлекет жарандарды үй-бүлөлүк турмушка, жубайлыкка жана энеликке даярдоону камсыз кылат» - деп көрсөтүлгөн[89]. Ал эми аталган кодекстин “Балдарга карата ата-эненин (аларды алмаштырган адамдардын) укуктары жана милдеттери” 68-беренесинде жубайлардын педагогикалык функциясы төмөнкүчө берилген: Ата-энелер (аларды алмаштырган адамдар) баланы тарбиялоого, алардын билим алышына камкордук көрүүгө, жашына жана жөндөмдүүлүгүнө жараша анын иш-аракетин жетектөөгө укуктуу жана милдеттүү. Ата-энелер (аларды алмаштырган адамдар) баланын толук өсүшү, билим алышы, ден-соолугунун чыңдалышы жана аны үй-бүлөдө жана коомдо өз алдынча турмушка даярдоо үчүн зарыл шарттарды түзүүгө милдеттүү. Ата-энесинин экөө тең (аларды алмаштырган адамдар) бирдей деңгээлде баланы тарбиялоо жөнүндө кам көрүүгө, тиешелүү түрдө багууга, аны материалдык жактан кармоого, турак жай менен камсыз кылууга милдеттүү.[90] Демек, балага тарбия берүү ата-эненин милдетинде экени мыйзам актында таасын бекемделген. Негизинен кыргыз эли бала тарбиясына байыртадан өзгөчө маани берген. “Алма дарагынан алыс түшпөйт”демекчи бала тарбияланган үй-бүлөсүнө жараша чоңоет деп ишенишкен. Анткени бала эмнени көрсө, ошону кайтарып берет. Ошондуктан ата энеге бала тарбиялоо боюнча катуу талаптар коюлган. Элдик педагогикада тарбияга маанилүү роль берилгени көптөгөн чыгарма, дастан, элдик макал-лакаптарда кеңири колдонулгандыгынан билинип турат. Ошолордун бири дүйнөгө белгилүү «Кутадгу билиг» Баласагундук улуу окумуштуу, акын Жусуп Хас Хажип тарабынан 1069-1070-жж. Кашкарда жазылган. Ал китептин Вена, Каир, Фергана нускалары белгилүү. Бул дастан 85 тароого бөлүнүп, 6645 бейт, 13290 саптан куралган (Жусуп Баласагын. Кутадгу Билиг. Avrasya басмасы. 1992-ж.).

---

[89] КРнын Конституциясынын Билим Берүү жөнүндөгү мыйзамы. 2010-ж. 27- ст.
[90] КРнын Конституциясынын Билим Берүү жөнүндөгү мыйзамы. 2010-ж. 28- ст.

Дастандын «Айтолдунун уулу Өгдүлмүшкө акыл-насааты» (91-97-бет), «Балдарды кандай тарбиялоо жөнүндө баян» (4504-4526 сап, 265-бет) ж.б. баяндарында үй-бүлө, таалим-тарбия маселеси учкул сөздөр менен таамай берилген. Алар дагы: «Ата эмгеги балага жукса толук, Жетилет ал пейли-куту таза болуп, Тарбиясы катуу болсо баланын, Жүзү жарык эне менен атанын. Бекем кармап балаңды башкарбасаң, андан түңүл, баш бербейт кетет аргаң. Уул өстүрөм деген даана жүрөктүү, Катуу кармап, үйрөт билим, адепти. Эрке болсо кимдин уул-кыздары, Азабын жеп, анык жүрөк сыздаары. Бармактайдан кетсе бала ээн баш, Балада эмес, бул күнөөгө ата баш. Жаман жорук чыкса эгер баладан, Анын баары болгон, болот атадан... Уул кызга үйрөт нуска, билимди, Нарктуу болсун сыпаа-сылык күйүмдүү»[91]

Андан тышкары тышкары дүйнө жүзүнө белгилүү болгон “Манас” эпосунда көптөгөн тарбиялык ыр саптар кездешет. Мисалга алсак Манастын атасы бай Жакып ата-теги жөнүндө айтып берип, тарыхы, маданияты жана ата бабадан калган мурасы менен тааныштырган. Жалпысынан чыгышта үй-бүлөнүн күнүмдүк турмушу, тарбиясына арналып, насыят иретинде жазылган китептер 1300дөн ашат.[92]

Ошондой эле элдик педагогикада баланын жаш курактык өзгөчөлүктөрүнө маани берилип, ар бир жаш курагына жараша тарбия берилген. Мисалы жаңы төрөлгөн бала “кызыл эт бала” деп ырымдалып, физикалык жактан өсүшүнө өзгөчө маани берилген. Керек болсо бейтааныш адамдарга жүзүн көрсөткөн эмес. 1 жаштан ашкан баланы “там туң баскан бала” деп Токтогул мүнөздөгөндөй «бир жашында билинип, кылыгы көзгө илинип». Андан кийин 3 жаштык курагы кооптуу мезгил болуп, ошону менен бирге адамдын черин жазчудай жоруктары өсүп сөз байлыгы кеңейет. Андан кийин 4,5 жашта эмгек кылууга үйрөтүү керек. Ушул жашта бала өз алдынча кийим кийип, тазалыгына карап, үй иштерине жардамдашып калат. 7 жаштан жогору баланы “кол арага жарап калган бала”-деп мүнөздөсө болот. Бул курактагы балдар үй иштерине жардам берип, адеп-ахлактык түшүнүктөрдү түшүнө баштайт. 9,10 жаштагы бала социалдык-турмуш тажрыйбаларды кабыл ала баштайт. 12 жаш мүчөл жылы балакатка жеткен курак болуп, баралына толуп турган эр жеткен азамат катары кабыл алынат. Бул курактын өзгөчөлүгү Манас

[91] Жусуп Баласагун, *Кут алчу билим*, Фрунзе,1988.-20б.
[92] Каденова, Ж. “Бала Манастын патриот болуп калыптанышынын башаты” *ОшМУ Жарчысы,* Ош, 2016, 40-46-бб.

эпосунда белгиленет. Ал эми 17,19 жаштарында бала толугу менен жетилип, өз алдынча үй бүлө курууга даяр болот.[93]

Үй-бүлөдө жана мектепте тарбиялоонун өз ара байланыш проблемалары мурунтан эле көрүнүктүү педагог-ойчулдардын көңүлүн буруп келген. Бул багытта иш жүргүзүп келишкен чет элдик чыгаан педагогдордун катарына Я.А.Коменскийди, И.Г.Песталоццини, А.Дистервегди, орус педагогикасын негиздеген К.Д.Ушинскийди кошсок болот. [94]

Элдик педагогикада бала тарбиялоо чоң жоопкерчилик. Бала алдында ата менен эненин өз алдынча милдеттери бар. Аларды так аткаруу экөөнүн тең милдети. Биздин коомдо баланы эне гана тарбиялайт деген түшүнүк бар. Албетте бул ой жуйөөлү, анткени ата жумуш менен алектенгенде балдар 24 саат энеси менен калат. Жана эненин ролу бала тарбиялоодо зор. Элдик түшүнүктө “эне”сөзү мээрим, сүйүү, жылуулук сөздөрү менен айкалыштырылса жаңылышпайбыз. Албетте бул нерсени эне бере алат. Бирок ошол мээрим төгүүсү менен катар, тарбиялоону кошо ала кетүүгө аракеттенүүсү керек.

Ар бир бала жарык дүйнөгө келип, көзүн ачканда эң биринчи энесинин жүзүн көрүп, жылуу колдорун сезет. Жаңы төрөлгөн ымыркай үчүн энеси бүткүл дүйнөдөй сезилет, эненин жардамы аркылуу алгачкы таанып билүүлөрү ишке ашат. Баланын төрөлгөн убактысы – тарбиялоонун башталышы, ошондуктан ал үй-бүлөдө алгачкы баланы тарбиялоонун милдетин, мазмунун аныктап, методикасын иштеп чыккан. Баланын жашоосундагы эң биринчи тарбиячысы-Апа. Биринчиден энелер баланын физикалык жактан чоңоюшун толугу менен камсыздайт. Андан тышкары ар бир бала өзүн энесинин жанында гана ээн эркин сезе алат. Ошондуктан психологиялык жактан да энесинин жанынан коргоо издейт. Жана ошол коопсуз бир атмосфера түзүп берүү, баланы эмоцианалдык жактан колдоо, коргоо эненин милдети. Я.А.Коменский үй-бүлөдө баланы тарбиялоодо эненин ролуна өзгөчө маани берген. Анткени эне өз баласын терең түшүнүп, баласын баарынан эң жакшы тааныйт. Анын мүнөзүн, өзгөчөлүктөрүн, каалоолорун, муктаждыктарын эне гана билип, сезе алат. Ал эми педагог эне менен биргеликте баланын

[93] Жекшенбай Жумалиева, “Куррактык өнүгүү психологиясы.” Бишкек.2008.-185б.
[94] Лариса Павлова, “Формирование у студентов педагогических умений работать с родителями учащихся” ,автореф.дисс. … канд.пед.наук: Ленинград, 1975.-20с. 13.00.01

жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүгө көмөктөшөт.[95] Демек, билим-тарбия берүү системасында педагогдун эненин катышуусуз жүргүзгөн иш-аракети натыйжасыз болоорун белгилеп, улуу чех педагогу балдарды тарбиялоо ишинде үй-бүлө менен мектептин бирдиктүү иш-аракетинин зарылдыгын эске алган. Бизде кыргыз элинде азыркы учурда чоң көйгөйлөрдүн бири, баланын тарбиясын ата эне толугу менен билим берүү системасына таштап коюусунда. Баланы мектеп окутат, мугалим тарбиялайт деген түшүнүктөн арылуубуз керек. Мисалы азыркы учурда өзгөчө айыл жергесинде жашаган балдар бала бакчага барбайт. Бала бакчанын саны да бир топ эле аз. Ошондуктан балдар үй бүлөдө элементардык окуу, жазуу, өнүгүү иштерин ата-энесинин  көзөмөлүнүн алдында аткарышы керек. Бирок тилекке каршы мектепке чейин баланын тарбиясы менен эч ким алектенбейт. Мектепке тамга таанибай, эч эле социалдык жашоону көрбөй барган балдар аз эмес. Ошондуктан баланын тарбиясын жаш курак өзгөчөлүктөрүнө жараша өнүктүрүүгө аракет кылуу ата-эненин милдети.   Педагогиканын тарыхында биринчилерден болуп К.Д.Ушинский мектепте элементардык билим берүүгө мугалимдер менен катар ата-энелерди тарта билгендигинде. Ал үй-бүлөдө баланы окутуп-тарбиялоо ишинде эненин ролун жогору баалаган.[96] Эненин билимин жогорулатуу, ага окутуу жана тарбиялоо боюнча методикалык сунуштарды берүү ошол мезгилде эле негизги максат болгондугун, ал проблема бүгүнкү күндө да актуалдуу экендигин тана албайбыз.

А.С.Макаренконун эмгектери да үй-бүлө тарбиясынын проблемаларына өзгөчө салым кошкон. Ал баарыдан мурда ата-энелерди тарбиянын максатын жана методун билүүгө чакырган.[97] Демек, окутуу ишинде да ата-энелер окутуунун максатын, мазмунун жана методун жакшы билүүсү керек. Бул жөнүндөгү пикирлер педагогикалык адабияттарда аз кездешет. Окутуу иши мектептин милдети катары каралып, ата-энелер бул иште өздөрүн билимсиз сезишет жана өздөрүн обочо кармашат,  бирок башталгыч класстын ата-энелеринин баланы окутууга толук мүмкүнчүлүктөрү бар. Ал ата-энелердин каалоолору аркылуу ишке ашат, ошондуктан А.С. Макаренко «Тарбиялоонун эң биринчи жана башкы методу – ата-

[95] Айбек Эмилбек уулу, “Дүйнөлүк педагогиканын атасы” *Кутбилим* 11 март 2023
[96] Константин Ушинский “Избр.пед.сочинения в 2-х томах”, Москва: Педагогика, 1974, 229 стр
[97]Антон Макаренко “Книга для родителей”, Москва: Педагогика, 1988. -245с.

энелердин өзүнө койгон талабы, өз үй-бүлөсүн сыйлоосу, баланын ар бир кадамына ата-энелик көзөмөлү», – деп белгилеген. [98]

Негизи бала тарбиялоо абдан жоопкерчиликтүү жана оор иш болуп саналат. Тарбия иши чыдамкайлуулукту, билимди жана аракетти талап кылат. Баардык адамдарда тарбиялоо жөндөмдүүлүгү болбошу мүмкүн. Үй-бүлөдө жүргүзүлгөн окуу иши педагогикалык агартуу ишинин жардамы менен ишке ашса натыйжалуу болот. Эгерде ата-эне баланы системалуу тарбияласа, педагогикалык билими болуп туура багыттоого аракет кылса жакшы натыйжаларга жетүүгө мүмкүн. Ал эми башаламан тарбиялап, педагогикалык билими жок болсо балага зыян алып келиши толук мүмкүн. Ошондуктан энелердин педагогикалык билимин өнүктүрүү шарт. Үй-бүлөдө эненин жетекчилиги менен баланын дене бою, нравалык жана акыл эсинин өнүгүүсү калыптануусу керек. "Энелер мектеби" тажрыйбасынын негизги максаты балдардын үй-бүлө тарбиясына ата-энелердин көңүлүн буруу.

Үй-бүлөдө балдардын сезүү, кабылдоо, ойлоо, эстеп калуу ж.б таанып билүүгө, билим алууга зарыл сапаттарын калыптандыруунун эң жөнөкөй жолун, методун ыкмаларын үйрөнүү[99].

Энелерге, айрыкча жаш энелерге – балдарды тарбиялап өстүрүүгө кызыгууну, жоопкерчиликти ойготуу. Азыркы шартта көпчүлүк балдардын (90%) балдар бала бакчасына барбагандыгын эске алып балдардын мектепке чейинки даярдыгын үй-бүлөдө толтурууга аз да болсо энелерге көмөктөшүү.

Эң жөнөкөй педагогикалык маалыматтардын негиздерин билген эне тарбиячы, эне педагогду даярдоо аркылуу, мектепке келе турган балдар үчүн үй-бүлөдө алгачкы мектеп-Эне мектебин даярдоого көмөктөшүү.

### 2.3. "Энелер мектебинин" программасы

"Энелер мектеби" тажрыйбасынын программасы Гапыр Мадаминов тарабынан түзүлгөн.[100]

---

[98]Антон Макаренко "Книга для родителей", Москва: Педагогика, 1988. -246с.

[99] Гапыр Мадаминов, "Педагогическая культура родителей: содержание, компоненты и критерии", *Современная высшая школа: инновационный аспект (Contemporary higher education: innovative aspekts),(*Челябинск,2018):50-56.

[100] Гапыр Мадаминов, *"Ата-энелер сиздер үчүн"*, Бишкек, 2018. – 114 б.

Анын милдеттери төмөнкүчө белгиленген:

- үй-бүлөдө балдардын сезүү, кабылдоо, ойлоо, эстеп калуу ж. б. таанып-билүүгө, билим алууга зарыл сапаттарын калыптандыруунун эң жөнөкөй жолун, методун ыкмаларын үйрөнүү;
- азыркы шартта көпчүлүк балдардын (90%) балдар бакчасына барбагандыгын эске алып балдардын мектепке чейинки даярдыгын үй-бүлөдө толтурууга азда болсо энелерге көмөктөшүү;
- эң жөнөкөй педагогикалык маалыматтардын негиздерин билген эне-тарбиячы, эне-педагогду даярдоо аркылуу, мектепке келе турган балдар үчүн үй-бүлөдө алгачкы мектеп – эне мектебин даярдоого көмөктөшүү[101].

Энелер бул тажрыйбага катышканда лекцияларды, практикалык иш жана семинарлар менен айкалыштырып өтүшөт. Сабактар бүткөндөн кийин ар бир ата эне жыйынтыктарын текшерүү максатында атайын экзамендер тапшырылып, атайын тема боюнча рефераттар жазылат. Андан тышкары алган билимин бекемдөө учун каникул учурунда балдарды мектепке даярдоо боюнча практикалык тапшырмаларды алышат. Ошентип бир гана айтып берүү, үйрөтүү менен чектелбестен, практикалык иштерди аткарышып, балага туура тарбия берүү менен окуусуна мүмкүнчүлүк түзүп берүүнү үйрөнүшүп, иш процеси менен жуурулушат. Мектепте өткөн тажрыйбаларга жараша өзгөрүүлөргө учураганына карабастан, “Энелер мектеби” тажрыйбасынын болжолдуу программасы бар. Алар төмөндөгүдөй:

1. Эң биринчиден “Энелер мектеби” тажрыйбасынын ата-энелер үчүн зарылдыгы, мааниси кененирээк түшүндүрүлөт. Ар бир ишти баштоодон мурда максатын билүү өтө маанилүү аспект болгондугу үчүн, бул темага эки сааттык убакыт бөлүнгөн. Ошондой эле тажрыйба өткөрүүдөгү максаттар жана милдеттер так белгиленет. Ата-энелер бул тажрыйбадан эмне күтүшү керектиги жана алган маалыматтарын кандай, каякта колдонуусун ачык айкын көрө билет.

---

[101]Гапыр Мадаминов, “Айыл Мектептеринде Ата-Энелердин Педагогикалык Маданиятын Өнүктүрүүнүн Педагогикалык Шарттары.” Кандидаттык диссертация, И.Арабаев атындагы КМУ, 2017.

2. Тажрыйбанын максатын толук ачыкталгандан кийин, үй-бүлөдө баланы тарбиялоонун ролу, мазмуну ачыкталат. Бул жерде үй-бүлөдөгү ар бир адамдын ролу ачыкталып, такталышы шарт. Мисалы чон ата-чон апанын ролу жана маанилүүлүгү, ата менен эненин ролу жана милдеттери, эже-синди жана ага-ининин ролдору өз ордуларында болсо үй-бүлөдөгү гармония өз нугу менен жүрөт. Үйдүн очогу аял болгондуктан, аялдын милдеттери, ролу зор мааниге ээ. Аял бир эле учурда эне болуп эсептелет. Бала үй-бүлөдө эң жакын көргөн адамы апасы болгондуктан, эң биринчи мугалими жана тарбиячысы апасы болуп эсептелет. Ошондуктан үй-бүлөдө ар бир адамдын милдеттерин бөлүштүрүү аялга таандык.

3. "Баланы окутуудан мурун аны ар тараптуу билүү, үйрөнүү керек" – деп педагог К.Л.Ушинский айтып кеткен. Ата- эне баланы тарбиялоо алдында өзүнүн артыкчылыктарын жана кемчиликтерин көрө билүүсү керек. Ошондуктан энелердин билимин, маданияттуулугун, өзгөчө компетенттүүлүгүн жана башка инсандык сапаттарынын балдар үчүн мааниси жана ролу эки сааттык лекцияда ачыкталат.

4. Ата-энелер балдарын, дени таза, билимге умтулган, адамгерчилиги бийик инсан кылып өстүрүүсү үчүн алардын жаш курактык өзгөчөлүктөрүн, психологиялык, физиологиялык өсүү закон ченемдүүлүктөрүн билүүсү, аны тарбия процессинде эске алып, пайдалануусу өтө зарыл. Ошондуктан үй-бүлө тарбиясында балдардын жаш өзгөчөлүктөрүн эске алуу жөнүндө айтылат.

5. Тарбия-коомдун эң зарыл функциясы, анын түбөлүк категориясы катары каралат. Тарбия – жаш муундарда коомдук, өндүрүштүк жана маданий турмушка даярдоо максатында жашоонун белгилүү деңгээлдеги билимин, башкача айтканда балдарды адеп-ахлак, дене жана акыл-эс жактан максатка ылайыктуу багытта калыптандыруучу процессинин баалуулугужонундо айтылат.

6. Тарбиянын негизги түрлөрү: үй-бүлөлүк жана коомдук тарбия болуп бөлүнөт. Ал үй-бүлө жана мектептин, мектепке чейинки жана мектептен тышкаркы мекемелердин, балдар жана жаштар уюмдарынын ж. б. коомчулуктун бирдиктүү ишмердиги аркылуу ишке ашат. Үй бүлөдө балдарды тарбиялоонун багыттары айтылат. Тактап айтканда баланын ар тараптап төп келишкен адам болуп чоңойуусу үчүн, эрте жаштан бала тарбиясында төмөнкү багыттарга көңүл бурулуусу керек. Биринчиден адамдын жашоосунун мүрөгү болгон ден соолугуна

маани берилүүсү шарт болгон дене тарбиясын чындоо шарт. Ал үчүн баланы туура тамактандырууга жана гимнастикалык көнүгүүлөрдү жасоону өнөкөткө айландырууга аракеттенүү керек. Экинчиден акыл эс тарбиясына маани берип,баланын ой чабытын өстүрүү жана кандай гана маселе болбосун тапкычтыкка, анализ кылып, корутунду чыгара билүүгө үйрөтүү. Үчүнчүдөн баланы адамдык бийик сапаттарга, ыймандуулукка, мээримдүүлүккө үйрөтүү. Кыргыз эл макалында “Уулуңду адепке сөз менен эмес, өрнөк менен үйрөт” деп айтылгандай адептик тарбияны бир гана ата-энеден көрүп үйрөнө алат. Төртүнчүдөн баланы турмуш-тиричиликке машыктырып эмгек тарбиясын калыптандыруу. Үйдөгү эң жөнөкөй иштерге жумшап, эмгекке болгон сүйүүсүн арттырып өнүктүрсө болот. Ал эми бешинчиси баланын жан дүйнөсүн байытып, өсүп-өнүгүүгө шыктандыруу үчүн эстетикалык тарбиясына көңүл буруу. Мындан тышкары тарбиянын үй-бүлөдө берилүүсү керек болгон башка багыттары бар. Бирок кыскача айтканда ушулар эң негизгилери болуп эсептелет.

7. Мектепке чейинки балдардын физиологиялык жана психологиялык өсүп өнүгүү өзгөчөлүктөрүн аныктоо үчүн ата-эне баланын бул мезгилде кабыл алуу процесси кандай болот толук билиши керек. Бул мезгил баланын 3-6 жаш арасындагы убакыт болуп эсептелинет. Физикалык өнүгүүсүндө сүйлөө речи, көрүү курчтугу, түстөрдү жана үндөрдү айырмалоо сыяктуу процесстер жүрөт. Ал эми психологиялык онугуудо баланы мектепке психологиялык, моралдык жана интелектуалдык жактан даярдоо мезгили десек болот. Анткени бала ушул мезгилде инсан катары ар тараптуу осуу жана калыптануусунун башталыш мезгили болуп эсептелет. Ушул учурда бала тарбиялоодогу баардык багыттарды колдонуу (Акыл эс, дене, адеп-ахлак, эмгек жана эстетикалык тарбиялоо) ата-энелердин милдети болуп эсептелет.

8. Маданияттуу үй бүлөнүн белгилери. Бул жерде кандайдыр бир стереотиптерге байланбастан, жөн гана кеңири мааниде маданияттуу үй-бүлө болуш үчүн кандай нерселерге жетишибиз шарт жана кандай нерселер биздин үй бүлөдө жашап келе жатканын аныктоо. Кыскача айтканда маданияттуу үй-бүлө ынтымактуулугу, тазалыгы жана тартиби, үй-бүлө мүчөлөрүнүн өз ара колдоо жана сыйлоосу, интеллектуалдык жактан дайыма өсүүгө аракеттенүүсү, адал эмгек, адамгерчилик сыяктуу адамдык сапаттардын бийик баалануусу жана китеп окуу

жана жанылыктардан кабардар болуп туруу сыяктуу аспектилерди камтыйт. Мындан тышкары ата-эне менен балдардын мамилеси, бала менен айлана-чөйрөдөгүлөрдүн мамилеси сыяктуу көптөгөн темалар камтылган.

9. 4-6 жаштагы баланын өсүү өзгөчөлүктөрү. Бул мезгил мектепке чейинки курак болгондуктан, баланын өсүүсү өзгөчө өсүп, жетилет. Бул куракта бала абстрактуу ой жугуртуу элементтери пайда болуп, кабыл алуу процесси менен бирге ойлоо процесси да өнүгөт. Инсан (личность) катары калыптануусунун башталыш мезгили болгондуктан, балдардын келечектеги билим-тарбия алуусу, өсүүсү учун 4-6 жаштагы таалим- тарбиясынын мааниси өтө чоң. Ушул курактан баштап баланы мектепке интеллектуалдык, моралдык жактан даярдоо шарт. Бала бакчага барбаган, үй бүлөдөгү көргөн нерсеси менен гана чектелген балдар үчүн мектепке көнүү, окуу кыйын болуп калат. Мектептеги социалдык жашоого көнбөгөн бала, кийинки турмушуна терс таасири тийиши толук мумкун. Ошондуктан ушул жаштагы таалим-тарбия баланын келечеги учун өтө маанилуу. Бул жаш курагында баланы отургузуп окутуу методу менен эмес, оюндар аркылуу дене-бой, адеп-ахлак ж.б сыяктуу өнүгүүсүн калыптандыруу керек.

10. Үй-бүлөдө балдардын сезүү, кабылдоо, көңүл буруу, түшүнүү, эстеп калуу ж.б жөндөмүн өстүрүү методу. В. А. Сухомлинский “Сезимдерди өстүрүү бул – интеллектуалдык байлыкты тарбиялоонун негизи. Сезим – бул курчап турган дүйнөгө, ааламга терезе, ал терезе аркылуу бала баарын таанып билет” – деп айткан.[102] Бул нерселерди өнүктүрүү ата-энелердин колунда. Ал үчүн убакыт, каалоо, кызыгуу талап кылынат. Биринчиден сезимдерин өстүрүү үчүн дүйнө таанымын китеп окуу, эл-жер көрүү аркылуу кеңейтүүгө аракет жасай алабыз. Кабылдоосун жашоодон алынган, табийгат мисалдары менен жөнөкөйлөтүлүп, ынанымдуу, кызыктуу түшүндүрө билүү. Эң негизгиси баланы китеп окууга кызыктыруу жана көнүмүш адатка айландыруу.

11. “Адам көркү-адеп” деп байыртадан кыргыз элибиз макал-лакаптарында айтып келген. Ушул адептүүлүктү бала эң биринчи мектеби болгон үй-бүлө очогунан үйрөнөт. Ата-эне балдарды саламдашуудан баштап, адамдык асыл сапаттарга тарбиялап, машыктыруусу зарыл. Адептүү жүрүш-турушка тарбиялоо ата-эненин эң биринчи милдеттеринин бири болуп эсептелет, анткени баланын

[102] Василий Сухомлинский, *О Педагогической культуре родителей* Москва:Педагогика, 1981.- 422 с

акыл эсин, дене-боюн же болбосо эстетикалык таланттарына гана басым жасап. Инсандык сапаттарына маани берилбесе, келечектеги жашоосуна оор болуп калуусу толук мумкун. Адептик тарбияны эрте жаштан берүү шарт, ата-эне балага бир гана үлгү болуу менен адамдык асыл сапаттарга үйрөтө алат. Ал үчүн ата-эне өзү адамгерчиликтүү, ар-намыстуу, мээримдүү, адилеттүү жана маданияттуу болуусу керек. Ошондо гана бала ата-энесин көрүп, ошол сапаттарды өздөштүрө алат.

12. Балдардын сөз байлыгын өстүрүү. Балдардын жаш курагына ылайык билүүсү зарыл создөрдүн нормасы жана ага жетуу жолдору. Бала 1 жашка толуу процессинде сүйлөө речи калыптана баштайт. Ушул учурунда бала ата-эне, эже-байкелеринен сүйлөөнү угуп үйрөнөт, алар менен мамиле куруруда сөз байлыгы көбөйүп, байыйт. Эгерде тарбия туура уюштурулса 3 жашында мүчө улап сүйлөп калат. Ушул 1-3 жаш арасындагы убакытта ата-эне менен бала бири-бирин толук таанып, мамиле курууга жетишиши керек. Андан кийин 3-5жашында баланын кабыл алуу процесси менен бирге ой жүгүүртүүсү кошо өнүгөт. Демек айткан нерселерин ойлонуп сүйлөөгө, бир нерсени айтып берүүгө жөндөмдүү болуп калат. 5-6 жаш-бул баланы мектепке даярдоо мезгили болгондуктан алфавит үйроөтүү, айланасындагы көргөн нерселерин көрсөтүп үйрөтүү абдан таасирдүү болот. Айткан нерселеринди кайра сурап алууга да мүмкүнчүлүк түзүлөт. Андан кийин мектепке барганда, биринчи мугалими менен, андан кийин башка окуучулар менен мамиле куруп, социалдык жашоосуна жараша сөз байлыгы кеңейет. Кийин окуган адабий китептерге жараша сүйлөө речи өнүгөт.

13. Балдарды адабий китеп окууга кызыктыруу үчүн биринчиден үйдө чакан болсо дагы китепкана болуусу керек. Үй-бүлө мүчөлөрү адабий китептерди чогултуп, окуп, билим алып, көз карашты кеңейтүүгө аракеттенуусу балдардын китепке болгон кызыгуусун арттырат. Китептер ар тараптуу жана багыты боюнча бөлүнүп турса, айрыкча балдар кызыккан адабий китептер жана энциклопедиялар чогултулса жакшы болот. Мындан тышкары китептин даражасын көтөрүү жана окууга болгон кызыгуусун арттыруу максатында туулган кун же башка маарекелерге карата китеп белек кылуу. Окулган китептерди созсуз турдо бала менен талкуулоо жана китепканадагы китептер ар дайым толукталып, жаныланып туруусу кызыгууну дагы да арттырат.

14. Сүрөт тартуу, чийүү, жазуу ж.б даярдоо. 3 жаштан баштап көрүү курчтугу, угуу жана үндөрдүү ажырата билүү ыгы өсөт. Бул учурдан баштап, баланын кабыл алуусун өстүрүү үчүн жөнөкөй үй-тиричилик эмгеги, сүрөт тартуу, конструктор менен ойноо сыяктуу көндүмдөрдү үйрөтүү керек. Баланын оюнга умтулуусу сүрөт тартууну каалоосун жогорулатуу максатында шарттарды түзүү керек, анда сызыктар,тегеректер, чекиттер байланышкан бардык образдар көрүү менен гана эмес, активдүү ишмердүүлүктө да мурда кабыл алынган болушу керек: «Жол менен чуркайлы», «Түйдөк жипти ороп, тоголотолу» ж. б. Сурот техникасын дагы да жакшы оздоштуруусу учун, боек менен иштоого шарт тузуп беруу. Андан кийин балага калемди туура кармаганды, максатсыз чиймелебестен, атайын ормаларды тартууну уйротуу керек.

15. Эркин суроо-жоопко, катышууга даярдоо. Бул нерсе баланын чечим чыгаруусуна, сөз байлык өстүрүүсүнө жана ойлогон нерсесин жеткире билүүсүнө жардам берет. Ал үчүн бала менен жандуу баарлашуу керек. Бир окуя, фильм, жомок, сүрөт ж.б жөнүндө талкуулаш керек. Баланын оюн угуп, суроо берип жооп бергенди, акылында суроо жаралганда эркин сурай алууну үйрөтүүбүз шарт. Бул нерсе баланы активдүү, зирек кылат.

16. Көрүү, угуу, тыңшоо, айтып берүү жөндөмдүүлүгүн өстүрүү. Бала жаны төрөлүп 1-2 ай арасы дене-бою өсүп, ден-соолугун чыңдоочу процедураларды уюштурууга гана муктаж. Бул мезгилден баштап бала туюу органдары аркылуу айлана-чөйрөнүү сезе баштайт. Ошондуктан туюу органдарынын туура калыптануусу үчүн ата-энелер ынгайлуу шарт түзүүлөрү керек. 3жаштан баштап көрүү курчтугу, угуу жана үндөрдү ажырата билүү ыгы өсөт.

17. Эркин ойлоо, кыялданууга уйрөт. Ар бир адам жаңы төрөлгөндө ак барактай таза болот. Анан анын үстүнө эмнени жазсан, ошону кайра сага берет. Ошондуктан бала тарбиясы маанилүү. Кичине кезинен баштап китеп карматып ушуну окуп, үйрөнүп ал деп койсок эч кандай жыйынтыкка жете албайбыз. Албетте кантип үйрөтүү керек деген суроо жаралат. Баланы бешиктен тарбиялоонун эң натыйжалуу жолу жомок айтып берүү. Жомок баланын фантазиясын өстүрүн, дүйдө таанымын өнүктүрөт. Илгертеден балдарга жомок айтып берүү аркылуу адеп ахлактын маанилүүлүгүн, жакшы менен жаманды айырмалай билүүнү үйрөтүшкөн. Андан тышкары бала кыялданууга, эркин ойлоого, эмоцианалдык

интеллектти өркүндөтүүгө, концентрация деңгээлин жакшыртууга үйрөтөт. Тилекке каршы чоңойгон сайын эркин ойлоо, кыялдануу өсүп өрчүгөндүн ордуна биз мындай жөндөмдүүлүктү жоготуп коюп жатабыз.

18. Айлана-чөйрөнү коргоо, таанып билүүгө багыт берүү. Айлана-чөйрөнү сүйүп, аны коргоо үчүн, биринчиден айлана чөйрө менен тааныштыруу керек. Мектепке чейинки кенже курактагы балдар курчап турган чөйрө тууралуу таанып, алгачкы элестетүүлөр калыптанат. Таанып билүү кызыкчылыгы жаралат, дүйнөгө карата мамилеси калыптанат. Ошондуктан аларды адамдар дүйнөсү, буюмдар дүйнөсү, коом менен тааныштыруу керек. Бул курактагы балдарга эмоционалдык жан тартуу мүнөздүү, ошондуктан айлана-чөйрөгө, коомго, жаратылышка ж.б аларды куурчап турган дүйнөгө сүйүү менен мамиле кылууну тарбиялаганга мүмкуүнчүлүк түзүлөт. Дүйнө менен тааныштыруунун эң эффективдүү усулу түздөн-түз байкоо болуп саналат. Ошондуктан экскурсияларды уюштуруп, өзүн-өзү тейлөө боюнча эмгекке тартуу жолдору менен ишке ашат.

19. Оюндун балдардын акыл-эс, дене-боюнун өсүүсү үчүн мааниси. Ата-эненин милдети баланыны ар тараптуу туура өсүүсүн камсыз кылуу, түрдүү оюндарды таап үйрөтүү. Мектепке чейинки куракта (3-7 жаш арасы) баланын ишмердүүлүгүнүн негизги түрү-оюн. Оюн баланын кызыгуусун жана керектөөсүн канаттандыруунун, ар тараптуу өсүүсүнүн башкы каражаты болуп саналат. Ушул куракта баланын ден-бою өсүп турган чагы. Ошондуктан режим менен калориялуу тамактанып, андан тышкары оюндарды ойносо, ден соолугу чын бала болуп жетилет. Мисалы чуркап ойноо, топ оюндары жана албетте пазл чогултуу, конструктор куруу сыктуу оюндар баланын мээсинин туура багытта өөрчүшүнө жардам берет. Андан тышкары баланын акыл-эсин өстүрүү максатында суроо-жооп оюндарын уюштурса болот. Ушул куракта алардын кабыл алуусу оюн аркылуу болгондуктан, бир нерсени үйрөтүүдө отургузуп алып зээриктирбестен оюн менен кызыктырып үйрөтсө эсинде жакшы сакталып, эффекти күчтүүрөөк болот.

20. Балдар үчүн зарыл оюндардын түрлөрү, аларды уюштуруу, үйрөнүү методикасы. Баланын жаш курактык өзгөчөлүгүнө жараша, ар бир баланын физикалык жана моралдык жактан жетилүүсү үчүн керек болгон оюндардын түрлөрү болот. Ошол оюндарды кызыктуу кылып балдарга өтүү баланын

өнүгүшүнө чоң пайдасын берет. “Энелер мектебинин” программасына оюндардын түрлөрүнүн кошулушу, аларды кантип ойнотуу керектигинин методикасы жана туура уюштурууну үйрөтүү ата-энелер үчүн чоң жардам болушу мүмкүн.

21. Көпчүүлүктүн арасында өзүн алып жүрүүгө тарбиялоо. Эгер үй-бүлөдө балдарга тарбия туура берилсе анда алардын кулк-мүнөзү, адеп-ахлагы, көз-караш пейили туура калыптанып, өмүр бою адашкыс болуп туура өсөт. Ошол туура алган тарбиянын натыйжасында келечекте окууда, жумушта, коомдо ийгиликтерге жетишип, кадыр-барктуу адам боло алат. Мыкты тарбияланган адам таза жашап, коомго пайдалуу жаран боло алат жана ошонун аркасынан бактылуулукка жол ачылат. Тарбиялуу адам маданияттуу, эмгекти сүйгөн, эли-жерине пайдасын тийгизген, ой максаттарына адилеттүүлүк жана чынчылдык менен жеткен адам. Ошондуктан көпчүлүктүн арасында баланы өзүн алып жүрүү этикасын үйрөтүү керек. Саламдашуудан баштап, улууларды урматтоону, кеп маданиятын, өзун алып жүрүү маданиятын үйрөтүү ата-энелердин милдети болуп эсептелет.

22. Өздүк гигиена, тазалыкка тарбиялоо. Жеке гигиена күнүмдүк иш-аракеттерди камтыйт: жуунуу, тиш жуу, кол жуу. Гигиеналык шартта жашабаган жана жеке гигенасы начар балдар иммунитети алсыз болуп, ооруга кабылышы толук мүмкүн. Жеке гигиенаны жакшы сактоону балдарга жаштайынан үйрөтүү керек, анткени балдардын гигиенасын сактоого билими же шыгы жок. Ата-энелер балдардын адаттарын көзөмөлдөп турушу керек. Балдарга тамак-аш гигиенасынын маанилүүлүгү жөнүндө айтып берүү жана тазалыкты сактабаса кандай коркунучтар жаралышы мүмкүндүгүн айтып берүү. Ошол эле учурда ата-энелер өз гигиенасын сакташы керек. Андан тышкары колдун гигиенасын сактоого маани берилет. Колду жуу эрежелерин үйрөтүү жана кайсыл убакыттарда жуулушу шарт экенин түшүндүрүү. Андан тышкары дененин, үйдүн, кийимдердин гигиенасын үйрөтүү. Бирок эң маанилүүсү үй-бүлө мүчөлөрү тазалыкты сактаса, балдар үлгү алып үйрөнөт. Эң башкысы баланын айлана-чөйрөсү тазалык менен куурчалган болсо, ошого жаштайынан көнөт.

23. Айыл жергесинде балдарга өз алдынча бөлмө берүү эмес, сабак окуусуна атайын шарттар түзүлүп бербейт. Ошол себептуу балдарга сабак даярдоочу атайын бөлмө даярдоонун мааниси чоң экендигин эске салып, балага өз алдынча бөлмө же атайын сабак окуу үчүн бурч даярдоого шарт түзүү максатында “Мыкты сабак

даярдоочу бөлмө" конкурсу уюштурулду. Сабак даярдоочу бөлмө тыкан жана жарык жасалгаланып стол, стул, кровать, шкаф ирэттүү коюлуп тынч атмосфера түзүлүп берилсе баланын окууга болгон кызыгуусу артып, мыкты окууга шыктандырат. Андан тышкары сабактардын жүгүртмөөсү, китеп, стол лампасы сыяктуу нерселер болсо, баланын көңүлү толук бойдон окууга берилип, башка нерселерге көп алаксыбайт.

24. Сүйлөшүү маданиятынын элементтерин үйрөтүү. Кепти калыптандыруу, сөз менен берилген маалыматты кабыл алуу жөндөмдүүлүгү балдардын өз убагында психикалык жактан калыптануусунда жана өз сезимдерин түрдүүчө чагылдырууда ири мааниге ээ болот. Балдар сүйлөшүү маданиятын үй-бүлөсүндөгү адамдарды тууроо аркылуу сөз байлыгын толукташат.  Балдарга сөз байытуу жана жакшыртуу  маанилүү билим берүү милдеттеринин бир болуп саналат, анткени балдарды айлана-чөйрөгө маданий сүйлөөгө, коммуникативдик билгичтиктерди калыптандырат. Баланын кебин өнүктүрүү үчүн маанилүү шарт болуп ата-энени тууроо эсептелгендиктен, ата-эне сөз айкаштарын даана, ачык-айкын, жай колдонуу керек. Андан тышкары жомокторду окуп берүү, сүрөт көргөзүп сүрөттөө, бала менен пикир алмашуу жана сүйлөшүүгө мажбурлаган оюнчуктарды усул катары колдонсо болот. Андан тышкары бир аз чоңойгондо сүйлөө речинин ар турдуу компоненттерин бөлүп үйрөтөт. Мисалы: интонацияны туура коюу, үндүн бийиктигин жана күчүн  нормалдащтыруу, сүйлөмдү так жана түшүнүктүү жеткире билүү ж.б нерселерди үйрөтүү.

25. Үй тапшырмасын аткаруусуну контролдоо. Бала мектепке бара баштаганда сабактардан түрдүү үй тапшырмаларды аткарууга милдеттендирилет. Үй тапшырманы аткаруусун көзөмөөлдөө ата-эненин милдети. Мисалы: ата-эне үй тапшырмасын аткарууга шарттарды түзүп берүүсү керек. Эң биринчиден ыңгайлуу шартта үй тапшырмасын аткаруусу абзел. Телевизор, радио сыяктуу ызы чууга алагды болбоосу шарт, сабакты уйкусу келбеген, курсагы ток учурда өз убагы менен, жарык жана таза жерде аткарылуусу, дептер-китептеринин толук болуусун көзөмөлдөөсү керек. Андан тышкары, күндөлүккө жазылган тапшырмалардын аткарылышы, аткарылган тапшырмалардын толугу менен түшүнүүсүн контролдоо, күндөлүктөгү бааларын текшерүү жана үй тапшырманы жазуу мөөнөтүн текшерүү

керек. Жаздырып, окутуп, оозеки сурап, эреже жана формулаларды сурап, дептерин текшерүү.

26. Билимге ынтызарлык. “Билимден акыл чыгат, Акылдан накыл чыгат” демекчи баланы билимге кичинесинен кызыктыруу керек. Билимге умтулган адам гана даанышмандыктын, парасаттуулуктун ээси боло алат. Ошондуктан жаштайынан билимге ынтызар бала, кийин жашоосунда көптөгөн натыйжаларды жаратып, коомуна пайда алып келе алат. Билимди алуу, чогултуудан да аны колдоно билүү өтө маанилүү. Түшүнбөстөн окуган-окуудан пайда болуучу ийгиликтүү максатка кызмат өтөбөгөн киши. Ошондуктан башкы максат, ошол алган билимиңди кайда, кантип колдонууну үйрөтүү. Балага кыйноо аркылуу эмес, билимди кызыктыруу жолдору менен жеткирүү. Баланын башын китептен чыгарбай окутуп жек көрдүрүү эмес, ар кандай усулдарды колдонуп кызыгуусун арттырып, ошол билим алууга өз каалоосу менен келүүсүнө багыт берүү. “Улуулук-акыл-эстин натыйжасы, А билим-улуу иштин дарбазасы” –деп Ж.Баласагын айткандай баланын алдына ийгиликтер ачылуусу үчүн, биринчи ташталган кадамы билим болуусу керек.

27. Ата-эненин мектеп, мугалим менен байланышынын зарылдыгы, мааниси. Баланы бир гана үйдөн тарбиялоо же бир гана мектептен тарбиялоо жетишсиз. Ар бир ата-эне баласынын билимдүү, адеп-ахлактуу болуусун каалайт. Бирок андай баланы тарбиялап, чоңойтуу көп эмгекти талап кылат. Ал үчүн баланын жашоосуна маани берип, коомуна, досторуна жана мектептеги айлана-чөйрөсү менен тыгыз мамиле кура билиши керек. Эгер ата-энелер баланын мектептеги жашоосуна кызыкпаса, маани бербесе балада мектептен билим алуунун анчалык зарылчылыгы жок экен деп түшүнүп калуусу толук мүмкүн. Мектеп жана мугалим менен байланыш түзө алган ата-эне балдарынын келечегине кызыкканын, билимге болгон урмат-сыйын жана мугалимдин эмгегине ызаат-урмат көрсөтүп атканын тастыктайт. Баланын билимге кызыгуусун, мектеп алдындагы жоопкерчиликтерине так болуусун жана келечектеги кесип тандоосунда болобу, жөндөмүн арттырууда болобу балаңыздың келечегине салым кошуусу жөнүндө айтылат. Андан тышкары баланын досторун, кемчиликтерин жана анын себептерин үйрөнүүгө мүмкүнчүлүк түзүлөт.

28. Балдар тарбиясындагы мүнөздүү каталыктар жана алардын себептери. Тарбия-көп кырдуу, татаал болгондугу үчүн, анын өзүнүн методдору жана талаптары болот. Бул методдорду үйрөнбөсөк, тарбиялоо процесси жеткиликтүү болбой калуусу толук мүмкүн. Ошол тарбиялоодогу каталыктардын кандай түрлөрү бар экенин, жана ошолордун себептерин үйрөнүү. Мисалы: максатсыз тарбиялоо уруш-талаш менен же болбосо сөз менен айтуу, бирок ошол эле принциптерди өз жашоондо колдонбоо. Демек эң биринчи каталык, балага үлгү аркылуу тарбия берүүнү унутуубузда. Кийинки ката баланын жаш өзгөчөлүгүнө, табигатыны эске албастан тарбия берүү аракеттери. Башкача айтканда баланын мүнөзүнө, жашына, жынысына ылайык ыкмаларды колдоно албоо. Андан тышкары баланын индивидуалдуулугун, аң-сезимдерин басмырлоо, кылган катачылыктарына көз жумуу, ашыкча эркелетүү ж.б нерселер баланын туура эмес тарбиялануусуна жол ачат.

29. Балдар мектепке чейинки куракта эле айлана-чөйрөдөгү сулуулукту сезип, көрүп, баалай баштайт. Эстетикалык тарбия берүүдө баланын кабыл алуусун сулуулуктан баштоо керек. Бул оюн, саякат, жумуш мезгилинде ар нерседен сулуулукту көрө билүү жана жаратууну үйрөтүү керек. Бала кичинесинен таза, жарашыктуу кийинүүнү, дене боюн сымбаттуу алып жүрүүнү үйрөнсө келечектеги жашоосуна чоң таасирин тийгизет. Эстетикалык тарбия туура багытталса, баланын өсүп өнүгүүсүнө өркүндөтүп, жан дүйнөсүн байытат. Адамдын табиятынан берилген шыктарын өркүндөтүп, дилгирлентет.

30. Жомок, табышмак, макал-лакаптарды үй-бүлөнүн тарбиясында пайдалануунун мааниси. Кыргыз эл педагогикасында байыртадан үй-бүлө тарбиясында жомок, табышмак ж.б нерселерди колдонуп келишкен. Кыргыздарда жазуу стили колдонулбагандыктан, ооздон-оозго өтүп үйрөтүлүп келген.

31. Ата-эненин үй-бүлөдө балдары менен алып баруучу тарбия, аңгеме-сабактарынын болжолдуу программасы.

| № | Тема, иш чара | Саат | Күн |
|---|---|---|---|
| 1. | Киришүү | 1-2 | 1күн, жума, ай, жыл |
| 2. | Өзүнү өзү тейлөө жөнүндө<br>А. Дене боюну таза сактоо<br>Б.Жарашыктуу кийинуу<br>В. Туура тамактануу ж.б.<br>Г. Дене тарбиясы спорт ж-дө | | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 3. | Үй чарба жумуштарына катышуу, кол кабыш кылуу жөнүндө ж.б.<br>А. Бөлмө, короолорду жыйноо, таза сактоо<br>Б. Эгин эгип, жемиш бактарды, гүл өстүрүп, кам көрүү.<br>В. Мал жаныбарларды багуу, өстүрүү.<br>Г. Үйдөгү кызмат көрсөтүүчү техникаларды пайдалануу, тейлөө<br>Д. Бул иштерди аткарууда коопсуздук эрежеси (өрт, суу, ток) жөнүндө.<br>Ж. Үй-бүлөгө киреше алып келүүчү башка иштер жөнүндө. | | |
| 4. | Конокту күтүү, конокко баруу адеби жөнүндө.<br>А. Коноктун ыйыктыгы<br>Б. Жакшы күтүп алуу, дасторкон салуу, чай тамак менен тейлөө<br>В. Конокко барганда өзүн алып жүрүү | | |
| 5. | Үй-бүлө мүчөлөрү<br>А. Ата-эне, бир тууган, жакын туугандары менен туура, мээримдүү мамиледе болуу<br>Б. Алыс, жакын тууган уруулары, коншулары менен жакшы карым-катнашта болуу<br>В. Туугандарды сыйлоо, жардам берүү, кам көрүү жөнүндө. | | |
| 6. | Ыйман, адеп тарбиясы<br>А. Кудайга ишенүү, Ислам дини, мусулманчылык адеби, ынсап, тазалык, адамгерчилик, уят, ар намыс, ак ниеттүүлүк, калыстык ж.б. | | |
| 7. | Ата-бабаларынын баяны, үй-бүлө тарыхы, салты<br>А. Теги, ата-бабаларынын алгылыктуу иштери, жактары. Алар менен сыймыктануу жана татыктуу болуу жөнүндө.<br>Б. Жети атасы жана жети энеси жөнүндө билдирүү. Санжыра. | | |
| 8. | Билим, тарбия баалуулугу.<br>А.Билим, тарбиянын турмуштагы зарылдыгы жана пайдасы<br>Б. Билим, тарбия алуунун жана пайдалануунун жолдору, АЭМди пайдалануу | | |
| 9. | Өнөр үйрөнүү жөнүндө<br>А. Жигитке жетимиш өнөр аздык кылат сөзүнүн мааниси<br>Б. Өнөр үйрөнүүнүн жолдору, устат шакирттик маселеси жөнүндө. | | |
| 10. | Билим, өнөр үйрөнүүдө мектеп, окуу жайлардын туура тандалуусу жана мугалим устаттар жөнүндө<br>А. Мектеп, окуу жайдын ыйыктыгы<br>Б. Мугалим, устаттын эмгегинин улуулугу<br>В. Алардан чын дилден үйрөнүүнүн жана ыраазы болуп, ыраазы кылуунун жолдору жөнүндө | | |
| 11. | Кесип тандоо, ээ болуу.<br>А. Кесибим ырыс кешигим<br>Б. Туура тандоо жана чын дилден үйрөнүү.<br>В. Кесипти чын дилден үйрөнүп ата-энеге, эл журтка кызмат кылып балдарын багуу жөнүндө | | |
| 12. | Билим, өнөр, тарбия, кесипке ээ болууда китептин ролу, мааниси<br>А. Китепти тандоо, аянбай сатып алуу, чогултуу жөнүндө.<br>Б. Үй-бүлөлүк китепканаларды түзүү.<br>В. Китептен үйрөнүп, турмушта пайдалануу жөнүндө.<br>Г. Турмуш китебини, табият китебини окуй билүү жөнүндө.<br>Д. Тарыхый адабий китептер турмуш китебинин миңден бир чагылышы, табигый математикалык китептер табият китебинин миңден бир чагылышы.<br>Ж. Адабий китептерди тандап, окуй билүү жөнүндө. | | |
| 13. | Эл-журтка, Мекенге кызмат кылуу жөнүндө<br>А. Билим, өнөр менен кызмат кылып, эл баласы боло билүү.<br>Б. Айылы, району, мекенини сүйүп, сактап, кызмат кылуу. | | |
| 14. | Адамдар менен туура мамиледе боло билүү<br>А. Жоро-жолдош күтө билүү.<br>Б. Эл менен, түрдүү даражадагы адамдар менен туура мамиледе болуу. | | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | В. Дос, душманды сезе билүү.<br>Г. Жакшылыкка жакшылык, жамандыкка жакшылык кылып жашай билүү. | | |
| 15. | Урмат сыйды, амал кызматты көтөрө билүү жөнүндө. | | |
| 16. | Уул-кызды үй-бүлөлүү болууга тарбиялоо, даярдоо жөнүндө<br>А. Татыктуу күйөө, күйөө бала, ата болууга тарбиялоо.<br>Б. Ыймандуу, мээримдүү келинчек, келин, эне, жубай болууга тарбиялоо.<br>В. Үй-бүлөнүн ыйыктыгын сактоо, жубайлардын өз ара мамилеси жана жоопкерчилиги жөнүндө. | | |
| 17. | Айкөлдүк, марттык, берешендик жөнүндө<br>А. Жан дүйнөнүн марттыгы, берешендик мааниси жөнүндө. Муктаждарга бирди берсең, Кудай сага миңди берет.<br>Б. Милдетсиз марттык.<br>В. Жакшылык, берешендикти айттырбай жасоо. | | |
| 18. | Ак эмгек, бешене тер, туура жол менен мал, дүйнө табуу жана сарамжалдуу жашоо<br>А. Байлыкты ак эмгек менен табуу жолдору.<br>Б. Байлыкты башкаларга кергезүү үчүн эмес татыктуу жашоо үчүн чогултуу.<br>В. Артыкча шаан-шөкөт, байлык менен жашоонун өзүн токтотуу жөнүндө.<br>Г. Сарамжалдуулук байлык топтоонун жана көз каранды болбостуктун эн мыкты жолу.<br>Д. Тапканыга жараша сарптоо принциби. | | |
| 19. | Ишкердик, акча табуу жолдору жөнүндө<br>А. Ишкердиктин мааниси, түрлөрү.<br>Б. Учурга, заманга,талапка ылайык ишкердиктин түрлөрү.<br>В. Ишкердикти үйрөнүү, жүргүзүү жолдору.<br>Г. Соода, акча, эсепти туура жүргүзүү.<br>Д. Цивилизациялуу, ыймандуу ишкердике жетишүү. | | |
| 20. | Өз аймагындагы, өлкөдөгү үлгүлүү, белгилүү инсандарды таанып билүү жана алардан үйрөнүү.<br>А. Инсандык асыл сапаттарды үйрөнүү.<br>Б. Улуу иштерини үйрөнүү.<br>В. Мүмкүн болсо байланыш орнотуп, кызматташуу. | | |
| 21. | Жашоонун максаты, мазмуну, мааниси жөнүндө. | | |
| 22. | Үй-бүлөдө балдар өздөрү каалаган темада, алардын суранычы боюнча ангеме, сабак өткөрүү. | | |
| 23. | Балдар менен дүйнөгө белгилүү улуу, асылзаада инсандардын мисалында өзүн-өзү тарбиялоо, өстүрүү, өзүн-өзү сындоо, сыйлоо жөнүндө аңгеме, сабак өтүү. | | [103] |

*Эскертуу:*

1. Урматтуу ата-энелер, окурмандар бул темалар жөнөкөй, турмушта айтып, жасалып жүргөн дешиңиз мүмкүн. Бирок мына ушул жөнөкөй темаларда келечектин улуу иштеринин тамыры жатат. Мисалы: Ыймандуу, билимдүү, өнөрлүү болбосо эртең жакшы адам да боло албайт, үй-бүлөсүнү багып мамлекетке кызмат да кыла албайт.

[103] Мадаминов, Г.М. Ата-энелер сиздер үчүн [Текст] / Г.М. Мадаминов. – Бишкек, 2018. – 114 б.

2. Билгенибиз да бул 23 теманын бардыгы жөнүндө иш алып барбайбыз. Ар жеринен бир, үстүртөн айтып, чөп чабы (башаламан) кылып таштайбыз. Көпчүлүк темалар дээрлик эскерилип айтылбай да калат. Себеби ата-энелер өзүбүз да билбейбиз.

3. Бул программа кол астында болсо, системалуу тарбия иши жүргүзүлөт. Багыт, компас болот.

4. Балдарга үйрөтөм, айтам деп ата-эне өзү да окуйт, изденет, даярданат. Бул эң кымбаттуусу.

5. Тарбия сабак өтүү жөнүндө. Балдардын жашына ылайык тема тандалып алынышы мүмкүн. Мектеп сабагынан айырмаланып эркин, үй-бүлө шартында суроо-жооп иретинде өтүлүүсү мүмкүн. Аңгеме, сабак, көнүгүү, машыгуу менен, үлгү көрсөтүп, жасоо менен коштолсо болот.

6. Кээ бир темалар 1 -2 саат өтүлүп, эртеси бир кун амалияттык тапшырма берилет. Кээ бирине бир жума, бир айлык тапшырма, сыноо бериш мүмкүн. Кийинки сүйлөшүүдө айтылгандар менен жасалгандар талкууланып баа берилет. Кээ бир темаларга балдар ата-энелерине жардам бериши мүмкүн.

7. Программанын негизини алып, айрым темаларды кошуп, өзгөртүү мүмкүн.

8. Жок дегенде ушул программанын 70%ы өтүлсө үй-бүлөдө ата-эне менен балдардын баарлашуусу тарбиялык багытта кызматташуусу болот. Кургак сөз, насаат болбостон, пландуу, алдын -ала ойлонулган, тарбияда ийгиликке алып келүүчү иш-чара болот.

9. Бул программа менен таанышкан ата-эне жана балдар өздөрүнүн канчалык жоопкерчиликтүү экендигин сезет. Бул да эң башкысы.

10. Эң башкысы үй-бүлөдөгү тарбия эптеп-септеп болбостон, системалуу болуп балдар турмушка даярдыктын үй-бүлөлүк мектебинин образдуу айтсак «алиппе, арифметикасын» алып, бир кыйла даяр болуп бышып чыгат.[104]

Ошентип, энелер мектебинин программасы катышуучулардын мотивациясын, билимин, практикалык тажрыйбасын өнүктүрүүнүн бардык аспекттерин өз ичине камтыйт.

[104] Гапыр Мадаминов "*Ата-энелер, сиздер үчүн*", 2014-жыл, 97-бет

## 2.4. “Энелер мектебинде” окутуу ишин уюштуруу принциптери

“Энелер мектебиндеги” билим берүү бул алдын ала белгиленген программалык максаттарга ылайык каалаган жүрүм-турумга ээ болуу үчүн окутуу иш-аракеттерин уюштуруу иши. Бул жагынан алганда, окутуу иш-аракетинин негизги максаты энелердин педагогикалык компетенттүүлүгүн өнүктүрүү иши. Принцип- латын тилинен (principium) келип, мааниси бир нерсенин чыгышы, башталышы дегенди билдирет. Бир нерсенин башталышына карата колдонулганына карабастан, бул сөз көбүнчө моралдык-этикалык философиялык мааниде колдонулат.[105]

Билим берүү процесстерин башкаруу теориясына ылайык ар кандай иш аракет анын ичинде үйрөтүү үйрөнүү процесси белгилүү принциптерге негизделет. Комлексиз М., Алимбеков А., Челикбай А. сыяктуу окумуштуулар биргеликте даярдап жарыялаган «Таалим-тарбия терминдеринин чечмелеме сөздүгүндө” “Окутуу принциптери – билим берүү максаттарын ишке ашырууга, окуу-тарбиялоо иш-чараларын пландаштырууга жана ишке ашырууга багыт берүүчү негизги идеялар”[106] катары айкындалган. Башка сөз менен айтканда окутуунун принциптери-бул таалим тарбия процессин уюштурууга жана жүзөгө ашырууга коюлуучу нормативдик талаптар, жетектөөчү идеялар. Аны окутуунун мыйзам жана мыйзам ченемдүүлүктөрүнүн конкреттүү максаттарга ылайык колдонулушу таризинде да мүнөздөөгө болот. Окутуунун принциптеринин негизинде окутуунун эрежелери келип чыгат: же тескерисинче тигил же бул маселеге байланыштуу окутуунун эрежелеринин системасы окутуунун жалпы бир принцибин формулдоого алып келет. Окутуунун эрежелери – бул белгилүү шартта, белгилүү бир максатка жетүү үчүн мугалим үчүн сунушталган көрсөтмөлөр, нускамалар. Эрежелер – окутуунун принциптерине негизделет жана аларды конкреттүү кырдаалда колдонуунун айрым жактарын ачып көрсөтөт. Башкача айтканда окутуунун эрежелеринде мугалимдин типтүү кырдаалда типтүү аракет кылуусу жөнүндө көрсөтмө берилет.[107]

Гапыр Мадаминовдун “Энелер мектебиндеги” окутуу принциптери катары төмөнкүлөрдү белгилөөгө болот: илимий негизде окутуу принциби, системалуулук

[105]Бобби Джонсон “Принциптин мааниси”, *warbletoncouncil.org* 5 апрель , 2021
[106] Акматали Алимбеков жана Мехмет Ташпынар, *Окутуунун жалпы методдору.* (Бишкек:КТМУ, 2004), 66

[107] Акматали Алимбеков жана Мехмет Ташпынар, *Окутуунун жалпы методдору* (Бишкек:КТМУ, 2004), 68

жана ырааттуулук, көрсөтмөлүүлүк, аң сезимдүүлүк жана активдүүлүк, билим-билгичтик жана көндүмдөрдү бекем өздөштүрүү, жеткиликтүүлүк, теория менен практиканын байланышын камсыз кылуу ж.б.

Гапыр Мадаминовдун "Энелер мектебинин " концепциясын толук ачып көрсөтүү үчүн анда колдонулган жогрудагы принциптердин ар бирине өз өзүнчө токтоло кетүү зарылдыгы бар.

**Илимий негизде окутуу принциби**-илим тарабынан такталган жоболор менен окутуу керек.[108]

Гапыр Мадаминовдун "Энелер мектеби" тажрыйбасынын башатында илимде калыптанган көз караштар жатат. Ал "Энелер мектебинин" автордук программасын жана анын ишин уюштурууда Ата энелердин педагогикалык маданиятын өркүндөтүү маселелерине арналган изилдөөлөрдүн катарына Л.К. Адамова, В.Н. Аргунова, А.А. Григорьев, Л.Е. Васильева, К.Н. Сивцева, А.П. Шамаева, А.А. Умарбекова, А.Т. Какоевалардын эмгектериндеги айрым идеяларды чыгармачылык менен колдонгон.

**Системалуу жана ырааттуу уюштуруу принциби** – билим берүү процессинин ырааттуу болушун талап кылат.[109] "Энелер мектеби" тажрыйбасында энелерди жаңы материал менен тааныштыруудан мурун алардын билим деңгээлин тажрыйбасын үйрөнүп чыккан. Окутуу процесси энелердин билим деңгээлине жараша жеңилден татаалга карай уюштурулган.

Окутуу процессинде окуу программасынын темалары так аныкталган, жана ирети менен өздөштүрүлгөн. Ар бир сабакты пландаштырууда кызыктуу өтүлүшү үчүн дисскуссия жана өз алдынча иш менен жандандыруу эрежелери ыраатуу колдонулган.

**Көрсөтмөлүү окутуу принциби.** "Миң уккандан, бир көргөн артык" демекчи, Гапыр Мадаминов энелерди окутууда түрдүү фильмдерди турмуштан алынган көрүнүштөрдү өз орду менен колдоно алган.

"Энелер мектеби" тажрыйбасында көрсөтмө куралдар окутуунун максаты эмес каражаты катары каралган. Мисалга алсак сабак учурунда лекция жана диспут-

[108] Акматали Алимбеков жана Мехмет Ташпынар, *Окутуунун жалпы методдору* (КТМУ, 2004), 69
[109] Акматали Алимбеков жана Мехмет Ташпынар, "*Окутуунун жалпы методдору"* (КТМУ, 2004), 68

дискуссия менен гана чектелбестен, ролдоштуруу да колдонулат. Ата-энени тарбиячы болууга даярданууда, жоопкерчиликти сезүү же тарбиядагы катачылыктарды бир гана айтып берүү менен гана эмес, жон тери менен сездирип ролдоштуруп өтүү сыяктуу мисалдар менен үйрөтүү методу. Жана жеке каталыктарынды көрүп, ал каталардан арылуу.

**Окутуунун аң сезимдүүлүк жана активдүүлүк принциби** – окуу материалынын балдар тарабынан чын ыклас менен максаттуу өздөштүрүлүшүн жана чыгармачылык менен кайрадан өз алдынча иштелип чыгышын айтабыз.[110] “Энелер мектеби” тажрыйбасы энелерди бала тарбиялоого даярдайт. “Энелер мектебинде” ар бир ата-эненин өз каалоосуна жараша курска келип катышуу мүмкүнчүлүгү түзүлгөн. Каалаган учурунда, каалагандай убакыт мөөнөтүндө бүтүрүп кетүүгө мүмкүнчүлүктөр түзүлгөн. Гапыр Мадаминов башында оффлайн форматында, айылдагы энелер үчүн курс өтсө, азыркы учурда кааласаң онлайн режиминде, эгер мүмкүнчүлүк болсо салттуу окуу режиминде окуса болот. Кааласа бир ай ичинде тездетилген программа менен курсту бүтүрүүгө шарт түзүлгөн, кааласа практика менен жеке жашоосунда колдонуп окууга мүмкүнчүлүк бар.

Кандай болсо дагы энелер өз каалоосу менен, жашоосуна ата-эне болууга даярдануу керек экендигин түшүнүп, бала үчүн эненин педагогикалык компетенттүүлүгүнүн зарылдыгына көзү жеткенде гана аны үйрөнүү үчүн активдүү аракет жасай баштайт. Ошол үчүн зарылдыгын, керектүүлүгүн түшүнгөн ата-эне өз каалоосу менен курска катышып, активдүүлүгүн көрсөтүп окуйт.

**Билим-билгичтик жана көндүмдөрдү бекем өздөштүрүү принциби** – билимдин ээс болушун, аны ар дайым окуп үйрөнүү ишинде ошондой эле практикалык максатта ийкемдүү пайдалана билүүсүн талап этэт.[111] Ошондой эле үйрөнүү процесс эффективдүү болуусу үчүн, энелерди окуу процессине кызыктырып, тартууга аракеттер жасалган. Билимдерин дагы да бекемдөө максатында энелерди конкурстарга активдүү катыштырып, өзүнө тартуу да каралды. Анткени эненин мугалимге болгон субьективдүү мамилеси окуунун эффективдүүлүгүнө байланыштуу болот.

[110] Акматали Алимбеков жана Мехмет Ташпынар, *Окутуунун жалпы методдору* (КТМУ, 2004), 68
[111] Акматали Алимбеков жана Мехмет Ташпынар, *Окутуунун жалпы методдору* (КТМУ, 2004), 69

“Энелер мектеби” тажрыйбасын окуп жаткан энелер, бир эле учурда эки же андан көп сезүү органы аркылуу билимдерин бекем өздөштүрө алат. Мисалы: бир эле учурда ой жүгүртүү менен көрүп, угуп тура алат. Окуу материалында окуудагы эң башкы идея так айтылгандыктан, кандай материал жана методдор колдонулаары так белгиленген. Бул энелерге белгилүү бир жол көрсөтүп, максатына жетүүгө жардам берет.

**Окутуунун жеткиликтүүлүк принциби** – жеңилден оорго карай баруу. Бул принцип боюнча адамдын жаш куректын өзгөчөлүгүнө жараша программа түзүлгөн. Мисалы: “Энелер мектеби” тажрыйбасында эң аз бирден баласы бар болгон, болбосо үч-төрт балалуу ата-энелер келип билим алышат. Ошондуктан алардын айрымачылыктарына карай билимдер жеңилден оорго карай өнүктүрүлүп олтурган. Мисалы: биринчи сабактарда конспект, лекциясыз бул окутуунун максатын, маанисин жеңил тил менен айтып берсе, кийин практикалык үй тапшырмаларды берип, алардын аткарылуусун талап кыла баштайт. Ошондуктан тапшырмаларды акырындык менен улам татаалдаштырып берүүгө умтулган.

Ал эми энелерге окуу процесси жеңил жана өздөштүрүүгө кызыктуу болуусу үчүн белгилүүдөн белгисизге карай үйрөнүү принциби колдонулат. Мисалы: ата-энелердин жеке жашоосунан, аларга белгилүү болгон сценарийлерден мисалдарды келтирип үйрөтсө, кийин жаңы материалдарды, дал ошол билген нерселерине таянып түшүнүп кете алышкан.

**Окутууда теория менен практиканын байланышын камсыз кылуу принциби** – алган билимдин негизги максаты жашоодо колдоно билүү болуп эсептелет. “Энелер мектеби” тажрыйбасында ата-энелерге билим берүү менен чектелбестен, ал билимди колдонуунун ыкмаларын да үйрөтөт. Энелер алган билимдерин тажрыйбасында колдонуу боюнча активдүү ишмердүүлүккө тартылган. Алардын ар бир практикалык ишмердүүлүгү мугалимдердин көзөмөлүндө баа берилип коррекцияланып турган.

**Окутууда куракттык жана жекече айырмачылыктарды эске алуу принциби** – окутуу ишин окуучулардын куракттык жана жеке өзгөчөлүктөрүнө шайкеш уюштуруу талабын коет.[112] Демек, окутуунун методдору, ыкмалары, формаларын

[112] Акматали Алимбеков жана Мехмет Ташпынар, *Окутуунун жалпы методдору* (КТМУ, 2004), 70

тандоодо окуучулардын белгилүү курагына таандык физиологиялык, психологиялык, таанымдык өзгөчөлүктөрдү кылдат эске алуу абзел.

Жогоруда белгилеп өткөндөй “Энелер мектеби” тажрыйбасында ар кандай курактагы, түрдүү психологиялык жана таанымдык өзгөчөлүктөрү бар ата-энелер окугандыктан, уюштуруу ишинде кылдат мамиле кылуу зарыл. Ошондой өзгөчөлүктөр эске алынып, программа түзүлгөн жана баарынын жеке мүмкүнчүлүгүнө жараша темп менен өздөштүрүлүшү каралган. Ар бир ата-эне билимди өздөштүрүүнүн өз алдынча траекториясын түзүп аныктап алышы үчүн ар тараптуу кеңеш-көмөк көрсөтүлөт.

“Энелер мектеби” тажрыйбасын ата-энелерге курс катары өтүүдөгү билим берүү процессинин уюштуруу жана жүзөгө ашырууга коюлуучу нормативдик талаптарды мына ушундайча койгон. Бул принциптерди кылдат эске алып, программа түзүлүп, методдор жана техникалар колдонулуп келет.

## 2.5. “Энелер мектебинде” энелерди окутуу методдору

“Энелер мектеби” – айыл мектептеринде ата-энелердин педагогикалык маданиятын өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттарын аныктоого арналган актуалдуу проблемага багытталган. Энелер мектебинде энелерге үй-бүлөдө балдарды тарбиялоо методдору үйрөтүлөт. Анткени, ата-энелердин балдарды тарбиялоодо билимге кызыктыруунун ыкмаларын, методдорун билбестиги же бул проблемага көңүл койбостугу негизги маселелердин бири болуп эсептелет. Сурамжылоого таянсак ата-энелердин 60-70% балдарды мектепке кантип даярдоо керектигин такыр билбейт. Изилдөө психологиялык-педагогикалык жана практикалык тажрыйбаларды төмөндөгүдөй методдорду кеңири колдонот.[113]

“Энелер мектебинде” ата-энелерге сабактар кандай методдор менен өтүлөт жана эмнелер колдонулат төмөндө түшүндүрүп беребиз. “Энелер мектебинде” сабактарда ар бир ата-эне мүмкүнчүлүктөрү жана потенциалы эске алынат, ошого жараша диагностикалык иш чарадан өткөрүлөт. Ошол маалыматтардын негизинде атайын педагогикалык үйрөтүү программалары түзүлөт. Ал үчүн атайын байкоо усулдары, анкеталык суроолор иштелип чыккан.

[113] Гапыр Мадаминов, “Айыл Мектептеринде Ата-Энелердин Педагогикалык Маданиятын Өнүктүрүүнүн Педагогикалык Шарттары.” Кандидаттык диссертация, И.Арабаев атындагы КМУ, 2017.

Мындан тышкары ата-энелер “Менин үй-бүлөм”, “Менин тарбиялык тажрыйбам” деген темаларда дилбаян жазып, педагогдор тарабынан кылдат талдоого алынат.

Окуучулардын окуусуна моралдык психологиялык климаттын маанилүүлүгүн жана сабак даярдоосуна ыңгайлуу шарттар түзүлүүсү маанилүү. Окуучулардын окууда концентрациясы чачырабай, жогорку мотивация менен окууга кызыгуусу үчүн, атайын “Эң мыкты сабак даярдоочу бөлмө” конкурсу уюштурулган. Бул конкурсту уюштуруунун негизги максаты, ата-энелерди баланын окуусуна көңүл бурдуруу, анткени көпчүлүк үй-бүлөлөрдө баланын өз алдынча бөлмөсү, жок дегенде сабак даярдоого бурчу жок. Болсо дагы көп критерийлерин ыңгайсыз деп эсептелинет. Мисалы: сабак даярдоочу бөлмө жарык, таза жана ыңгайлуу болуусу. Баланын жаш курактык өзгөчөлүгүнө жараша адабияттар тизмесинин китеп текчесинде тизилип туруусу, стол жана стул сыяктуу эмеректердин болуусу шарт. Бул критерийлерге жооп берген үй-бүлө, чындыгында баланын билим алуусуна маани берилген. Бөлмөнүн ушул критерийлерге жооп бергенин аныктоо үчүн, атайын жюрилер тобу түзүлгөн. Жюрилер ата-энелер тарабынан балдар үчүн даярдалган бөлмөнү баалап келгенден кийин, Окуучуга өз бөлмөсү жөнүндө билдирүү даярдоо боюнча тапшырмалар берилген. Ушул критерийлерге жооп берген, эң мыкты бөлмө жеңүүчү болгон. Соңунда жеңүүчүнүн бөлмөсүндөгү артыкчылыктар башка ата-энелерге үйрөтүлгөн жана экскурсия уюштурулган. Жеңүүчүлөр ар бир критерийге балл берүү менен аныкталган. Ар бир критерийдин аткарылуусуна 5баллдан берилген, жана эң көп балл чогулткан ата-эне жеңүүчү деп аталган. Жеңүүчү “Билим” фондунан баалуу белектер менен сыйланган жана алкыш баракчасы тапшырылган.[114]

Ал эми үй бүлөдө балдарды мыкты окутуп, жакшы тарбия бере алган ата-энелердин тажрыйбасын үйрөнүү максатында “Мыкты үй-бүлө” конкурсу уюштурулган. Бул конкурста негизги максат баланы үй-бүлөдө өз алдынча билим алууга түрткү берүү жана ар тараптуу өнүккөн ата-энелердин тажрыйбасын башкаларга жайылтуу.

---

[114] Гапыр Мадаминов, *Ата-энелер сиздер үчүн* Бишкек, 2018. – 114 б.

Конкурс класстар аралык жана мектептик болуп эки этапта өткөрүлөт. Алгач ата-энелер менен мугалим таанышышкан. Ата-энелер менен окуучулардан турган калыстар тобу түзүлүп, жыйынтыкты ошолор баалайт.[115]

Конкурста бир канча тапшырмалар болот. Мисалы сабак даярдоого ылайыктуу шарт түзүлүүсү, үй-бүлөлүк китепкана, ата-энелердин чогулушка катышуусу, кругозор ж.б.у.с жарыш үчүн берилчү тапшырмаларга жараша упай топтолот. Эң көп упай топтогон үй-бүлөгө баалуу сыйлыктар берилген. Ушул критерийдин баарын аткарган үй-бүлөгө “Мыкты үй-бүлө” наамы ыйгарылган.

Ал эми “Мыкты эне” конкурсуна тарбия ишин ийгиликтүүү жүргүзө алган, өз билим деңгээлин адекваттуу баалай билген жана рационалдуу ой жүгүртө алган энелер катышат.

«Мыкты энe» конкурсунда жеңүүчүлөр төмөнкү критерийлердин негизинде аныкталат: балдарынын жакшы билим, тарбиясы; сабактарга катышуусу; мектеп менен байланышы; эне тарбиясы жөнүндө өз көз карашына, ой-пикир, сунуштарына ээлиги; үлгүлүү энелердин 13(дүйнөлүк, Кыргызстандык, айылдык) тарбия системасын билүүсү жана пайдалануусу; тарбия жөнүндөгү окуп чыккан китептери; тазалык, сарамжалдуулук, чебердик ж. б. энелик (аялдык) зарыл сапаттардын болуусу; [116]

Мындан тышкаары ата-энелерге насаат айтуу, кызыктыруу, түшүндүрүү, ынандыруу жөндөмү үйрөтүлгөн. [117]

Ынандыруу – тарбиялоонун негизги методу. Бул метод аркылуу энелерди балдардын окуу ишине жардам берүү баарынан мурда аларды сүйүү келечеги үчүн кам көрүүнүн негизги көрсөткүчү экендигине ынандырууга аракет кылынган. Ынандыруунун этикалык маек, этикалык аңгеме, түшүндүрүү, мисал келтирүү сыяктуу ыкмалары колдонулду.

Ушул методдорду билген ата-энелер бала тарбиялоосунда колу узарат.

---

[115] Гапыр Мадаминов, *Ата-энелер сиздер үчүн* Бишкек, 2018. – 114 б.

[116] Гапыр Мадаминов, *Ата-энелер сиздер үчүн* Бишкек, 2018. – 114 б.

[117] Гапыр Мадаминов, “Айыл Мектептеринде Ата-Энелердин Педагогикалык Маданиятын Өнүктүрүүнүн Педагогикалык Шарттары.” Кандидаттык диссертация, И.Арабаев атындагы КМУ, 2017.

## ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮМ

## ГАПЫР МАДАМИНОВДУН "ЭНЕЛЕР МЕКТЕБИ" КОНЦЕПЦИЯСЫНЫН РЕСПУБЛИКАНЫН МЕКТЕПТЕРИНДЕ КОЛДОНУУ ТАЖРЫЙБАЛАРЫНЫН КАЙТАРЫМДУУЛУГУН АНАЛИЗДӨӨ

### 3.1. Гапыр Мадаминовдун "Энелер мектеби" концепциясынын башка мектептерде колдонуу тажрыйбаларынын өнүгүшү

Гапыр Мадаминов "Энелер мектебин" – эксперимент рамкасында, илимий-педагогикалык проблемалык лаборатория корутундусунун негизинде мектеп базасында ачылган. Ата-энелер менен мектептин байланышынын жоктугу, базар экономикасында эптеп жан багуу менен алек болгон ата-энелер башка өлкөлөргө иштеп кетип, балдардын кароосуз калып, мугалимдин өткөн сабагы, тарбиялык иштеринин таасири жугумсуз болуп калууда. Андан тышкары глобализация, интернет, ММК ж.у.с.н. балдар терс таасирине кабылып келүүсү. Албетте бул нерселер адамдын жашоосун жеңилдетип, дүйнө таанымын кеңейтиш үчүн чыгарылган нерселер, бирок пайдалуу жактарын алууга балдардын дарамет, маданияты жетишсиз болуп турат. Ошондуктан мектептен алыстап кеткен ата-энени мектепке тартуу максатында "Энелер мектеби" ачылган. Анткени балдар - биздин келечегибиз.

"Энелер мектеби" тажрыйбасы 1997-жылы №3эксперименталдык гимназияда Гапыр Мадаминовдун жетектөөсү алдында иштеп келе жатат. Лабораториянын негизги максаты – үй-бүлөнү мектепке тартуу. Гапыр Мадаминов "Энелер мектеби" моделинин иштеп жатканын жана эффективдүүлүгүн тастыктай алган.[118] Кыргызстандагы эң актуалдуу маселелердин бири болгондуктан, бул окуу түрүнө муктаж экенибиз ачык-айкын нерсе.

Г. Мадаминовдун "Энелер мектеби" тажрыйбасын башка мектептерге жайылтууда айыл өкмөтү район, область масштабында ата-энелердин педагогикалык маданиятын жогорулатууга жетекчилик кылуучу уюм, айыл өкмөтү, РайБББ,

[118] Айсулуу Нурматова, "Энелер мектебинин негиздөөчүсү Гапыр Мадаминов" *Жамааттык ЖМКлардын Бирлиги*, 2-сентябрь 2020

акимчилик, облустук администрациянын алдында уюштурулса жана атайын пландын негизинде иштеп, семинар, конференция, форумдарды жакшы натыйжа берген.[119]

Мисалы: 2017-жылы май айында “эне мектебинин” облустук конференциясы, Лейлек району, Исфана шаарында өткөрүлгөн. Ага район акими, айыл өкмөттөрү, ата-энелер жалпы 570 адам катышкан.[120]

2017-2018-окуу жылынан баштап КРнын Өкмөтүнүн Баткен облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн орун басары Ч.О. Саттарованын демилгеси жана колдоосу менен облустук координациялык кеңеш түзүлдү жана “Эне мектеби” Баткен облусунун бардык район, шаарларында жайылтылып келе жатат. Бүгүнкү күнгө чейин 10000ге жакын ата-энелер “Эне мектебин ” бүтүп чыгышты.[121]

Мына ошол Баткен облусунда түзүлгөн билим берүүнү жана “Эне мектебин” колдоо боюнча координациялык кеңештин демилгеси жана КР Билим берүү жана илим министрлигинин колдоосу менен 16-апрель 2018-жылы “Коомдогу жаштардын билим тарбия сапатын жакшыртууда “Эне мектебинин” орду жана мааниси” темасындагы эл аралык форум өткөрүлдү.[122]

Форумга КР Билим берүү жана илим министрлигинин статс-катчысы Ж.Ташиев, педагогика илимдеринин доктору, профессор Ж.Каниметов, Ош техникалык университетинин профессору, тарых илимдеринин доктору Б.Нурумбетов ж.б. катышып, сөз сүйлөштү.

Бул форумда Декларация кабыл алынды.

Анда:

1. “Гапыр Мадаминов негиздеген “Эне мектеби” аркылуу ата-энелердин педагогикалык маданиятын

өнүктүрүү моделин республиканын башка мектептерине жайылтууга жана колдоого сунуштоо.

[119] Гапыр Мадаминов “Айыл мектептеринде ата-энелердин педагогикалык маданиятын калыптандыруунун педагогикалык шарттары” *История вузов Кыргызстана,* 2018
[120] Гапыр Мадаминов “Айыл мектептеринде ата-энелердин педагогикалык маданиятын калыптандыруунун педагогикалык шарттары” *История вузов Кыргызстана*, 2018
[121] Гапыр Мадаминов “Айыл мектептеринде ата-энелердин педагогикалык маданиятын калыптандыруунун педагогикалык шарттары” *История вузов Кыргызстана*, 2018
[122] Гульнара Алыбаева ““Энелер мектеби” эл аралык форуму”, *Кутбилим газетасы*, 17 апрель 2018

2. “Ата-энелер сиздер үчүн китеби” ж.б. атаэнелерге арналган педагогикалык адабияттар, гезит,

журналдар массалык түрдө чыгарылып, бардык мектептердин ата-энелерине жеткизүүгө сунуштоо.”[123]

Гапыр Мадаминов өзү форум жөнүндө “2018-жылы Баткен областында Губернатордун, Билим берүү Министрлигинин колдоосу менен жети областтын делегаттары жана Өзбекстан, Тажикстандын делегаттары катышкан Эл Аралык Симпозиум биздин “Энелер мектеби” тажрыйбабыз боюнча болуп өтүп, жайылтуу жөнүндө резолюция кабыл алынды. Ал симпозиумга Кыргызстандын жети областынан 400дөн ашык адам келди. Беш профессор катышты, алардын арасында проф.Балтагул Норунбетов, проф.Жанкороз Каниметов ж.б болду.Тажикстан менен Өзбекстандан дагы окумуштуулар катышып, доклад окушуп, биздин программа, идеябызды колдоп, жайылтуу жөнүндө сунуштарын айтышты. “-дейт.

Алгач, Гапыр Мадаминовдун ачкан мектебинде “Энелер мектеби” окутула баштаган. Ал эми 2021-2026-жылдарга инсандын руханий адеп-ахлактык жана дене тарбиясы жөнүндө концепцияны ишке ашыруу боюнча Билим берүү министрлигинин буйругу чыгып, иш планы бекитилген. Ага ылайык, алгач концепциянын багыттары, максаттары менен жалпы билим берүү мекемелерин тааныштыруу иштери жүрдү.[124] Бул тууралуу Sputnik Кыргызстан радиосуна Индира Токонова мындай билдирүүлөрдү жасады: “Алдыдагы беш жылга карата инсандын руханий, адеп-ахлактык жана дене тарбиялык өнүгүүсү боюнча кабыл алынган концепцияда үй-бүлө институтун бекемдөө биринчи жана негизги багыт болуп белгиленген. Мунун алкагында биз мектепке чейинки курактагы жана мектеп жашындагы балдар менен иштөө программаларыбызды баштадык. Үч, беш жашка чейинки балдардын дүйнө таанымын кеңейтип, инсандык өнүгүүсүнө салым кошуу максатында Bebboo тиркемесин ишке киргиздик. Мобилдик тиркеме аркылуу ата-энелер балдарды эрте өнүктүрүүгө багытталган өзүбүзгө ылайыкташтырып, которулган түрдүү материалдар, көндүмдөр, оюндарды таба алышат. Ошондой эле 272 мектепке чейинки билим берүү мекемелеринде жана 522 жалпы билим берүүчү жайларда ата-энелерди окутуу программасы иштеп жатат.

[123] Гапыр Мадаминов “Айыл мектептеринде ата-энелердин педагогикалык маданиятын калыптандыруунун педагогикалык шарттары” *История вузов Кыргызстана*, 2018

[124] ““Ата-энелер мекеби” программасы ишке кирет” акыркы жаңыоо 2 май 2023 https://edu.gov.kg/organizations/23/posts/485/

Ата-энелер мектеби программасынын максаты-баланы тарбиялоодо ата-эненин педагогикалык деңгээлин жогорулатуу. Сабактар айына бир ирет, атайын тематикага бөлүнүп окутулат. Аны класс жетекчилер же тренер катары белгилүү бир мугалимдер өтөт.” [125]

Индира Токонованын айтымында, концепцияда үй-бүлө адамдын инсандык, адеп-ахлактык өнүгүүсүнүн пайдубалы катары көрсөтүлүп, аталган институттун бекемделишине өзгөчө көңүл бурулган.

“Энелер мектеби” Республикабыздын кайсы райондорунда кеңири жайылгандыгы жөнүндө Гапыр мадаминов мындай : “Бүгүнкү күндө Кыргызстандын жети областында “Энелер мектеби” пилоттук балдар бакчалары, мектептерде кеңири жайылып, өтүлө баштады. Жети областта “Энелер мектебинин” демилгечи координаторлору, шакирттерибиз бар. Мисалы: Баткенде Наргуль Анаркулова, Айназик Айдаралиева, Ноокатта Кеңеш Пиратов, Ошто Бактыгуль Байчикова, Жалал –Абадда Эркингуль Маматова, Матлюба, Нургуль, Жайнагуль, Чүйдө Динара Сарыбашева, Замира Бекташова, Токмокто Замира Мырзабекова, Ысык-Көлдө Назгуль, Дамира, Нарында Аида, Таласта Салтанат Бейшенова ж.б” – дейт.

Официлалдуу түрдө Кыргызстанда “Ата-энелер мектебинин” пилоттук мектепке чейинки билим берүү жана жалпы билим берүү уюмдары 2022-жылдын 1-октябрынан баштап иштей баштады. Билим берүү министрлигинин басма сөз кызматы билдиргендей, “Энелер мектебинин” программасы этап-этабы менен киргизилет. Маалыматка ылайык, бул ата-энелердин балдарды тарбиялоодогу жана аларга кам көрүүдөгү көндүмдөрүн жакшыртуу, жашы жете электер арасында укук бузуулардын алдын алуу максатында уюштурулат.[126]

“Ата-энелер мектеби” программасын ишке ашыруу үчүн ар бир район, шаардан пилоттук негизде 5тен кем эмес бала бакча жана 10дон кем эмес мектеп тандалып алынып, бул программа апробациядан өтөт.[127] Гапыр Мадаминов Республиканын мектептердеги кайтарымдуулугу жөнүндө мындай дейт: “Кээ бир мектеп, балдар бакчаларында “анын бизге кереги барбы?” деген суроолор берилүүдө. Биз кереги

[125]Асель Сыдыкова, “Кыргызстанда “Ата-энелер мектеби” иштеп жатат. Чоо жайы”, *sputnik.kg 8* февраль , 2023
[126]““Ата-энелер мекеби” программасы ишке кирет” акыркы жаңыоо 2 май 2023 https://edu.gov.kg/organizations/23/posts/485/
[127] “Кыргызстанда ата-энелер мектеби ишке кирди” *novosti.kg* 27 ноябрь 2022 https://novosti.kg/kg/kyrgyzstanda-ata-jeneler-mektebi-ishke-kirdi/

бар экенидигини, билимдин тарбиянын сапаты,тартип, укук бузуу, кылмыштуулукту алдын алууда “Энелер мектебинин” мааниси чоң экендигини бардык жактан айтып, түшүндүрүп, ынандырып келүүдөбүз. Мен автор катары Кыргызстандын жети областынын ар биринде үч жолудан чакыруу боюнча барып өтүп келдим “Энелер мектеби” жөнүндө. Мисалы: Баткенде, Ош областында, Жалал-Абадта, Нарында, Таласта, Ысык-Көлдө, Чүйдө, Бишкекте, Ош шаарында ж.б кээ бир областтарда үч-төрт жолудан чакырышып өтүп келүүдөмүн. Андан тышкаары быйыл март айында чакыруу боюнча Москвага барып, Москвадагы мигрант энелерге аталарга “Энелер мектеби” боюнча сабак, лекция өтүп келдик. 1500 мигрант катышты Конгрессхоллдо өтө чоң жыйын болду. Алыста жүргөн ата-энелердин балдары  тарбиялануусу боюнча сабак, лекция өтүлдү**”.**

Пилоттук билим берүү уюмдарында апробациядан өткөндөн кийин “Ата-энелер мектеби” программасы сунуштардын жана сын-пикирлердин негизинде жеткире иштелип чыгып, мындан ары дагы жайылтылат.

Программага ылайык пилоттук билим берүү уюмдарында ата-энелер айына бир жолудан кем эмес окуудан өтүп турушат. Окууларды программанын алкагында окуудан өткөн мугалимдер жана тарбиячылар өткөрөт.[128] «Энелер мектебинде” негизинен сабакты класс жетекчилер өтөт. Гапыр Мадаминов “Энелер мектебинин” программасын түзүп, бала бакчасынын тартып билим берүү мекемесин аяктаганга (11 класс) чейин ар бирине өзүнчө программа чыгарылган. Ошонун негизинде класс жетекчилер энелерге сабак өтүүдө.  “Энелер мектебин” класс жетекчилер өтөт, мектеп администрациясынын чечими менен ачылат. Эгерде бир мектепте беш паралель класс болсо, бириктирип өтсө болот.

“Энелер мектеби” үчүн атайын окуу куралдарын айта кетсек. Гапыр Мадаминовдун 2018-жылы Кыргыз Билим берүү Академиясы Арабаев университетинде “Энелер мектеби” боюнча 25жылдык экспериментти жыйынтыктап жазылган кандидаттык диссертация Жанкороз Каниметов, Манас университетинин профессору Акматали Алимбековдун жетекчилиги менен корголду.

2001-жылдан бери “Энелер мектебинин” атайын колдонмо китебини ата-энелерге таратылууда. Программа 10 жолу басылып чыккан.

---

[128] **“**Билим берүү министрлиги "Ата-энелер мектеби" программасын ишке киргизет**”** акыркы жаңылоо 18 май 2022 http://kg.kabar.kg/news/bilim-ber-ministrligi-ata-eneler-mektebi-programmasyn-ishke-kirgizet/

Балдардын билим-тарбия сапатын жакшыртуу үчүн жалгыз мектептин, мугалимдердин ишмердүүлүгү аздык кылат. Ошондуктан бүгүнкү күндө ата-энелердин педагогикалык маданиятын өркүндөтүү маанилүү.

### 3.2 Гапыр Мадаминовдун "Энелер мектеби" моделинин башка мектептердеги кайтарымдуулугун анализдөө

"Энелер мектеби" тажрыйбасы Кыргызстанда биринчи жолу 1997-жылы №3 эксперименталдык гимназияда Гапыр Мадаминовдун жетектөөсү алдында иштеп баштаган. Азыркы күнгө чейин №3 эксперименталдык гимназияда "Энелер мектебин" миңдеген ата-энелер окуп бүтүрүштү.[129] Учурда №3 эксперименталдык гимназияда болуп өткөн "Энелер мектеби" тажрыйбасынын кайтарымдуулугу баарыбызга белгилүү. Анын эффективдүүлүгүнүн жыйынтыгы, окуган ата-энелерден жана алардын балдарынан көрүнүп турат. Учурда ар бир областтын, ар бир шаарлары жана райондорунда өтүлө башталгандыгы да кайтарымдуулугу мыкты болгон, жемиштүү продукт болгондугунан кабар берет.

Ал эми Кыргызстандын жети областына 2022-жылы "Энелер мектеби" тажрыйбасы тарай баштады. Официалдуу түрдө Кыргызстанда "Ата-энелер мектебинин" пилоттук мектепке чейинки билим берүү жана жалпы билим берүү уюмдары 2022-жылдын 1-октябрынан баштап иштей баштады. Жогоруда белгилеп өткөндөй Гапыр Мадаминовдун "Энелер мектеби" моделинин программасынын негизинде окутулууда. Билим берүү министрлигинин басма сөз кызматы билдиргендей, "Энелер мектебинин" программасы этап-этабы менен киргизилди.[130]

Анын иштегенине бир жыл айлана элек, бирок Кыргызстандандын булуң-бурчунда окулуп жаткан "Ата-энелер мектебинин" кайтарымдуулугун анализдөө үчүн, курсту окуган энелерден анкета алынды. Анкета "Энелер мектеби" курсун онлайн жана оффлайн форматында окуп бүтүрүшкөн ата-энелерди камтыйт. Жалпысынан сурамжылоого 310 ата-эне катышты. Ата-энелерге берилген анкетада 12 суроо болду. Анкета жүргүзүүбүздүн негизги максаты, Кыргызстанда окутула баштаган "Ата-энелер мектебинин" кайтарымдуулугун анализдөө. Андан тышкары, бул

---

[129] Гапыр Мадаминов, "Айыл Мектептеринде Ата-Энелердин Педагогикалык Маданиятын Өнүктүрүүнүн Педагогикалык Шарттары." Кандидаттык диссертация, И.Арабаев атындагы КМУ, 2017.

[130]Асель Сыдыкова, "Кыргызстанда "Ата-энелер мектеби" иштеп жатат. Чоо жайы", *sputnik.kg 8* февраль, 2023

тажрыйба Республиканын баардык область, шаарларында биринчи жолу окутулуп жаткандыктан, курста окуган ата-энелердин сунуштарына кулак салуу биз үчүн маанилүү эле. Ошондуктан, сурамжылоого ата-энелердин сунуштарын кошуп, аларды да анализдөөгө аракет кылынган.

*Таблица 3.1. Ата-энелерден алынган анкетанын таблицасы (310 ата-эне)*

| № | Суроо | Жооп | Саны | % |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Гапыр Мадаминовдун “Энелер мектеби” менен | Ооба | 40 | 68,8 |
| | мурда тааныш белеңиз? | Жок | 20 | 31,2 |
| 2 | Сиз “Энелер мектеби” курсунан өткөнгө чейин | Ооба | 31 | 50,7 |
| | Балаңыздын жаш курактык өзгөчөлүктөрүн билчү белеңиз? | Жок | 29 | 49,3 |
| 3 | Сиз “Энелер мектебинде” окуганга чейин үйдө | Ооба | 37 | 62,4 |
| | сабак даярдоочу бөлмө/бурч бар беле? | Жок | 23 | 37,6 |
| 4 | Сиз “Энелер мектебинде” окуганга чейин | Ооба | 22 | 38,1 |
| | үй-бүлөлүк китепкана бар беле? | Жок | 38 | 61,9 |
| 5 | Сиз “Энелер мектебинде” окуганга чейин бала | Ооба | 25 | 42 |
| | Менен чоогу китеп окуу сааты бар беле? | Жок | 35 | 58 |
| 6 | Сиз “Энелер мектебинде” окуганга чейин бала | Ооба | 29 | 48,4 |
| | Тарбиясына тиешелүү китеп окудуңуз беле? | Жок | 31 | 51,6 |
| 7 | Сиз “Энелер мектеби” курсунан өткөнгө чейин | Ооба | 40 | 67 |
| | Балдарыңыздын окуу ишине жакшы жардам бере алат белеңиз? | Жок | 20 | 33 |
| 8 | Сиздин “Энелер мектебинде” алган | Ооба | 58 | 96,8 |
| | билимдериңиз балаңызга тарбиячылык таасириңизди арттырууга негиз боло алдыбы? | Жок | 2 | 3,2 |
| 9 | Сиздин энелик педагогикалык билим | Ооба | 57 | 94,9 |
| | тажрыйбалаыңыздын артышы менен балаңыздын окууда алдыга жылуусу болдубу? | Жок | 3 | 3,1 |
| 10 | Ар бир эне “Энелер мектеби” курсунан өтүшү | Ооба | 58 | 97,9 |
| | зарыл деп эсептейсизби? | Жок | 2 | 2,1 |
| 11 | “Энелер мектеби” боюнча окуу куралдар | Ооба | 24 | 40,1 |
| | Жетиштүү деп эсептейсизби? | Жок | 36 | 59,9 |

Таблица 3.1.де көрүлгөндөй, 40 (68,8%) ата-эне Гапыр Мадаминовдун “Энелер мектеби” менен мурда тааныш экендигин билдиришсе, 20 (31,2%) ата-эне “Энелер мектеби” жөнүндө маалыматы жок экенин белгилешкен. “Энелер мектеби” өзгөчө акыркы жыл Кыргызстандын аймактарына кеңири жайылууда, ошол себептүү ата-энелердин 68,8%и тажрыйба жөнүндө маалыматы бар болушу ыктымал.

Ал эми “Энелер мектеби” курсунан өткөнгө чейин баланын жаш курактык өзгөчөлүктөрүн 31 (50,7%) ата-эне билеерин белгилешсе, 29 (49,3%) ата-эне билбегенин билдиришкен.

Ал эми бул курсту окуганга чейин үй-бүлөлөрдө сабак даярдоочу бөлмө же бурч 37 (62,4%) ата-эненин үйүндө бар экенин, ал эми 23 (37,6%) ата-эненин үйүндө мындай шарт каралбаганын белгилешкен. Бирок, дагы белгилей кетчү нерсе көп үй-бүлөлөрдө сабак даярдоочу бөлмө же бурч талапка жооп бербейт. Мисалы: адабияттар тизмесинин жакырлыгы, жетиштүү жарыктын болбоосу, бөлмөдө

тынчтыктын сакталбоосу ж.б.у.с шарттар талапка жооп бербейт. Окуучулардын окуудан жакшы ийгиликтерге жетүүсү үчүн, сабак даярдоосуна ылайыктуу шарт түзүлүп берилүүсү керек. Ошол максатта “Энелер мектеби” тажрыйбасында балдардын сабак даярдоосу үчүн “Мыкты сабак даярдоочу бөлмө” конкурсу уюштурулган.

22 (38,1%) ата-эне “Энелер мектебинде” окуганга чейин үй-бүлөлүк китепкананын бар болгонун белгилешсе, 38 (61,9%) ата-эне үй-бүлөлүк китепкана түзбөгөндүгүн билдиришкен. Демек, ата-энелердин көбү үй-бүлөдө китеп окулганына маани беришпейт, ошол себептүү балада китепке болгон кызыгуусу жок жана сөз байлыгы жакыр. Гапыр Мадаминов китепкана түзүү максатында жаш үй-бүлөлөргө “Кыз себине-кырк китеп” идеологиясын сунуштаган. Ал китептин арасында дүйнөлүк классиктер менен бирге кыргыз эл жазуучуларынын китептери бар. Гапыр Мадаминов чогулткан бул адабияттар тизмеси, ар бир үй-бүлөнүн китеп текчесинде туруусу сунушталган.

Анкетанын суроолоруна ылайык “Энелер мектебинде” окуганга чейин 35 (58%) ата-эне бала менен чоогу китеп окуу сааты болбогонун билдиришсе, 25 (42%) ата-эне бала менен чоогу китеп окуу сааты бар болгонун белгилешкен.

Ата-энелердин 29 (48,4%)и “Энелер мектебинде” окуганга чейин бала тарбиясына тиешелүү китептерди окуганын белгилешсе, 31 (51,6%) ата-эне бала тарбиясына тиешелүү китептерди окубагандарын белгилешкен.

“Энелер мектеби” курсунда окуганга чейин 40 (67%) ата-энелер балдарынын сабактарына жакшы жардам бере алаарын белгилешсе, 20 (37%) ата-энелер балдарынын окуу ишине жакшы жардам көрсөтө албай жаткандыгын билдиришкен.

Ата-энелердин 58 (96,8%)ү “Энелер мектебинен” алган билимдеринин балдарына тарбиячылык таасирин арттырууга негиз болгонун белгилешсе, 2 гана (3,2%)ата-эне курстан алган билими балдарды тарбиялоодо пайдасы тийбегенин белгилешкен.

Сурамжылоого катышкан 57 (94,9%) ата-эне “Энелер мектеби” курсунан кийин педагогикалык билим тажрыйбаларынын артышы менен балдарынын окууда алдыга жылуу болгонун белгилешкен. Ал эми, 3 (5,1%) ата-эне эч кандай жылыш

болбогонун билдиришкен. Баарына белгилүү болгондой баланын ийгилигинин жарымы ата-эненин колунда. Гапыр Мадаминов семинар, лекцияларында ар дайым кайталап келет “Ата-эне окумайынча, бала окубайт” – деп.[131] Ошондуктан “Энелер мектебинен” педагогикалык билим тажрыйбасын арттырган ата-энелер үчүн эң жогорку даражадагы көрсөткүч, баласынын окуудагы ийгиликтерди багындыруусу.

58 (97,9%) ата-эне ар бир эне бул курсту окуп бүтүрүшү зарыл деп эсептегенин билдиришкен. Ал эми, 2 (2,1%) ата-эне “Энелер мектеби” курсуна муктаждык жок экендигин белгилешет. “Энелер мектеби” курсун аяктаган ата-энелер бул тажрыйбада максатталган натыйжага кол жеткире алышканын жана балдарынын окуусунда алга жылуу болгонун көрө алганы анык.

24 (40,1%) ата-эне “Энелер мектеби” боюнча окуу куралдары жетиштүү деп белгилесе, 36 (59,9%) ата-эне окуу куралдар жетишсиз деп билдиришкен.

*Таблица 3.2. Ата-энелердин “Энелер мектебин” өркүндөтүү боюнча сунуштары*

| Сунуштар | Саны | % |
|---|---|---|
| “Энелер мектеби” Кыргызстандын баардык жерине жайылуусу жана ар бир ата-эне окууга мүмкүнчүлүк түзүлүүсү керек. | 30 | 51,5 |
| “Энелер мектеби” курсун алгач мугалимдер окуп, ата-энелерге кызыктуу өтө алуусу шарт | 4 | 4,04 |
| Эне болуудан мурун, жаш кыздар “Энелер мектебин” окуусу керек. | 3 | 3,03 |
| Таркатма материалдар, өз алдынча окуу үчүн шилтемелерди көбөйтүү. | 4 | 4,04 |
| Гапыр Мадаминов өзү семинарларды өтүп, жеке консультация бере алуусу. | 5 | 4,55 |
| Баланын жаш курак өзгөчөлүгүнө жараша өзгөрүүлөр кирүүсү | 1 | 1,01 |
| “Энелер мектеби” элдик педагогиканын негизинде өтүлсүн | 1 | 1,52 |
| Аталарга атайын программа түзүлүп, энелерден башкачараак өтүлсүн | 2 | 2,02 |
| Программага диний аспекттер кошулсун | 1 | 1,01 |
| Практикалык иштер дагы көбүрөөк болсун | 1 | 0,51 |
| Онлайн сабактар, оффлайн жоолугушуулар менен айкалыштырылсын | 2 | 2,53 |

[131] Абдибек Казиев, “Гапыр Мадаминов: Ата-эне окумайынча, бала окубайт” *bbc.com* 6 октябрь 2017

Таблицага 3.2де көрүлгөндөй сурамжылоого 60 ата-эне катышты. Ата-энелерден "Энелер мектеби" тажрыйбасын өркүндөтүү боюнча сунуштарын сураганыбызда, эң актуалдуу жооптордун бири "Энелер мектебин" Кыргызстандын булуң-бурчуна жайылтуу болду. 30 ата-эне "Энелер мектеби" тажрыйбасынын Кыргызстандын айыл-кыштактарына чейин жеткирилүүсүнү жана бат-баттан өтүлүүсүн сунуштаган. Бул сунуштун актуалдуулугунан, кыргыз жарандарынын арасында кошумча билим алууга муктаждык бар экенин жана бул тажрыйба ийгиликтүү, элге сиңимдүү болгону талашсыз.

Бул жылы "Энелер мектеби" пилоттук долбоордун негизинде бала бакча жана билим берүү мекемелеринде өткөндүктөн, курсту окуткан мугалимдер иштин максатын жакшы түшүнө албашы толук ыктымал. Анткени 4 ата-эне мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу керектигин жана алгач мугалимдер курсту окуп, максатын, ыкмаларын туура түшүнүп окутууну сунуштаган.

"Энелер мектебин" ар бир кыз "Эне" статусун алуудан мурун окушу керектигин 3 ата-эне сунуштаган. Университетке кошумча сабак катары киргизүүнү да сунуштагандар бар.

Ата-энелердин 4ө окуу куралдарынын жетишсиздигин жана таркатма материалдын аздыгын айтышкан. Мисалы: Гапыр Мадаминовдун китептерин сатып алууга жетишпей калгандарын, айыл мектептеринин библиотекасына бирден китептерди коюусун жана атайын кыскача усулдук китепче кылып ар бир ата-энеге таркатылуусу сунушталган. Кээ бир ата-энелер маалыматты өз алдынча окуу үчүн, шилтемелерди берип коюсун сунушташкан.

5 ата-эне Гапыр Мадаминовдун райондорго келип, семинар өткөрүп туруусун өтүнүшсө, кээ бир ата-энелер жеке консультацияларды берип туруу боюнча сунуш киргизген.

Ата-энелердин кээ бири, тагыраак айтканда 1 ата-эне программа элдик педагогиканын негизинде өтүлүүсүн сунуштаса. Ата-энелердин 1сү программага диний аспекттердин кошулуусун сунуштаган. Аталарга атайын программа түзүлүп, энелер мектебиндеги программа аталарга ылайыкташтырылып "аталар мектеби" кошумча окутулсун деген сунуш дагы ойлонууга жемиш болот. Курсту онлайн окуган 2 ата-эне онлайн окууну оффлайн жоолугушуулар менен айкалыштыруусун сунуштаган.

# ЖАЛПЫ КОРУТУНДУ

Гапыр Мадаминовдун концепциясынын негизинде мектептерде энелердин педагогикалык компетенттүүлүгүн өнүктүрүү тажрыйбаларын анализдөө боюнча жүргүзүлгөн тарыхый-педагогикалык изилдөө төмөнкүдөй корутундуларды жасоого мүмкүнчүлүк берди:

1. Гапыр Мадаминов атуулдук, коомдук активдүүлүгү жогору, сынчыл педагогикалык интуициясы, аналитикалык ойлом маданияты күчтүү инсан катары бүгүнкү кыргыз мектептери туш болгон көйгөйлөрдү башкалардан баштараак баамдап алардан чыгуунун жообун издеп, жолун чабуудан чарчабаган чыныгы изденгич, изилдөөчү педагог катары таанымал. Анын новатор педагог катары калыптанышында таасир эткен төмөнкүдөй факторлорду бөлүп көрсөтүүгө болот: Гапыр Мадаминовдун новатор педагог катары калыптанышын шарттаган төмөнкү факторлорду бөлүп көрсөтүүгө болот:

- ата энесинин, элдин жалпы элчилдикке тарбиялоо иш аракетинин таасири;
- өткөн кылымдын 80-90 жылдарындагы билим берүү чөйрөсүндөгү кризистер жана көнүмүш стреотиптер менен жаңы доордун талаптары ортосундагы олуттуу карама каршылык;
- табиятынан парасаттуулугу, педагогикалык жумушта көз бойомочулукка, эптеп убакты өткөрүүгө ар кандай формалдуулукка жол бербеген принципиалдуу атуулдук позициясы;
- билим берүүнүн жана балдардын келечегине карата оптималдуу көз карашы.

Гапыр Мадаминовдун новатордук педагогикалык ишмердүүлүгүнүн негизги этаптары төмөнкүдөй алдыңыкы педагогикалык тажрыйба жаратуу менен байланыштуу болду:

- Кыргызстандын тарыхын окуучулардын кичи мекенинин тарыхы менен тыгыз байланышта окутуунун методикасын жана ресурстук материалдарын өркүндөтүү;
- окуучулардын билим алуудагы өз алдынча активдүү ишмердүүлүгүн өнүктүрүүнүн кайтарымдуу жолдорун жолдорун издөө акыл эмгегинин маданиятына үйрөтүүнүн методикасын иштеп чыгуу;

- ошондуктан 1997-жылдан баштап ата-энелерди мектепке тартуу багытында проблемалык лаборатория ачуу жана “Энелер мектебинин” концепциясын иштеп чыгуу жана аны республиканын билим берүү мекемелерине жайылтуу.

2. Гапыр Мадаминов тажрыйбасынын өзөгүн “Энелер мектеби” концепциясы түзөт. Концепция энелердин балдарды окутуу тарбиялоо ишинде партнер жана чечүүчү субьект катары мотивациясын өнүктүрүү; өзүндөгү жакшы сапатарды өнүктүрүү жана аларга балдарды тарбиялоо иштериндеги жаңылыштардан алыс болууга, балдарды мектептеги окуу ишине карата активдүүлүгүн өнүктүрүү ишмердүүлүгүн уюштуруу багытында кеңеш нускаларды берүү; үй-бүлөдө балдардын сезүү, кабылдоо, ойлоо, эстеп калуу ж. б. таанып-билүүгө, билим алууга зарыл сапаттарын калыптандыруунун эң жөнөкөй жолун, методун ыкмаларын үйрөнүү; энелерди балдар бакчасынын окуу программасын аткарууга даярдоо; эң жөнөкөй педагогикалык маалыматтардын негиздерин билген эне-тарбиячы, эне-педагогду даярдоо аркылуу, мектепке келе турган балдар үчүн үй-бүлөдө алгачкы мектеп – эне мектебин даярдоого көмөктөшүү; балдарды тарбиялоо багытындагы көйгөйлүү маселелерди чечүүгө даярдоо. Концепциянын негизги булактарын элдик педагогика, классикалык педагогика жана автордун өздүк изденүүлөрү түзөт.Концепциянын негизинде түзүлгөн окуу программасы энелик педагогикалык парыз, балдардын табиятын таануу жана аларга психологиялык колдоо көрсөтүү; балдар эмнеден жаңылышыат, типтүү каталары эмнеде; өрнөктүү адам же баланын жүрүм турумунун модели, үй бүлөдө балдарды тарбиялоонун принциптери, методдору, балдарды тарбиялоодогу эң негизги 17 эреже; билим, өнөр, тарбия, кесипке ээ болууда китептин ролу, мааниси ата энелердин балдар менен баарлашуу процессиндеги болжолдуу темалар сыяктуу маселелерди камтыган. Ал өз тажрыйбасын башкалар менен бөлүшүү максатында 15тен ашуун китеп жазган.

Гапыр Мадаминовдун “Энелер мектебиндеги” окутуу принциптери катары төмөнкүлөрдү белгилөөгө болот: илимий негизде окутуу принциби, системалуулук жана ырааттуулук, көрсөтмөлүүлүк, аң сезимдүүлүк жана активдүүлүк, билим-билгичтик жана көндүмдөрдү бекем өздөштүрүү, жеткиликтүүлүк, теория менен практиканын байланышын камсыз кылуу ж.б. “Энелер мектебинде” энелердин педагогикалык компетенттүүлүгүн өнүктүрүүдө көп кырдуу методдор тандалып иргелип алынат. Алардын ичинен ата энелердин педагогикалык маданиятынын өнүгүш динамикасын ачыкка чыгарып,

стимулдаштырган тасирдүү методдордун бири “Эң мыкты сабак даярдоочу бөлмө”, “Мыкты үй бүлө”, “Мыкты эне” конкурстары. Ата энелер сабактарда лекция, суроо жооп иштерине катышып түрдүү маселелерди талкуулашат. “Энелер мектебинде” атайын балдардын ой жүгүртүүсүн өстүрүү жөнүндө тема киргизилген, анда: Таң калуу, баалоо, талдоо. Күзөтүү, салыштыруу, айырма, окшоштугун табуу. Суроо коюп, жооп издөө. Өткөнүн (тарыхы, келип чыгышы) билүү. Азыркы абалы, келечегин билүү. Эмнеге? Кантип? Качан? ж.б. суроолорго жооп издөө.

3. Гапыр Мадаминовдун 30 жылдан бери талыкпас эмгеги, анын ачкан №3 гимназиядагы инновациялык-эксперименталдык жаңылык киргизүүсү. Мисалы: АЭМ сабагы, “Энелер мектеби” модели, Кругозор-Ой өрүшү, Инсан таануу сабактары гимназиянын окуучуларын Кыргызстандагы алдыңкы окуу жайларга өтүп, билим деңгээлинин жогору болуусуна өбөлгө түзгөн. Анын эмгектериндеги талдоого алынган тарыхый педагогикалык фактылар балдарды окутуунун натыйжалуулугу ата-энелердин педагогикалык компетенттүүлүгүнөн көз каранды экени ачык айкын. Ошол максатта “Энелер мектеби” модели ишке киргизилип, анын уюштуруу принциптери, тажрыйбада колдонулган методдор жана андан алынган жыйынтыктар калың журтка таратылып келет. Гапыр Мадаминовдун жүргүзгөн эксперименталдык тажрыйбасынын натыйжаларынын жыйынтыгында, “Энелер мектебинде” окуган (эксперименттик класс) ата-энелердин педагогикалык маданияты олутуу өнүккөн.

4. “Ата-энелер мектебинин” Кыргызстандын баардык аймактарындагы мектептерге жайылышы жана анын өнүгүш динамикасы 2018-жылы Баткен областында Губернатордун, Билим берүү Министрлигинин колдоосу менен жети областтын делегаттары жана Өзбекстан, Тажикстандын делегаттары катышкан Эл Аралык Симпозиумда “Энелер мектеби” тажрыйбасын жайылтуу жөнүндө резолюция кабыл алынды. 2022-жылы 1-октябрында “Ата-энелер мектебинин” пилоттук мектепке чейинки билим берүү жана жалпы билим берүү уюмдары иштей баштады. “Ата-энелер мектебинин” кайтарымдуулугун анализдөө максатында, курсту окуган ата-энелерден анкета алынды. Анкетага 310 ата-эне катышып, 12 суроо берилди. Анкетанын жыйынтыгында “Ата-энелер мектебине” коомчулукта муктаждык бар экени аныкталды. “Энелер мектебин” аяктаган ата-энелер курстан алган билими балдарына тарбиячылык таасирин арттырууга негиз болгонун белгилешкен. Андан тышкары, ар бир ата-эне курсту окуп бүтүрүшү зарыл деп белгилешкен. Бул жооптордон, Г. Мадаминовдун “Энелер мектеби” моделинин таасирдүүлүгүн тааный алабыз.

Арийне, аткарылган изилдөө каралып жаткан маселенин бардык аспекттерин камтый албайт. Гапыр Мадаминовдун алдыңкы педагогикалык тажрыйбаларын болочок

мугалимдерди жана болочок ата энелерди окутуу тарбиялоодо колдонуу маселелери өз алдынча изилдөөнү талап этет.

*Практикалык сунуштар*

1. “Энелер мектеби” аркылуу ата-энелердин педагогикалык компетенттүүлүгүн жогорулатуу максатында Республиканын бардык район, область, айыл-кыштактарына чейин жайылтуу.

2. “Энелер мектебин” окутуу үчүн, алгач мугалимдердин билимин жогорулатуу максатында атайын курстарды уюштуруп, ата-энелер менен иштөөгө даярдоо.

3. Азыркы учурда коомубузда тарбия маселесинин актуалдуулугун эске алып, бардык район, областтарда ата-энелердин конференциясын өткөрүп, таркатма материалдарды, өз алдынча окуу үчүн шилтемелерди берип ата-энелердин маданиятын жогорулатуу.

# БУЛАКТАР


Абдулхамидова, Батма. *Билим жолундагы өмүр.* Бишкек: “Гүлчынар” ЖЧК басмаканасы, 2014.

Абдураимова, Рано “Үй-бүлөдө кенже мектеп курагындагы балдарды элдик педагогиканын каражаттары аркылуу тарбиялоо.” дисс...пед.и. докт И.Арабаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик Университети, 2001.

Азаров, Юрий. *Семейная педагогика.Педагогика Любви и Свободы*. Москва: Топикал, 1994.

Азарова Людмила, Лазарева Ева “Педагогическая компетентность родителей: взгляды на структуру” Москва: *Известия Института педагогики и психологии образования* 10 май 2023

Акутина, Светлана. “Роль педагогической компетенции родителей в воспитании духовно-нравственных ценностей детей”, *Вестник университета Российской академии образования* 2, 14 (Май 2009): 125-126.

Алимбеков, Акматали “Гапыр Мадаминов илим майданында”, *Кутбилим газетасы, (Апрель 2018)*

Алимбеков, Акматали “Кыргызстандын билим берүү майданында Гапыр Мадаминов феномени”, *Кутбилим газетасы , (Октябрь 2018):10*

Алимбеков, Акматали жана Ташпынар, Мехмет. *Окутуунун жалпы методдору.* Бишкек:Кыргыз-Түрк “Манас Университети”, 2004.

Алимбеков, Акматали. “Гапыр агай мектебинин жеңиши жана жемиши.” *“Кут билим”* Март 29, 2023.

Алимбеков, Акматали. “Гапыр агайдай мугалим болгон үчүн дүйнө жарык” *Кутбилим газетасы*, 24 августь 2015

Алимбеков, Акматали. “Теория и практика этнопедагогической подготовки в системе высшего педагогического образования.” автореф.дисс.,док.пед.наук: 2001

Амангелди кызы, Айдай. “Бүгүнкүнүн Дүйшөнү- Гапыр агай. Түпкүрдөгү айылга гимназия ачып, окуучуларына өз колу менен тамак жасап, билим берген мугалимдин баяны.” *Umma.kg*, 29 июль, 2019.

Амангелди, Айдай. “Бүгүнкүнүн Дүйшөнү-Гапыр агай. Түпкүрдөгү айылга гимназия ачып, окуучуларына өз колу менен тамак жасап, билим берген мугалимдин баяны”. *Umma.kg,* Июль 29, 2019

Асанбекова Нурзат, “”Манас” Эпосунда элдик педагогикалык идеялар жана аларды кыргыз тилин окутууда пайдалануу” *Научная электронная библиотека*, 15май 2023

Асанов, Үсөн жана Бекбоев, Исак “Кыргыз педагогикасы” Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору, Бишкек, 2004

Асанова, Гүланда. “Окуучулардын билим жетишкендиктерин баалоо системасы жөнүндө жобо”, *Өндүрүштүк чогулушунда №1 протоколу,* 5сентябрь 2023

Базарбаева, Айнагуль. “Чыгыш менен батыштын алтын көпүрөсү”, *Атажурт газетасы*, 2001-жыл

Байгазиев, Советбек. *Окутуунун жана тарбиялоонун философиясы.* Бишкек:”Алтын тамга” басмаканасы, 2012.

Баласагун, Жусуп. *Кут алчу билим.* Фрунзе:Кыргыз Республикасынын 50 жылдыгы атындагы Кыргызполиграфкомбинаты, 1988.

Батма Абдулхамидова, “Алыскы гимназиядагы билимдин сырдуу дүйнөсү”, *Дил чырак газетасы,* 2003-жыл

Бейшенбеков, Азат. “Мамлекеттик ишмер Исхак Раззаков жөнүндө китеп жарык көрдү”. *super.kg,* Июнь 30, 2020

Быстрова, Наталья. “Компетентность родителей как результат компетентной работы специалистов системы образования,” Хабаровск: *Мир науки, культуры, образования* 4, 29 (Август 2011): 20-24.

Вигман, Светлана. *Педагогикав вопросах и ответах:Учебное пособие*, Россия:ТК Велби Издадельство «проспект», 2004.

Герасимович, Елена. *Педагогическая компетентность родителей как составляющая воспитательного потенциала семьи* Мозырь:МГПУ им.Шамякина, 2017.

Жумалиева, Жекшенбай “Курактык өнүгүү психологиясы.” Бишкек.2008.-185б.

Каденова, Ж. “Бала Манастын патриот болуп калыптанышынын башаты” *ОшМУ Жарчысы,* Ош, 2016, 40-46-бб.

Казиев, Абдыбек. “Гапыр Мадаминов:Ата-эне окумайын, бала окубайт” *BBC.com,* Октябрь 6, 2017.

Комарова, Ирина жана Пойда, Оксана *Феномен осознанного родительства: теоретический и практический аспекты*. Могилев: МГУ имени А. А. Кулешова, 2014.

Коменский Ян, Локк Джон, Руссо Жан-Жак жана Песталоцци Иоганн, *Педагогическое наследие*. Москва: Издательство “Педагогика”, 1989.

Константин Ушинский “Избр.пед.сочинения в 2-х томах”, Москва: Педагогика, 1974, 229 стр

КРнын Конституциясынын Билим Берүү жөнүндөгү мыйзамы. 2010-ж.

Лебедева, Клавдия. “Педагогическая компетентность родителей дошкольников: структура и методики ее измерения в контексте личностного подхода,” Пермь: Современные проблемы науки и образования 6, 84 ( Январь 2015)

Мадаминов, Гапыр. “Азыркы мезгилдеги жаш муундар тарбиясындагы социалдык-психологиялык көйгөйлөр жана аларды чечүүнүн жолдору” *Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университеттин Жарчысы.* (2014)33-36.

Мадаминов, Гапыр. “Айыл Мектептеринде Ата-Энелердин Педагогикалык Маданиятын Өнүктүрүүнүн Педагогикалык Шарттары.” Кандидаттык диссертация, И.Арабаев атындагы КМУ, 2017.

Мадаминов, Гапыр. “Актуальные вопросы развития педагогической культуры радителей” *Известия Кыргызского государственного технического университета им. И. Раззакова* 4, 40 (2016):234-238.

Мадаминов, Гапыр. “Акыл эмгегинин маданиятын пайдалануу аркылуу билим тарбия сапатына жетүү” *Агартуу майданындагы усулдук изденүүлөр жана табылгалар 1-Республикалык усулдук конференциянын материалдары.* Ош, 2017.

Мадаминов, Гапыр. “Ата-энелердин педагогикалык маданиятын өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары.” *Известия ВУЗов* 5, (2018).:24-27.

Мадаминов, Гапыр. “Билим берүүнү демократиялаштыруу мектеп жана жогорку окуу жай кызматташтыгынын жаңы модели И. *Арабаев ат. КМУнун Жарчысы*. (2016):51-51.

Мадаминов, Гапыр. “Жаны социалдык педагогикалык шарттарда билим баалуулугун сактап калуу жана окуучулардын билимге болгон кызыгуусун”, *“Эл агартуу” Бишкек* 1 (1996)

Мадаминов, Гапыр. “Жаш муундун ден соолугун чындоодогу мектеп жана үй-бүлөнүн биргелешкен иши.” *Дени сак муун – руху таза коомдун тиреги. VII-республикалык илимий симпозиум*. 2014.

Мадаминов, Гапыр. “Инсан таануу сабагынын таалим-тарбиялык мааниси” *Кыргыз билим берүү адемиясынын Кабарлары*. (2015):15-18.

Мадаминов, Гапыр. “Лицейлердин окуу процессине карата дифференцирленген мамиле” *И. Арабаев ат. КМУнун Жарчысы* 24 (2016):68-72

Мадаминов, Гапыр. “Мектептеги традициялуу эмес методикалык иштер системасы” Мектеп” (2007):15-17.

Мадаминов, Гапыр. “Педагогическая культура родителей: содержание, компоненты и критерии” *Современная высшая школа: инновационный аспект 2 (* Апрель 2018):50-56.

Мадаминов, Гапыр. “Подготовка школьников для обучения в Международных университетах” *Известия Кыргызского государственного технического университета им. И. Раззакова* 4. 40 (2016):238-244.

Мадаминов, Гапыр. “Сегодняшнее состояние педагогической культуры родителей в сельской местности” *КГТУ им. И. Раззакова*. (2017):185-191.

Мадаминов, Гапыр. “Семейные ценности воспитания – важнейший компонент педагогической культуры родителей” *Известия КГТУ им. И. Раззакова 1,* (2017):179- 185.

Мадаминов, Гапыр. “Сравнение предложений ВУЗов и ожидание работадателей” *Ученый XXI века. Йошкар-Ола 3.* 4 (2017):28-32.

Мадаминов, Гапыр. *Акыл эмгегинин маданияты.* Бишкек: “Билим-компьютер” басмаканасы, 2012.

Мадаминов, Гапыр. *Ата-энелер сиздер үчүн* Бишкек: “Билим-компьютер” басмаканасы, 2018.

Мадаминов, Гапыр. *Ой-өрүшү – кругозор.* Бишкек: “Билим-компьютер” басмаканасы, 2016.

Мадаминов, Гапыр. *Устаттык өнөрү*, Бишкек: “Билим-компьютер” басмаканасы, 2011..

Макаренко Антон. *Книга для родителей* Москва: Педагогика, 1988.

Маметосмон, Гулийпа “Гапыр Мадаминов, Кыргыз Республикасынын Эмгек сиңирген мугалими” *Super.kg* 6-апрель, 2023. https://www.super.kg/article/show/59446

Маметосмон, Гулийпа “Мугалимдин баркын көтөрчү “АГАЙ” сериалы” Super.kg. 10-апрель, 2023 https://www.super.kg/article/show/59374

Миланов, Константин. «Педагогическая Судьба И Учение Жан Жака Руссо” *Вестник Образование России,* Февраль 15, 2023.

Минина, Анна. “Компетентность современных родителей в воспитании самостоятельности у дошкольников” *Московский педагогический государственный университет* 1, 402 (Январь 2014):42-48

Момбекова, Бактыгуль. “Каныбек Иманалиев Гапыр Мадаминовду кеңешчи кылып дайындады” *kaktus.kg,* Март 17, 2023.

Нурматова, Айсулуу. «Энелер мектебинин негиздөөчүсү Гапыр Мадаминов» *Жамааттык ЖМКлардын Бирлиги*, 2 сентябрь 2020

Овчарова Раиса. *Психология родительства: учеб. пособие для студ. высш. учеб. заведений.* Москва: Издательский центр «Академия», 2005.

Павлова, Л. Д. *Формирование у студентов педагогических умений работать с родителями учащихся*автореф.дисс. … канд.пед.наук: 13.00.01 Ленинград., 1975.-20с.

Павлова, Лариса "Формирование у студентов педагогических умений работать с родителями учащихся" ,автореф.дисс. … канд.пед.наук: Ленинград, 1975.-20с. 13.00.01

Песталоцци, И. Г. "Избр. Произв в 3-х т" *Изд-во АПН СССР*,1961, т.1, с.537-542.

Песталоцци, Иоганн. *Профессионализм и гражданственность-важнейшие приоритеты российского образования 21века*. Воронеж: Издательство АПН СССР,1961.

Подольская, Дарья. "В Кыргызстане выйдет сериал "Агай" об известном педагоге Гапыре Мадаминове" 24.kg 16-февраль, 2023 https://24.kg/obschestvo/258675

Рапацевич, Евгений. *Большая современная энциклопедия*, Минск:ИООО "Современное слово", 2005.

Рысмамбетова, Нурайым "Баткендеги кандуу жаңжалда мектебин кайтарган Гапыр агай: ал учурду эстөө оор" Sputnik.kg 5-май, 2021. https://sputnik.kg/20210505/Gapır-mademinovdun-maegi 1052394071.html

Сабырова, Элзада жана Алымбаева, Бермет. "Ата-Энелердин Сабаттуулугун Жогорулатууда Энелер Мектебинин Таасири". *Кыргыз билим берүү академиясынын кабарлары 1, 53 (2021)* *https://izvestia.kao.kg/wp-content/uploads/2021/05/%D0%96%D0%A3%D0%A0%D0%9D%D0%90%D0%9B-%E2%84%961-53-2021.pdf*

Самат кызы Айпери. "Кыргызстандын эгемен мамлекет болгонуна 30 жыл толду" *t-media.kg*, Август 31, 2021.

Сухомлинский, Василий. *О Педагогической культуре родителей.* Москва:Педагогика, 1981.

Ташпынар, Мехмет жана Алимбеков Акматали *Окутуунун жалпы методдору* Бишкек:КТМУ басмаканасы, 2004

Турдубаев, Жолдош. “Уулум адамдар сенден береке тапсын”. *“Кутбилим-сабак” гезити,* Март 28, 2002.

Умарбекова, Анара. "Ата-энелер Менен Мугалимдердин Бирдиктүү Иш Аракеттеринин Мазмуну, Уюштуруу Формалары Жана Каражаттары," Эл агартуу журналы. 7-8, (2011): 27-32.

Умарбекова, Анара. “Айылдык башталгыч мектептин окуучуларынын сөз байлыгын өстүрүүнүн ыкмалары” К.Тыныстанов ат. ЫМУнун Жарчысы 23, (Февраль 2009):230-234.

Умарбекова, Анара. “Башталгыч класстардын билим сапатын көтөрүүдө студенттердин педагогикалык жана методикалык иш аракеттерин уюштуруу*”* *КББА кабарлары*. -№2(14). (2010 Бишкек):72-75.

Умарбекова, Анара. “Башталгыч класстын окуучуларын жазуу маданиятына үйрөтүүдө мугалим менен ата-энелердин бирдиктүү иш аракеттери” Эл агартуу журналы. № 7-8. (2011 Бишкек):33-38.

Умарбекова, Анара. “Баштапкы мектепте окуучулардын эсептөө көндүмдөрүн өнүктүрүү” *Ж.Баласагын ат. Кыргыз улуттук университетинин Жарчысы.* Чыг.3. (2018 Бишкек):319-322

Умарбекова, Анара. *Ата-энелерге кеңеш: методикалык колдонмо.* Бишкек: 2012.

Унсуралмаали, Кайковус. *Кабусназме.* Бишкек: 2009.23-96-101-б.

Флорес Байли, “Билим баалуулугу” *ky.warbletoncouncil.org,* Март 24, 2021.

Eysenbach, Gunther and Christian Köhler, “How do consumers search for and appraise health information on the world wide web? Qualitative study using focus groups, usability tests, and in-depth interviews.” *BMJ: British Medical Journal*, *324*(7337), (March 2002): 573–577. https://doi.org/10.1136/bmj.324.7337.573

“9 бөлүктөн турган Сүлүктү шаардык музейинде ар кандай жанрдыга 1845 сүрөт бар” акыркы жаңылоо 12 ноябрь 2021 http://vzglyadriv.kg/novosti-batkena/24738-9-blktn-turgan-slkt-shaardyk-muzeyinde-ar-kanday-zhanrdagy-1845-srt-bar.html

“Он собирал зерно, чтобы накормить своих учеников. История учителя, которого называют “героем нашего времени” акыркы жаңылоо 10 май 2023 http://ummamag.kg/ru/articles/interview/2581_

“Өлкөнүн түпкүрүндө өзгөчө мектеп куруп, “Алтын сертификаттын” ээлерин, республикалык олимпиаданын жеңүүчүлөрүн тарбиялап келе жаткан тубаса педагог Гапыр Мадаминов”. 6-ноябрь, 2021. **https://limon.kg/ky/news:74440**

“Өлкөнүн түпкүрүндө өзгөчө мектеп куруп, “Алтын сертификаттын” ээлерин, республикалык олимпиаданын жеңүүчүлөрүн тарбиялап келе жаткан тубаса педагог Гапыр Мадаминов”, *limon.kg,* 10 июнь 2021, https://limon.kg/ky/news:74440

“Сериал “Агай” стал вдохновляющим событием” 29 март 2023 https://internews.kg/kontent-grants/serial-agaj-stal-vdohnovlyayushhim-sobytiem/

“Элет мугалими-Гапыр Мадаминов 55 жашта.” 15 август 2013, https://kutbilim.kg/ru/news/inner/ishterman-mugalim-ru/

«Кыргыз Республикасынын билим жана илим кызматкерлеринин кесиптик бирлигинин борбордук комитети» акыркы жаңылоо 8 январь 2023. http://tradeunioned.kg/ru/osnovnyie_razdelyi/profsoyuz_v_regionax/madaminov_Gapır_mamatkulovich.html

«Роль семьи в воспитании ребенка», акыркы жаңылоо 15 май 2023 https://paidagogos.com/rol-semi-v-vospitanii-rebenka.html

Косяков, Дмитрий. “Ян Амос Коменский – основоположник классической педагогики, как науки” акыркы жаңылоо 16 май 2023 https://zaochnik.com/spravochnik/pedagogika/obschie-osnovy-pedagogiki/jan-amos-komenskij/

Mallat, Niina. “Exploring Consumer Adoption of Mobile Payments—A Qualitative Study” *Journal of Strategic Information Systems*, 16, (August 2007):413-432

Malterud, Kirsti. “Qualitative Research: Standards, Challenges, and Guidelines,” *The Lancet* 358, (August 2001):483-488.

Sandelowski, Margarete. “The problem of rigor in qualitative research.” *Advances in Nursing Science, 8*(3), (April 1986): 27–37.

Shenton, Andrew K. “Strategies for ensuring trustworthiness in qualitative research projects”, *Education for Infarmation* 22, no 2, (July 2004):63-75

Bowen, Glenn. ‘Document analysis as a qualitative research method.’ *Qualitative research journal*, 9(2), (2009).

McCRACKEN Grant, ‘The Long Interview’, London: *Sage Publications,* , 1988.

Neuman, Lawrence. ‘Social Research Methods: Qualitative And Quantitative Approaches’ Essex: *Pearson Education Limited*. (2014).

YILDIRIM, Ali ve ŞİMŞEK, ‘Hasan Sosyal Bilimlerde Nitel Araştırma Yöntemleri Güncelleştirilmiş Geliştirilmiş’ Ankara: *Seçkin Yayıncılık* 5, (2005)

YÖK

**РЕЗЮМЕ**

**ЖЕКЕ МААЛЫМАТ**

**Аты, фамилиясы**
**Улуту**
**Туулган күнү жана жери**
**Тел:**
**E-mail**

**БИЛИМИ**

| **Даража** | **Берген уюм** | **Бүтүргөн күнү** |
|---|---|---|
| Магистратура | | |
| Бакалавр | | |
| Орто мектеп | | |

**ЧЕТ ТИЛДЕР**

…………………..

**ПУБЛИКАЦИЯЛАР**

**1.**